Кырг
ХО
А40

АКМАТАЛИЕВ А. А
АКМАТАЛИЕВА Н. А.

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК ТЕОРИЯСЫ

БИШКЕК 2001

АРК

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА
МАДАНИЯТ МИНИСТИРЛИГИ

НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

АКМАТАЛИЕВ А.А.
АКМАТАЛИЕВА Н.А.

# Мамлекет жана укук теориясы

**Жогорку окуу жайлар үчүн окуу-усулдук курал**

Кыргыз Респ-касы Нарын обл. Нарын мамлекеттик университети
Илимий китепканасы
32618/35

ИРБИС

БИШКЕК 2001

ББК 67
А-40

*Нарын Мамлекеттик Университетинин Окумуштуу Кеңешинин чечими менен басууга сунуш кылынды*

**Рецензенттер:**

*Ч.И. Арабаев* юридика илим. кандидаты, юстиц. 3 кл мамл. кеңешчиси, доцент,

*А.Ахметов* юридика илим. кандидаты, доцент

**Акматалиев Алмазбек, Акматалиева Назгүл**

А-40 Мамлекет жана укук теориясы: Жогорку окуу жайлар үчүн окуу-усулдук курал. Б., 2001. -136 б.

ISBN 996720-686-1

Окуу куралда мамлекет жана укук теориясынын негизги принциптери, көйгөйлөрү камтылып, студенттер жана аспиранттар үчүн эң керектүү усулдук аныктамалар, адабияттар, курстук жана дипломдук иштердин негизги темалары берилген.

Юридика факультеттеринин студенттерине жана аспиранттарына арналат

4194
НАЦИОНАЛЬНАЯ
БИБЛИОТЕКА
2005 г.
Кыргызской Республики

А 1201000000-01 ББК 67

ISBN 996720-686-1

Акматалиев А.,
Акматалиева И., 2001

## Кириш сөз

Юридикалык билим тармагында мамлекет жана укук теория негизги методологиялык илим катары аныкталган. Бул илимди окуп билүү жана изилдөө болочок юристер үчүн эң маанилүү Себеби, башка илимдердин методологиялык негиздериндей эле, мамлекеттин жана укуктун теориясы башка тармактык, өзгөчө юридикалык илимдердин *негизи, пайдубалы* деп түшүнүш керек. Башкача айтканда, бул теория, калган бардык юридикалык илимдердин өзүнчө бир философиясын, өзгөчө бир маңызын түзөт десек жаңылышпайбыз. Бул теорияны жакшы өздөштүрмөйүнчө негизги деп эсептелинген граждандык, арбитраждык, кылмыш ж.б.у.с. укуктун тармактарын терең түшүнүү жана изилдөө кыйынчылыкка туураары шексиз.

Мамлекеттин жана укуктун теориясынын негизги максаттары болуп төмөндөгүлөр эсептелинет:

- мамлекеттик-укуктук көрүнүштөр жөнүндө жалпы билимдердин комплексин үйрөтүү;
- мамлекеттин жана укук өзгөчөлүктөрүн белгилеген жана аныктаган негизги категорияларды үйрөнүп билүү;
- жалпы теориялык билимдердин келечектеги практикалык иштер менен айкалышуусун түшүндүрүү;
- «кылмыш», «жаза», «жоопкерчилик» сыяктуу көптөгөн негизги юридикалык атоолор түпкү маңызын, негизги мазмунун түшүндүрүү.

Мамлекет жана укук теориясы бул өзгөчө илим. Бул илимди өздөштүрүүдө бул илимдин фундаменталдык жагдайын, бул илимдин философиялык, экономикалык, политологиялык илимдер менен болгон тыгыз байланышын эске алыш керек.

Мамлекет жана укук теориясы мамлекеттик-укуктук көрүнүштөрдүн пайда болушунун жана онүгүүсүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүгүн изилдейт жана аныктайт Мындан тышкары бул илим бир катар критерийлерди:

- мамлекеттик бийликтин маңызын жана мамлекеттик аппараттын структурасын;
- мамлекеттин ар кандай формаларын жана типтерин;
- коомдун саясий системасында мамлекеттин ордун жана ролун;
- укуктук мамлекеттин негизги түшүнүктөрүн, принциптерин жана маңызын аныктайт.

Бул илимде укук жөнүндө ар кандай ой жүгүртүүлөргө, анын маңызына, пайда болушуна, өнүгүшүнө, укук менен пайдаланууга, укуктан чыккан жоопкерчиликке, укукка негизделген мамлекеттик мыйзамдуулукка өзгөчө көңүл бурулат.

Инсан менен укуктун карым-катнашы, укуктук аң-сезим, укуктук маданият сыяктуу маселелер дагы бул илимдин негизги проблемалары болуп саналат. Мамлекеттин жана укуктун теориясынын дагы бир багыты бул, укуктун негизги принциптерин үйрөтүү, укуктун тышкы

гана көрүнүштөрү эмес, ички, түпкү маңызын, укуктун рухун үйрөтүү, буларды жөн эле түшүнүү эмес, аларды практика жүзүндө пайдалана билүү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында демократиялык, укуктук мамлекет, коом курулуп жаткан кезде жаңы юридикалык аң-сезимди, укуктук маданиятты, улуу жоопкерчиликти калыптандыруу өтө маанилүү. Ушуга байланыштуу мамлекеттин жана укуктун тарыхын жана теориясын терең өздөштүрүп билүү болочок юристердин негизги милдеттеринин бири деп эсептейбиз. Ошондуктан, бул китеп, бул окуу куралы Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын студенттерине, аспиранттарына, илимий кызматкерлерге өз пайдасын тийгизет деп ойлойбуз.

Бул китептин өзгөчөлүгү эмнеде? Биринчиден, кыргыз тилинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары пайдаланылып жазылган юридикалык китептердин эң алгачкы саамалыктарынын бири.

*Экинчиден*, авторлор бул китепте мамлекет менен укук теориясы менен гана чектелбестен, бүгүнкү күндө юридикалык факультеттерин студенттерине эң керектүү информация методологиялык толуктоолор менен жабдылган. Буга лекциялардын, семинарлардын, курстук жана дипломдук иштердин тематикалары, бул тармак боюнча жарык көргөн адабияттар, илимий изилдөөлөр, өзүн-өзү текшерүү үчүн берилген текшерүү суроолор кирет.

Биздин оюбузча, мындай комплекстик окуу куралдын азыркы талапка ылайык мааниси өтө зор жана бул китеп өзүнүн чыныгы окурманын табат деген ойдобуз. Бул китеп мамлекеттик билим стандарттарына ылайык *юриспруденция* багыты боюнча жогорку окуу жайларында окуу куралы катары кеңири пайдаланылат деп ойлойбуз.

**Акматалиев А. А.**
**философия илимдеринин кандидаты,**
**Нарын Мамлекеттик**
**Университетинин ректору**

# 1-БАП. МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК ТЕОРИЯСЫНЫН ПРЕДМЕТИ ЖАНА МЕТОДУ

Мамлекет жана укук теориясынын негизги максаты бул социалдык көрүнүштөрдүн эң маанилүүлөрүнүн бири болгон объективдик билимди бир нукка түшүрүп, аларды систематташтырып түшүндүрүү. Адамзаттын миңдеген жылдык тарыхында мамлекет менен укук өзгөчө бир активдүү социалдык күч жана аракет катары белгиленип келген. Коомдогу болгон ар кандай социалдык САЯСИЙ структуралардын *бири гана* болуп келсе дагы, мамлекет менен укук өзгөчө чоң мааниге ээ болуп келген. Ошондон улам, тарыхый ой жүгүртүү жана изилдөөлөрдүн көпчүлүгүндө коом, мамлекет жана укук деген терминдер өзүнчө бир синоним катары, бир эле түшүнүктү белгилеген терминдер катары бааланып келген.

Бүгүнкү түшүнүк боюнча мамлекет жана укук теориясы бул мамлекеттик-укуктук көрүнүштөрдүн пайда болушун, алардын өнүгүүсүн аныктаган социалдык илим катары изилденип келет.

Эң негизгиси мамлекет жана укук теориясы - коом, укук жана мамлекет проблемаларынын эң *жалпы* негиздерин, эң башкы *маңызын* гана аныктайт Башкача айтканда, майда, бирок маанилүү маселелердин көпчүлүгүн башка юридикалык илимдерге калтырып, мамлекет жана укук теориясы ушул социалдык укуктук көрүнүштөрдүн эң негизги байланыштарын, *эң негизги себептерин*, эң маанилүү *маңызын* көрсөтөт. Мисалы, мамлекет деген эмне? Укук деген эмне? кылмыш деген эмне? сыяктуу жалпы, өтө маанилүү суроолорго жалгыз гана ушул илим негиздүү жооп берет. Ушуга байланыштуу, мамлекет жана укук теориясы терең теориялык философиялык билимге, аныктамаларга, аң-сезимге таянат, бул илимде философиялык категориялар кеңири колдонулат.

Мамлекет жана укук теориясы бул социалдык көрүнүштөрдүн пайда болушун, өнүгүшүн, багыттарын жана функцияларын изилдейт жана аныктайт. Башкача айтканда, бул илим мамлекет менен укукту шарттуу түрдө башка коомдук көрүнүштөрдөн бөлүп алып, алардын карым-катнаштарын изилдейт. Бирок, ошол эле маалда, мамлекет менен укук башка коомдук көрүнүштөр, мисалы, экономика, саясат, мораль маданият ж.б. менен байланышын, алардын бири-бирине болгон таасирин эстен чыгарбайт.

Мамлекет менен укук бул бири-биринен ажырагыс, бири-бирине байланган коомдук көрүнүштөр.

*Мамлекет* укуктук нормаларды пайда кылып, аларды ишке ашырса, *укук* мамлекеттин түзүлүшүн бекемдеп, анын функцияларын, ыйгарым укуктарын аныктап, мамлекеттин саясий бийлик жүргүзүүсүнө шарт түзүп берет. Башкача айтканда, малекет жана укук теориясы *мамлекетти* укуктук жактан, *укукту* болсо мамлекет тараптан изилдейт.

Мамлекет укуктук нормаларды жаратууга кызыкдар жана мажбур. Аларсыз мамлекет өзүнүн саясий үстөмдүгүн көрсөтө албай,

коомдук карым-катнаштарга өз таасирин тийгизе албайт. Мыйзам системасы, адатта коомдун саясий системасынын, анын бийлигинин, пайда болушунун, өнүгүүсүнүн эң негизги, эң маанилүү юридикалык негизи болуп келген. Бекеринен, тарыхта укумдан тукумга өткөн саясий бийликтин ээлери дагы ушул системаны, ушул тартипти юридикалык жол менен, укуктук система аркылуу тийиштүү мыйзамдарды же чечимдерди кабыл алуу аркылуу бекемдеп коюуга умтулган жана аракеттенген эмес.

Башка коомдук илимдер сыяктуу эле, мамлекет жана укук теориясынын *предмети* бир калыпта тура бербейт. Бүгүнкү болуп жаткан коомдогу, биздин өлкөдөгү социалдык революцияга тете өзгөрүүлөр, жаңы эгемендүү мамлекеттердин, анын ичинде Кыргызстандын, пайда болушу, бул илимдин алдына жаңы максаттарды, жаңы суроолорду тартуулабай койбойт.

Совет доорундагы мамлекет жана укук теориясы жалгыз бир Коммунисттик партиянын мамлекеттеги ролун аныктап, изилдеп, бекемдеп жана далилдеп келген. Акыркы он жылдагы саясий окуялар бул теорияны түп тамыры менен өзгөрттү. Ошондуктан, кыргыз юридикалык илиминин алдында эбегейсиз бир чоң проблема турат. Бул Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн укуктук негиздерин аныктоо, анын демократиялык булактарын изилдөө.

Ошондуктан, биздин оюбузча, бул китепте чагылдырылган позиция илимий гана эмес, саясий дагы, тарбиялык дагы мааниге ээ болушу керек. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын экономикалык, саясий, идеологиялык негиздери түп тамыры менен өзгөрүп жаткан кезде, мамлекет жана укук теориясындагы негизги проблемалар катары төмөнкүлөрдү белгилей кетишибиз керек:

- демократия системасынын өнүгүшү, өкүлчүлүк бийликтин түзүлүшү жана бекемдөөсү;
- адам укуктарын камсыз кылуу механизмдерин изилдөө;
- укук системасын өркүндөтүү, азыркы мыйзамдарды изилдөө жана турмуш талабына ылайыктуу жакшыртуу;
- коомдогу тартипти, закондуулукту чыңдоо механизмдерин изилдөө;
- мамлекет менен граждандык коомдун карым-катнаштарын изилдөө жана алардын демократиялык негиздерин аныктоо;
- коомдук, саясий-экономикалык өзгөрүү процессиндеги мамлекеттин жана граждандардын бири-бирине болгон жоопкерчилигин, алардын кызматташуусунун негиздерин аныктоо.

## 2. Мамлекет жана укук теориясынын методдору

Улуу француз философу Френсис Бекон методду жарык берген шамга салыштырып, колунда шамы бар аксак адам дагы шамы жок соо адамдан түн ичинде ашып кетет деген экен. Башкача айтканда, «метод» деген сөз, бул жерде билим-түшүнүүнүн бир маанилүү ыкмасы катары каралат. Изилдөө түшүнүү процессинин ийгиликтүү, натыйжалуу болушунун эң бир чоң өбөлгөсү. Ал ошол изилдөө процессинде тандап алынган *ыкма, жол*.

Совет доорундагы марксистик лениндик укук теориясы башка теорияларды түп тамыры менен кабыл албай келип, алардын жүйөлүү да, жүйөсүз дагы жагын соккуга, сынга ала берип, өзүнүн өнүгүшүнө балта чаап алды десек жаңылышпайбыз. Марксистик-лениндик укук теориясында одоно утопистик жана эскирген, турмуштун чындыгына дал келбеген принциптер менен бирге эле, дүйнөлүк коомдук илимге кошкон чыныгы жетишкендиктер, саамалыктар дагы болгонун биз танууга укугубуз жок. Мисалы, бул илимдин маңызын түзгөн социалдык калыстык, элдик бийлик, эмгектик мораль, коллективдүүлүк сыяктуу илимий идеялар бүгүн дагы өзүнүн актуалдуулугун жогото элек жана бул багытта изилдөөлөр дагы тереңделиш керек деп эсептейбиз.

Бүгүнкү күндө ар бир изилдөөчү метод тандоодо кайсы бир деңгээлдеги эркиндикке ээ. Бул маселеде бир гана талап болуш керек – *илимий чындык*.

Мамлекет жана укук теориясы коомдук илим катары өзү аныктап чыккан методдор менен бирге, коомдук илимдерге *жалпы тиешеси* бар методдорду дагы кеңири пайдаланат.

**Материалистик метод.** Буга ылайык, мамлекеттин жана укуктун түпкү маңызы, анын өнүгүү багыттары акыры жүрүп *экономикага* такалат.

**Диалектикалык метод.** Бул метод мамлекет жана укуктун маңызын түшүнүү үчүн бул көрүнүштөрдүн *өнүгүү, өсүү* принциптерин изилдеш керек дегенди билдирет. Мында, философия илимдеринин эң бир маанилүүсү болуп келген *диалектикада* орун алган, изилденген *сандын сапатка айланышы, карама-каршылыктардын күрөшү жана биримдиги, жокко чыгарууну кайра жокко чыгаруу (отрицание отрицания)* сыяктуу методдор кеңири колдонулат.

**Абстракциядан конкреттүүлүккө түшүү жана конкреттүүлүктөн абстракцияга чыгуу методу.** Мисалы, «мамлекеттин формасы» деген түшүнүк бул абстракция, турмуштан эмес, адамдын аң-сезиминде гана орун алган нерсе. Бирок, бул абстрактуу түшүнүк нака конкреттүү «башкаруу формасы» жана «мамлекеттик түзүлүштөрдүн формасы» деген түшүнүктөр аркылуу аныкталат, маңызы өзгөрүлөт, толот.

**Изилдөөнүн, түшүнүн билүүнүн системалык методу.** Бул методдун маңызын түзгөн принцип кандай гана коомдук көрүнүш болбосун, аны ошол коомдогу башка көрүнүштөр менен бирге, чогуу, бир системадай

изилдеш керек. Бул принцип мамлекет жана укук теориясына дагы толугу менен тийиштүү

Бул жалпы илимдик методдор менен бирдикте, мамлекет жана укук теориясы *өзгөчө, атайын* илим методдорун (специальные и частнонаучные методы) дагы кеңири колдонот.

***Формалдык юридикалык метод.*** Укуктук нормалардын ички структурасын, алардын формаларын (булактарын) юридикалык техниканы ж. б. нерселерди изилдөө бул ушул методдун мисалдары.

***Тарыхый салыштырмоо методу.*** Ар кандай мамлекеттердин, ар кайсы тарыхый этаптардын мамлекеттик укуктук системаларын салыштыруу.

***Конкреттик социологиялык метод.*** Социологиялык изилдөөлөр, анын ичинде анкета жүргүзүү, сурап чыгуу, коомдук пикирди изилдөө сыяктуу ыкмалар мамлекет жана укук теориясынын өнүгүүсүнө чоң өбөлгө түзөт.

## 3. Мамлекет жана укук теориясынын функциялары

Мамлекет жана укук теориясы бул өзгөчө фундаменталдык, теоретикалык илим. Фундаменталдык илим катары ал бир нече маанилүү функцияларды аткарат.

**Онтологиялык функция**. Онтология деген сөздү бар болуунун, өмүр сүрүүнүн маңызын изилдеген философиялык илим деп түшүнүш керек. Бул функцияны аткарууда, мамлекет жана укук теориясы башка юридикалык илимдер жооп бере албаган «Мамлекет деген эмне?», «Укук деген эмне?» деген сыяктуу философиялык суроолорго жооп издейт. Ушул суроолорго мамлекет жана укук теориясы жооп тапкандыгы үчүн гана калган юридикалык илимдер бар болуп, өмүр сүрүп, өнүгүп-өсүп келет. Бул суроолорго жооп табылбаганда, калган юридикалык илимдердин (кылмыш-жаза укугу, граждандык укук ж. б.) пайда болушу, өнүгүшү күмөн туудурмак.

**Гносеологиялык (гаанын билүү) функциясы**. Мамлекет жана укук теориясы юридикалык көрүнүштөрдүн бардыгынын изилдөө процессине теориялык негиз түзүп берет.

**Эвристикалык функция (ойлоп табуу, ачуу функциясы)**. Мамлекет жана укук теориясы коомдук өнүгүүнүн жаңы принциптерин ойлоп табууга өбөлгө түзөт.

**Методологиялык функция**. Фундаменталдык илим катары мамлекет жана укук теориясы башка юридикалык илимдеринин методу катары колдонулат, ал илимдердин өнүгүү деңгээлин, алардын теориялык жана логикалык биримдүүлүгүн аныктайт.

**Саясий-башкаруу функциясы**. Мамлекет менен укуктун тегерегинде эзелтеден айыгышкан саясий күрөштөр орун алып келген. Саясий бийликке келген коомдук күч, калган маселелерди дагы толугу менен чечүүгө укуктуу болуп калышы жашыруун деле эмес. Мамлекеттик

башкаруунун илимий негиздерин, мамлекеттик тышкы жана ички саясаттын негизги принциптерин аныктоо менен, мамлекет жана укук теориясы бул функцияны аткарат.

**Идеологиялык функция**. Мамлекет жана укук теориясы негизги юридикалык принциптердин, көз караштардын, идеялардын маанызын аныктайт. Жыйынтыгында, адамдардын укуктук аң-сезими, укуктук маданияты өзгөрөт, акыры бул процесс алардын жүрүм-турумдарынын багытына, маанызына таасир тийгизет.

Албетте, мамлекеттин жана укуктун бул функциялары бири-бири менен тыгыз байланышкан, бири-бирине таасир кылат. Ар кандай мамлекетте бул функциялардын кээ бирөөлөрү жакшы өнүгүп, үстөмдүк кылышы мүмкүн. Ошол эле маалда, бир эле мамлекеттин тарыхында ар кайсы функциялар ар кандайча өнүгүп, коомдук турмушта ар кандай ролду ойноонгу дагы мүмкүн.

**Суроолор**

1. Мамлекеттин жана укуктун теориясынын предмети деп эмнени айтабыз?
2. Бүгүнкү Кыргызстандын шартында мамлекет жана укук теориясынын алдында кандай негизги проблемалар турат?
3. Мамлекет жана укук теориясы кандай илимий методдорду колдонот?
4. Мамлекет жана укук теориясынын кандай функцияларын билесиз?

## 2 БАП. МАМЛЕКЕТ МЕНЕН УКУКТУН ПАЙДА БОЛУШУ

### 1. Мамлекетке чейинки тарыхый аралыктагы коомдук бийликтин жалпы мазмуну

Коом жана мамлекет деген терминдерди айра билиш зарыл. Коом мамлекеттен *мурун* пайда болгону – бул тарыхый чындык. Мисалы, адам коомчулугу 3-4,5 миллион жыл мурда пайда болсо, мамлекеттин биринчи көрүнүштөрү 5-6 миң жыл мурун гана пайда болгону анык.

Мамлекет пайда болгонго чейинки адам коомчулугунун бийлик системасынын өзгөчөлүгү эмнеде?

1) бийлик бир-эки уруунун гана чөйрөсүн камтып, ошол уруунун социалдык эркине байланып, тууган – уруктун гана ички мамилелерин аныктаган;
2) бийлик негизинен өзүн-өзү башкаруудан өтө алган эмес. Ал байыркы демократияга негизделген. Башкача айтканда, бийлик менен коомдун ортосунда айырма болгон эмес, алар бөлүнгөн эмес.
3) бийлик органдары катары уруунун жалпы чогулушу, аксакалдар, аскер башчылары болуп, алар байыркы коомдун эң негизги маселелерин толугу менен чечип келишкен.

Мамлекетке чейинки коомчулуктун карым-катнаштары кандай нормалар менен аныкталып келген:

- 1. Байыркы коомдун карым-катнаштары негизинен үрп-адаттар аркылуу тейленип келген.
- 2. Ал нормалар жазуу түрүндө эмес, ар бир адамдын, уруунун аң-сезиминде орун алып, өнүгүп-өсүп келген.
- 3. Ал нормаларды ишке ашырыш негизинен көнүмүш аркылуу болгон. Андан тышкары үгүттөө жана мажбурлоо (уруудан кууп чыгаруу коркунучу аркылуу) ыкмалары дагы кеңири колдонулган.
- 4. Карым-катнаштын эң негизги ыкмасы катары *болтурбоо* (запрет) принциби болгон. Мисалы: уурдоо *болбойт*, жакын тууганына үйлөнүү *болбойт* жана башка, ушул сыяктуу «болбойт» деген нерселер. Ушуга байланыштуу, биз азыркы түшүнүктөгүдөй укук жана жоопкерчилик системасы жокко эсе болчу.
- 5. Бул нормалар уруунун бардык мүчөлөрүнүн чыныгы кызыкчылыгын тегиз көздөп келген.

## 2. Мамлекеттин пайда болушунун себептери жана формалары

**Мамлекет** – бул коомдун саясий системасында орун алган бийликтин түзүлүшүнүн негизги ыкмасы, өзүнчө жана өзгөчө саясий структура (түзүлүш).

Мамлекеттин пайда болушу жөнүндө ар кандай, кээде бири-бирине карама-каршы келген, теориялар жана тарыхый маалыматтар бар. Ошого ылайык, бул маселе боюнча бүгүнкү күнгө чейин көпчүлүк макул болгон бир пикир жок десек туура болот.

Ошол үчүн бүгүнкү күндө мамлекеттин пайда болушу боюнча ар кандай теориялар өмүр сүрүп келе жатат. Алардын арасына кудай тааланы негизги себеп кылган *диний* (теологиялык) теория, акыл-эске, аң-сезимге басымдык кылган келишим (договор) теория, адамдын психикасын бийик көтөргөн психологиялык теория, биологиялык себептерди биринчи ирээтке койгон органикалык, саясий-экономикалык себептерге таянган материалистик теория, саясий-аскер себептерин далил катары кармаган зомбулдук (насилие) теорияларын кошсок болот.

Мамлекеттин пайда болушу – бул өтө чоң тарыхый аралыкты ээлеп, дүйнөнүн ар кайсы тарабында, ар кайсы элде өзүнчө, өзгөчө жол-ыкмага баш ийген ири процесс. Окумуштуулар бөлгөндөй, бул тарыхый процессте 2 ыкма-жол аныкталып отурат: *биринчиси – азиат же чыгыш өлкөлөрүнүн жолу* (Египет, Вавилон, Кытай, Индия ж. б., *экинчиси батыш өлкөлөрүнүн жолу* (Афины, Рим).

Бул эки тарыхый жолдун (ыкманын) бөлүнүшү ошол конкреттүү мамлекеттердеги экономикалык карым-катнашка байланыштуу. *Азиат (чыгыш)* жолунун өзгөчөлүктөрү, бул – жерге болгон *коомдук* менчик, *коомдук* аң-сезим, ошого байланган *коомдук* аң-сезим жана карым-катнаш.

*Азият* (чыгыш) жолунун тарыхый маңызы, себеби эмнеде?
1) Коомдук ишмердүүлүк бара–бара саясий бийликке алып келген.
2) Географиялык өзгөчөлүктөр, башкача, айтканда, бул жолго түшкөн мамлекеттердин негизги экономикалык байлыгы – бул өтө чоң территорияларда сугат иштерин жүргүзүүдө болгон. Ушундан улам, бул коомдордо ири масштабдагы ирригация (суу чарба) жүргүзүү боюнча коомдук иштерди жүргүзүү мажбурлугу пайда болгон (канал салуу, арык чабуу ж. б.).
3) Жер – коомдук менчик.
4) Бийликтин негизги булагын жер байлыктын өзү эмес, аларды *башкаруу* болуп келген.
5) Бийлик диндештирилген, башкача айтканда, бул бийлик кудайдан деп аныкталган.
6) Ири масштабдагы коомдук иштер өтө чоң элдик массаларды жана зор территорияларды бириктирүүгө алып келген.
7) Ушулардан улам көп масса элди бир борбордон бийлөө мажбурлугу чыккан.

*Европа* же батыш жол – ыкмасынын эң негизги себептери:
1. Жерге, малга, кулдарга болгон *жеке менчиктин* өтө интенсивдүү жол менен пайда болушу.
2. Бара–бара жеке менчик экономикалык үстөмдүктүн, колунда бар таптарды түзүүнүн чоң өбөлгөсү болуп, негизги пайдубалын орноткон.
3. Андан кийин бай адамдар коомдук–саясий бийликке келип, ал бийликти өздөрүнүн кызыкчылыгын коргогонго жаҺа көздөгөнгө пайдалана баштаашкан.

Европа же батыш жолунун классикалык мисалы катары Афины мамлекетин мисалга алсак болот. Бул мамлекеттин пайда болушунун негизги себептери бул социалдык таптардын түздөн–түз уруулук системадан суурулуп чыккандыгы. Байыркы Римдеги мамлекеттин түзүлүшүндө болсо римдик уруулардан тышкаркы, эч экономикалык жана саясий укуктарга ээ болбой калган *плебейлердин* уруулук ак сөөктөр деп эсептелген *патрицийлерге* каршы күрөшү тездетүүчү фактордун ролун ойногон.

## 3. Мамлекеттин пайда болушунун негизги теориялары

### Дин (теология) теориясы

(*Орто кылымдагы ойчул Фома Аквинский, ислам теориялары, азыркы католик чиркөөлөрүнүн ишмерлери*).

*Негизги идеялары:*

I. Мамлекет – бул Кудай Тааланын жаратканы, анын бийлиги жана эрки. Ошол үчүн, ар бир инсан Кудайга баш ийген сыяктуу эле, мамлекетке баш ийиш керек. Бул бийлик чексиз, мезгилсиз, жана өзгөрүлгүс.

II. Кудай Тааланын эрки жана бийлиги диний кызматкерлери аркылуу ишке ашырылат жана өнүгөт. Ошол үчүн мамлекеттеги эң бийик диний кызматкер ошол эле убакта мамлекеттин башчысынын милдетин аткарыш керек (Мисалы, Рим Папасы, аятолла Хомейни ж. б.).

Бул теория өтө жөнөкөй, мында эч татаал нерсе жок. Бул теорияга далилдин дагы кереги жок, бул теорияга ишениш гана керек. Бекеринен «Алла Тааланы көзүң менен көрбөсөң дагы, жүрөгүң менен тут» деген сөз чыккан эмес болуш керек. Бул теория боюнча алдуу менен алсыздын, бай менен жакырдын, укугу бар менен укугу жоктун карым катнашы, пайда болушу, өнүгүшү мунун баары Кудайдын буйругу, буга көнүш жана баш ийиш керек.

**Патриархалдык теория**

*(Негизги окуудору Аристотель, Фильмер, орус окумуштуусу Михайловский)* бул теориянын эң негизги маңызы: мамлекет урпактардан урпактарга онүгүп өсүп бара жаткан *үй бүлөнүн уландысы* деп аныкталат.

Ушундан улам *падышанын бийлиги* үй-бүлөдөгү атанын бийлигине тете болуш керек. Башкача айтканда - бул бийлик:

1. Чексиз (атанын сөзүн үй-бүлөдө эч ким эки дебеши керек, аны так жана убагында, талкуулоосуз аткарыш керек.

   Мезгилсиз (ар бир үй-бүлөдөгү атадай эле *падыша* шайланбайт, дайындалбайт жана үй-бүлөнүн мүчөлөрү аркылуу тактан түшүрүлүшү мүмкүн эмес).

Мындай мамлекеттеги ар бир инсандын укугу, келечеги, жашоо деңгээли «атанын» жакшы көз карашына, анын адамкерчилигине, аёо сезимине, боорукерлигине гана байланыштуу болот.

Бирок, азыркы илимдин жетишкендиктерин эске алсак, анда, бул теориянын өтө жүйөлүү жетишпегендиктери көрүнүп турат. *Биринчиден*, байыркы үй–бүлө байыркы коом урап бараткан кезде, мамлекет менен *кошо, бир убакта* пайда болгону жашыруун эмес. *Экинчиден*, эл көбөйгөн, мамлекет өнүккөн сайын туугандык мамилелер азайып, акыры анча туруктуу эмес байланышка айланаарын тарых өзү далилдеп отурат.

**Келишим (договор) теориясы.**

Бул теория XVII – XVIII кылымдарда пайда болгон жана өзүнүн классикалык формасында *Гроций, Руссо, Гоббс, Спиноза, Радищев* сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган.

Бул теориянын негизги маңызын мындай түшүнсө болот:

1. Ар бир адамдын Кудай Тааладан, Улуу Табийкаттан алган «табигый» укуктары болот.
2. Коом өнүгүп, социалдык–экономикалык акыбал татаалдаша баштаганда, бир топтун, же бир жеке адамдын укугу башка топтун, же башка жеке адамдын укугуна карама–каршы келип, чыр-чатак, коомдогу коркунуч туулат. Зомбулук пайда болот, алдуу алсызды багындырат.

Коомдук турмушту кайра бир нукка салыш үчүн, коомдогу карым-катнаштарды жөнгө салып, ар бир адамдын укугун жана жоопкерчилигин аныкташ үчүн, адамдар бири бири менен келишим түзүшөт. Бул келишим менен *мамлекет* түзүлөт.

4. Адамдар, Кудай Тааладан алган эркиндиктеринин, укуктарынын белгилүү бир өлчөмдөгү бөлүгүн атайылап, өз ыктыяры менен *мамлекетке өткөзүп берет.*

5. Натыйжада, мамлекет (бийлик) менен ар бир адамдын, коомдук топтун ортосунда бири бирине болгон бирдиктүү укук жана жоопкерчилик системасы түзүлөт, мамлекет менен эл бири-бирин көзөмөлдөйт. Мисалы: мамлекет мыйзам чыгарууга, налог чогултууга, кылмышкерлерди жазалаганга укук алат. Ошол эле маалда, мамлекет өзүнүн жоопкерчилигине мамлекеттин территориясын коргоого, өзүнүн граждандарынын укуктарын, алардын менчигин коргоого милдеттенет.

Ошентип, кыскартып айтканда, мамлекет менен ар бир адам саясий келишимге келишип, мамлекеттин пайда болушуна өбөлгө түзүшөт. Башка, мисалы, ошол эле патриархалдык теорияларга караганда, сөзсүз түрдө, келишим теориясы төөлүк өйдө экени, чындыкка жакын экени билинип турат. Бирок, бул теория деле толук эмес, кээ бир объективдүү, өзгөчө экономикалык, шарттарды эске албагандыгы менен айырмаланат.

***Зомбулук (насилие) теориясы.***

Бул теория XIX кылымда пайда болуп, аны *Дюринг, Гумплович, Каутский* сыяктуу окумуштуулар изилдеп чыккан.

Мамлекеттин пайда болушунун эң негизги себеби катары, бул теория экономикалык жол башкы себепкер эмес деп эсептейт. Эң негизги себеп бул *саясий аскер фактору.* Башкача айтканда, бир уруу же эл, башка коңшуна элди зомбулук менен басып алып, аларды багындырып, кул кылып келген. Ушундан улам *мамлекет* пайда болгон. Басып алган элди башкарыш үчүн армия түзүлөт, алардан кун чогултуш үчүн атайын адамдар даярдалат, натыйжада мамлекет жана мамлекеттик аппарат түзүлөт. Башкача айтканда, мамлекеттин пайда болушу коомдун өнүгүүсүнүн *ички* мыйзам ченемдерине баш ийбейт. Анын негизги себеби тышкы, аскердик, зомбулук, басып алуу себептери.

Бул теория дагы өзүнчө көңүл буруууга, кээ бир нерселери менен макул болууга татыктуу теория. Тарых көрсөткөндөй, аскердик фактор, зомбулук менен басып алуу жагдайларын дагы жөн эле жокко чыгарып, четке кагуу болбогон иш.

Бирок, бир эл экинчи элди басып алыш үчүн, биринчи эл экинчи элден *күчтүүрөөк* болуш керек, курал жарагы дагы күчтүүрөөк, материалдык базасы дагы бийигирээк болушу зарыл. А, бул нерселердин баары бир себепке - экономикалык себепке келип такалаары шексиз.

**Органикалык теория.**

Аталган теория XIX кылымдын экинчи жарымында кеңири кулач жайып, өзгөчө *Спенсер, Вормса, Прейстердин* эмгектеринде

чагылдырылган. Бул теориянын пайда болушуна эң чоң таасирин тийгизген ошол кезде пайда болгон, табияттын өнүгүүсүнө революциялык көз караш киргизген Чарльз Дарвиндин теориясы болгон.

Бул теория боюнча, мамлекет деген тирүү организмге окшош, тете көрүнүш. Биологиялык эволюциядан (өнүгүүдөн) кийин социалдык эволюция пайда болот да, кийин мамлекет пайда болот. Мамлекетти, башка биологиялык заттардай эле *мээ* башкарат. Мамлекеттин мээси – бул бийлик органдары. «Мээнин» буйруктарын аткаруучу өзүнчө органдар пайда болот, мисалы армия, түрмөлөр, ал буйруктарга баш ийген орган – бул карапайым эл.

Биологиялык заттардын өнгүүсүндөй эле, чыйрагыраак мамлекеттер тарыхта калат, алсыздар өтүп кетет.

**Материалистик теория.**

Бул теория негизинен XIX кылымда пайда болуп, анын илимий изилдөөчүлөрү болуп *К. Маркс, Ф. Энгельс, В.И. Ленин* эсептелинет. Аталган теорияга ылайык, мамлекет пайда болуп өнүгүшүнүн негизги себеби бул *социалдык–экономикалык себептер.*

Мамлекеттин пайда болушуна түрткү болгон негизги себептер:

**1.** Коомдук эмгектин бөлүнүшү. Башкача айтканда *талаачылык, мал чарбачылык* жана *соодагерлик* ар-бири өзүнчө тармак болуп бөлүнөт. Бул бөлүнүүнүн эң негизги жыйынтыгы - өндүрүш куралдары жана күчтөрү кескин түрдө өсүп, *ашыкча өндүрүш пайда болот.*

**2.** Ашыкча өндүрүлгөн продукция, бул кайсы бир уруунун күнүмдүк муктаждыгынан тышкары өндүрүлгөн продукция. Муну өндүрүш үчүн сөзсүз түрдө өндүрүш куралдары өнүгүш керек болчу, ошол элдин аң-сезими, ишмердүүлүгү, өндүрүш ыкмалары кыйла өсүш керек. Ушулардын негизинде гана *ашыкча өндүрүлгөн продукция пайда болот.*

**3.** Ашыкча өндүрүлгөн продукция – бул жеке менчиктин пайда болушуна, мамлекеттин, өзүнчө коомдук таптардын пайда болушуна негизги түрткү болгон. Ошол ашыкча продукцияны кайтаруу, бөлүштүрүү, андан ары көбөйтүү сыяктуу маселелердин тегерегинде өзгөчө бир коомдук мамилелер түзүлө баштайт жана өзүнчө, *өзүлөрү эчтеке өндүрбөгөн*, бирок өндүрүлгөн продукцияны, өзгөчө ашыкча продукцияны, кайтаруу, жеткирүү, бөлүштүрүү, көзөмөлдөө сыяктуу иштер менен гана алек болгон атайын катмар пайда болот. Бул болочок таптардын негизин түзгөн.

**4.** Ашыкча продукция акыры жеке менчикке алып келип, байыркы коом колунда бар жана колунда жок социалдык таптарга бөлүнөт.

**5.** Бай адамдар өзүлөрүнүн кызыкчылыгын коргоо учун *коомдук бийлик* түзүүгө умтулат. Мунун натыйжасында бай адамдардын *экономикалык байлыгы жана бийлиги* бара–бара *юридикалык, укуктук* бийликке айланып, натыйжада мамлекет пайда болот.

Бул теориянын эң негизги корутундусу – ким *байлыкка* ээ болсо, ал сөзсүз түрдө *бийликке* келет. Башкача айтканда, байлык ээси – бийлик ээси.

Бара-бара бийлик ээлеринин функциялары жана саны көбөйөт, аларды багыш үчүн элге налог салынат. Налогду чогултуш үчүн дагы бир бийлик ээлеринин катмары түзүлөт. Натыйжада, өздөрү материалдык байлык өндүрбөгөн, бирок ошол коомдогу карым-катнашты көзөмөлдөгөн, тескеген, кайтарган, бөлүштүргөн өзүнчө *бир коомдук топ* пайда болот. Буга соттор, армия, налогчулар, коомдук тартиптин сакчылары, бийлик ээлери жана башкалар кирет. Эң негизгиси ушул таптар гана *мамлекеттин атынан* сүйлөйт жана кыймыл-аракет кылат. *Ошентип*, бул теорияга ылайык, мамлекеттин пайда болушу негизинен бир коомдук таптын бийлигин коргоо, сактоо максатында, жана коом чоң соккуларга учурабай, стабилдүү өнүгүү максатында пайда болот жана өнүгөт.

**Психологиялык теория**.

Бул теорияны XIX кылымда *Петражицкий, Тард, Фрейд* сыяктуу окумуштуулар негиздеген. Негизги принциптери:

1. Адамдардын арасында эрки күчтүү жана эрки чабал адамдар болот. Эрки күчтүүлөр психологиялык жактан үстөмдүк кылып, бийликке умтулат, калгандарды баш ийдирет. Эрки чабал адамдар тескерисинче баш ийгенге даяр болот, алардан демилге чыкпайт. Алардын негизги милдети - баш ийип берүү, айтканды жасоо, тууроо. Ушунун арты менен бийлик пайда болот. Бирөөлөр бийлейт, башкалар баш ийет. Ушинтип мамлекет пайда болот

2. Бийликтегилердин аброюн көтөрүш үчүн атайын көз ачыктардын, даанышмандардын, табыптардын кызматы түзүлөт.

3. Мамлекеттин пайда болушунун себептери адамдын гана аң-сезиминде, анын психологиясында. Көбүнчө адамдар баш ийгенге даяр. Ошолорду башкаруу үчүн бийлик жана мамлекет түзүлөт.

## 4. Байыркы коомдогу бийлик менен мамлекеттин салыштырмалуу негизги белгилери

*Мамлекет* бул кайсы бир территорияда конкреттүү коомдук таптардын (класстар, улуттар, диний ж. б.) негизги кызыкчылыктарын коргоо жана ишке ашыруу үчүн атайын аныкталган саясий бийликтин түзүлүшү.

Байыркы, мамлекетке чейинки адам коомунда деле бийлик системасы бар болгон. Бирок мамлекеттик бийлик байыркы бийликтен бир топ чоң өзгөчөлүктөр менен айырмаланат:

- Мамлекетте сөзсүз түрдө *коомдук (ортолук)* бийлик пайда болот. Бул бийлик калган элден өзгөчө *болуунуп* турат. Бул бийликке негизинен башкаруу жана мажбурлоо (насилие, принуждение) аппараттары

кирет. Мисалы: армия, полиция, түрмөлөр, мамлекеттик чиновниктер.

- Налог жана башка жыйымдардын системасы. Бул система өзүнчө бир саясатты көздөйт жана мамлекеттик аппаратты кармоого (багууга) багытталат.
- Уруулук бөлүнүү эмес, *территориалдык бөлүнүү*. Мамлекет территориясы менен бөлүнөт, ал территорияда ар кандай уруулардын өкүлдөрү болушу мыйзам ченемдүү.
- Мамлекеттик *укук* системасынын пайда болушу. Эгер, байыркы уруулар негизинен кагазга түшүрүлбөгөн, оозеки өнүккөн үрп адаттар менен башкарылып келсе, мамлекет сөзсүз түрдө укук системасын түзөт. Буга закондор, указдар, токтомдор жана башка жазуу түрүндө берилген нормативдик актылар кирет. бул нормативдик актылардын өзүнчө системасы пайда болот, ал система өнүгөт, өсөт.
- Мамлекеттин күчү *жалгыз* гана мамлекеттик аппаратка тийиштүү *мажбурлоо* системасында. Адамды сактоо, эркинен ажыратуу, өтө чоң кылмышка барса, керек болсо өлүм жазасына тартуу сыяктуу официалдуу чаралар мамлекетке гана таандык.
- Эгемендүүлүк. Башкача айтканда, мамлекеттин ички турмушун ошол гана мамлекеттин мыйзамдары аныктай алат. Башка мамлекеттер өзүнүн эркин байлап таңууга укугу жок.
- Мамлекет гана ошол мамлекттин бардык граждандары сөзсүз түрдө аткаруучу мыйзамдарды чыгарууга укуктуу. Башка, бир дагы орган мындай укукка ээ эмес.

## 5. Эгемендүүлүк – мамлекеттин эң негизги белгиси

*Эгемендүүлүк* бул мамлекетке таандык өзүнүн аймагындагы (территория) үстөмдүгү жана эл аралык карым-катнашдагы эркиндиги (күнкорсуздугу). Ар бир коомдо бийликтин ар кандай түрлөрү болушу мумкун. Мисалы, партиялык бийлик, диний бийлик, үй-бүлөдөгү бийлик. Бирок, жалгыз гана *мамлекеттик бийликтин* чечимдери ошол мамлекеттин бардык граждандарына, уюмдарына, ишканаларына таандык жана алар тараптан сөзсүз түрдө аткарылышы керек. Өзүнүн аймагында ар бир мамлекет *жогорку* бийликке ээ болот, себеби, башка мамлекеттер менен кандай карым-катнаш түзүлөөрүн мамлекет өзү чечет. Ошол эле маалда башка мамлекеттер, ал мамлекеттин ички иштерине кийлигишүүгө укугу жок.

Ар бир мамлекет элинин санына, аймагынын чоң-кичинесине, саясий режимине карабай, эгемендүүлүккө ээ болот. Мамлекеттик бийликтин *эң жогоркулугу* төмөндөгүнү билдирет:

- ал бийликтин бардык граждандарга жана социалдык топторго тийиштүүлүгүндө;

- жалгыз гана мамлекет ар кандай мажбурлоо ыкмаларын (мунун ичинде аскер, полиция (милиция) жолдору да бар) колдонууга укугу бар;
- бийликтин мүмкүнчүлүктөрүн жалгыз гана мамлекет юридикалык жолдору менен ишке ашыра алат. Мында, мыйзам чыгаруу, мыйзамды колдонуу, мыйзамды коргоо ыкмаларын белгилеп кетсек болот.
- жалгыз гана мамлекет саясаттын башка субъектилеринин чечимдерин жокко чыгарганга укугу бар.

Эгемендүүлүктүн *экономикалык* негизи болуп өзүнүн аймагын тейлөө, өз менчигин аныктоо жана тейлөө, өз маданиятын түзүү жана өнүктүрүү болуп эсептелет.

Эгемендүүлүктүн *саясий* негизин стабилдешилген, саясий системасы өнүккөн мамлекет түзөт.

*Эгемендүүлүктүн укуктук* негизин, ал мамлекеттин конституциясы, мыйзам системасы, эл аралык укуктары, декларациялар түзөт.

Эгемендүүлүк бул мамлекеттин негизги белгиси. Эгемендүү мамлекет гана эл аралык, мамлекет аралык саясий карым-катнаштарга толук субъект катары катыша алат.

## 6. Укуктун пайда болушунун өзгөчөлүктөрү

Социалдык көрүнүш, коомдук институт катары укук мамлекет менен бирге, бир убакта пайда болот. Себеби, мамлекет менен укук бири-биринин дараметин күчөтөт, бири-бирисиз өмүр сүрө албайт. Мамлекет укугу жок жашай албайт, себеби, укук ошол мамлекеттин саясий максаттарын ашырууга эң чоң өбөлгө болот, мамлекеттин саясий түзүлүшүн, бийликтин күчтүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн аныктайт.

Ошол эле убакта, укук мамлекети жок пайда болушу жана өнүгүшү мүмкүн эмес. Себеби, укукту мамлекет жаратат, аны ишке ашырат, өнүктүрөт, жокко чыгарат.

Адам коомунун тарыхында социалдык карым-катнаштарды жөнгө салуу боюнча 3 ыкма (метод) өмүр сүрүп келген:

1. Элдик үрп-адаттар.
2. Коомдук мораль.
3. Укуктук-нормативдик актылардын системасы.

Ар бир эл, ар бир мамлекет өзүнүн пайда болушунда жана өнүгүшүндө ушул 3 этапты басып өткөн. Урп-адаттар – бул негизинен байыркы заманда, мамлекетке чейинки коомдо негизги ролду ойноп келген. Кийинчерээк коомдук мораль, мамлекеттер пайда болоору менен, укуктук-нормативдик система үстөмдүк кыла баштаган. Бирок, бүгүнкү күнү дагы, ар бир мамлекетте, бул 3 ыкма тең тигил же бул деңгээлде коомдук башкарууга катышпай койгон жок.

4194
НАЦИОНАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА 2005 г. Кыргызской Республики
32618/35

Укуктук система дагы адамзаттын тарыхында, мамлекеттин кайсы жерде түзүлгөнүнө байланыштуу эки негизги жол менен түзүлгөнүн белгилеп кетсек болот.

1) Чыгыш мамлекеттеринде негизинен укук системасы улуу адамдардын, тарыхый инсандардын айткан-дегендеринин, осуяттарынын жыйнактары катары өнүккөн. Мисалы, Птахотендин осуяттары (Байыркы Египет), Индияда Манунун мыйзамдары, араб, мусулман мамлекеттеринде Куран.
2) Батыш мамлекеттеринде, башкача айтканда, жеке менчикке негизделген мамлекеттерде, укук системасы чыгыш мамлекеттерине салыштырмалуу жогорураак деңгээлде уюшулган жана бир формага (нукка) түшүрүлүп келген. Алардын кээ бирөөлөрүнүн бүгүнкү күндө дагы практикалык мааниси өтө зор. Мисалы, римдик жеке менчик укук системасы.

Негизинен укук системасынын пайда болушу бул коомдук карым-катнаштардын татаалдашынан, карама-каршылыктарынан келип чыккан көрүнүш. Укук нормалары тарыхый негизги үч жол менен аныкталган:

1. Байыркы үрп-адаттардын маңызы, уюткулары жөнөкөй укуктун (обычное право) нормаларына айланган жана мамлекет аркылуу турмушка киргизилген.
2. Мамлекеттин мыйзам чыгаруу иш-аракети. Башкача айтканда, мамлекет атайын мыйзамдарды, токтомдорду, указ, буйруктарды чыгарып, ишке ашырат.
3. Прецеденттик укук. Бул кайсы бир талаш-тартыш иш боюнча кайсы бир сот же административдик органдардын чечими. Бул чечимдер кийинки, ушуга окшош, түспөлдөш талаш-тартыштарды чечүүдө толугу менен же кээ бир кемтиктери менен кайра колдонулуп келген.

## Суроолор

1. Мамлекетке чейинки коомдук бийлик кандай принциптерге негизделип келген?
2. Мамлекеттин пайда болушундагы азиат (чыгыш) жана европа (батыш) жолдорунун негизги өзгөчөлүктөрү эмнеде?
3. Мамлекеттин пайда болушунун негизги теориялары кайсылар, алардын негизги идеялары кандай аныкталат?
4. Мамлекеттин негизги белгилери кайсылар?
5. Эмне үчүн эгемендүүлүктү мамлекеттин негизги белгисинин бири деп эсептейбиз?
6. Укук системасынын пайда болушу жана өнүгүүсү чыгыш жана батыш мамлекеттеринде кандай өзгөчөлүктөргө ээ болуп келген?
7. Укук нормаларынын түзүлүшүнүн кандай жолдорун билесиз? Алардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн аныктаңыз.

8. Укуктук-нормативдик системасы коомдук моралдан эмнеси менен айырмаланат?

# 3 БАП. МАМЛЕКЕТ: МАҢЫЗЫ, ТҮРЛӨРҮ (ТИПТЕРИ) ЖАНА ФУНКЦИЯЛАРЫ

## 1. Мамлекеттин маңызы

Философия илиминде ар бир көрүнүштүн маңызын анын ички, ажырагыс, эң негизги түйүнү, ал көрүнүшкө таандык ички касиет, сапат түзөт. Ал касиетсиз, ал түйүнсүз, ал сапатсыз аталган көрүнүш өзүнүн өзгөчөлүгүн ача албайт. Мамлекеттин маңызы эмнеде? Бул маселеде ар кандай тарыхый көз караштар кездешет.

1) *Таптык (класстык) көз караш.* Бул теориялардын аныктамасында, мамлекет деген бул бир социалдык таптын экинчи тапка болгон үстөмдүгүн коргоо, тастыктоо механизми катары белгиленет. Мындай мамлекеттин маңызы экономикалык жана саясий жактан күчтүү мамлекеттин диктатурасы (үстөмдүгү) болуп эсептелет. Ошол үстөмдүк кылган саясий таптын иш-аракети мамлекеттин негизги максаттарын, функцияларын жана багыттарын аныктайт.
2) *Жалпы адамзаттык, жалпы социалдык көз караш.* Бул көз караштын өзөгүн мамлекет - бул социалдык, таптык, диний, улуттук жана башка карама-каршылыктарды чечүү, социалдык биримдикти орнотуу боюнча негизги ыкма жана механизм деген ой түзөт.

Чынында эле, мамлекеттерди капиталистик же социалистик деп бөлүү жетишсиз, түпкүрүндө туура эмес экенин акыркы тарыхый окуялар өзү эле далилдеди. Кандай гана мамлекет болбосун, ал сөзсүз түрдө ички ынтымак менен бирдикте, саясий жана экономикалык өнүгүүгө умтулаары шексиз.

## 2. Мамлекеттерди типтештирүүнүн негизги маселелери

Мамлекеттердин ар кандай түрлөрү болот. Ошол үчүн «мамлекеттин тиби (түрү)» деген категория мамлекет жана укук теориясында өзүнчө оорунду ээлейт.

Мамлекеттин тиби (түрү) деп – бул мамлекеттин эң негизги, түпкү маңызы менен көрүнүштөрүнүн биримдигин, системасын түшүнөбүз. Ар бир мамлекеттин түрүн ал мамлекетти пайда кылган эпоха, ошол кездеги тарыхый карым-катнаштар аныктайт.

Мамлекеттерди, алардын ар кандай өзгөчөлүктөрүн жана окшоштуктарын эске алып, ар кандай түрлөргө бөлүштүрүүнүн тарыхы аябай кенен.

Алардын кээ бирлерине токтоп кетели. **Аристотель** мамлекеттерди эки типке бөлгөн:

1. Туура мамлекеттер.
2. Туура эмес мамлекеттер.

Мындай бөлүүнүн негизи, бул бийликтеги адамдардын саны жана мамлекеттин максаты. Коомдук жыргалчылыкты көздөгөн мамлекет туура, ал эми жеке менчиктин кызыкчылыгын көздөгөн мамлекет туура эмес деп аныктаган.

**Г.Еллинек** дагы бардык мамлекеттерди 2 типке бөлөт:

1. Идеалдык мамлекет.
2. Эмпирикалык мамлекет, же чыныгы практикадагы мамлекет.

**Г.Кельзендин** ою боюнча, мамлекеттерди типтештирүүнүн негизин *саясий эркиндик* гана түзө алат. Ошого ылайык мамлекеттер *демократиялуу* жана *автократиялуу* деп бөлүнөт.

Америкалык профессор **Р. Макайвер** дагы мамлекеттерди эки типке бөлөт:

1. Демократиялык.
2. Муундан муунга, укумдан тукумга өткөн (династические).

Бул бөлүүнүн негизи жана себеби канчалык деңгээлде элдин, граждандардын саясий эрки мамлекеттик бийликти түзүүдө эске алынат же алынбайт.

Белгилүү материалист К.Маркс дүйнөлүк тарыхты үч чоң формацияга бөлөт.

1. Байыркы же архаистик.
2. Экономикалык
3. Коммунистик.

Ушулардын негизинде мамлекеттер өз тарыхында беш коомдук-саясий формацияны басып өтөт.

1) Байыркы
2) Кулчулук (рабовладельческий)
3) Феодалдык
4) Капиталистик
5) Коммунистик (социалистик)

XX кылымда эң белгилүү теориялардын бири болгон *«цивилизация»* теориясын англиялык окумуштуу А. Дж. Тойнби аныктап, сунуш кылган. Бул теориянын өзөгүн «цивилизация» деген категория ээлейт. Эгер, *формациялык* көз караш (К. Маркс) негизинен мамлекеттин *экономикалык* себептерине жана негиздерине таянса, А. Тойнби экономикалык карым-катнаштардан тышкары, ал мамлекеттин *маданий-руханий чөйрөсүн, диний пайдубалын, адам менен табияттын биримдигин, адамдын экономикалык, саясий жана руханий эркиндиктерин* дагы сөзсүз түрдө эске алыш керек деген жүйөлүү ойду билдирет. Ушулардын баарын бириктирип, А. Тойнби «цивилизация» деген категорияны киргизет. Бул теория боюнча адамзаттын тарыхында 21 цивилизация пайда болгон. Бирок, анын баары эле бүгүнкү күнгө чейин жеткен эмес. Аман калып, бүгүнкү күнгө чейин жеткен цивилизациялардын эң негизги себеби, бул, ошол аймактагы чөйрөнү кылдаттык менен өздөштүрүү жана руханий

дүйнөсүн өнүктүрүп-өстүргөнү болуп саналат. Алардын ичине А. Тойнби египет, кытай, иран, сирия, мексика, батыш, алыскы чыгыш, православиялык, араб жана башка цивилизацияларды кошот. Ар бир цивилизация өзүнүн чөйрөсүндө өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге туруктуу биримдик жана өбөлгө түзүп берет.

### 3. Мамлекеттин функциялары

Мамлекет жана укук теориясында *мамлекеттин функциясы* деп мамлекеттин иш-аракеттеринин негизги багыттары, негизги чөйрөсү айтылат.

Коомдук өнүгүүнүн кайсы бир тарыхый этабында пайда болуп, мамлекет коомго карата аябай активдүү саясий күч катары өзүн аныктайт. Бул активдүүлүк, кыймыл-аракет мамлекет жок болуп кетпесинин, андан ары өнүгүп кетишинин негизги кепили. Кыймылга жок, активсиз мамлекеттер тарыхый аренадан суурулуп чыгып калышы мүмкүн.

Юридикалык адабиятта мамлекеттин функцияларын ар кайсы негиздерге таянып аныктоо жана бөлүштүрүү көп учурайт. Бул маселе боюнча ар кайсы авторлор арасында биримдик жок десек туура болот.

Мамлекеттик кыймыл-аракеттердин чөйрөсүнө жараша, башкача айтканда, мамлекет кайсы чөйрөгө таасирин тийгизип жатканын эске алсак, анда мамлекеттин функцияларын бөлсөк болот.

*Ички* функцияларга мамлекеттин ичиндеги укуктук тартипти орнотуу, граждандардын укугун камсыз кылуу, экономикалык, маданий, социалдык иш- аракеттерди киргизсек болот.

*Тышкы* функцияларга чет элдер менен тынчтык мамилесин түзүү, алар менен маданий, экономикалык карым-катнашты орнотуу, өз мамлекетинин эгемендүүлүгүн коргой билүү сыяктуу иш-аракеттер кирет.

*Мөөнөтү* боюнча мамлекеттин функцияларын дагы бөлсө болот. Туруктуу жана убактылуу.

*Туруктуу* функцияларга мамлекет мезгилсиз жасап жаткан кыймыл-аракеттерди, мисалы, экономикалык, маданий, укуктук иш-аракеттерди айтабыз.

*Убактылуу* функция кайсы бир мамлекет өзүнүн өнүгүүсүндө чалдыккан убактылуу бир чоң проблеманы чечүүгө багытталган иш-аракетти айтсак болот. Мисалы, көптөгөн өнүккөн мамлекеттер азыр өтө чоң денгээлде наркомания жана СПИД оорулары менен күрөшүп жатат. Бул маселелер өзүнүн масштабы боюнча мамлекеттик функцияга айланып отурат.

*Социалдык баалуулугу, наркы боюнча* мамлекеттин функцияларын *негизги* жана *негизги эмес* деп бөлүп жүрүшөт.

*Негизги* деп мамлекеттик органдардын баары, бири-бири менен тыгыз байланышта жасаган иш-аракеттерди кошсок болот.

*Негизги эмес* бул, кээ бир гана мамлекеттик органдар аткарган иш-аракеттер.

*Уюктук формалар* боюнча мамлекеттин функцияларын 3кө бөлсө болот:

мыйзам чыгыруу;

аткаруу же башкаруу;

сот.

Эң негизгиси: кандай гана мамлекет болбосун, анын функциялары коомдогу эң ири чөйрөлөргө багытталган иш-аракеттери менен аныкталат.

Андай чөйрөлөргө *экономикалык, социалдык, рухаций, саясий чөйрөлөрдү кошсок* туура болот деп эсептейбиз.

**Суроолор**

1. Мамлекеттин маңызын аныктоодо таптык жана жалпы адамзаттык көз караштардын негизги идеялары кайсылар?
2. К.Маркстын социалдык-экономикалык формациялар жөнүндөгү теориясынын маңызы эмнеде?
3. «Цивилизация» деп Дж. Тойнби эмнени аныктаган?
4. Мамлекеттин негизги функциялары кайсылар, аларды Кыргызстандын мисалында аныктагыла?

## 4 БАП. МАМЛЕКЕТТИН ФОРМАЛАРЫ

### 1. Мамлекеттин формасы жөнүндө түшүнүк

*Мамлекеттин формасы* – бул мамлекеттин саясий бийлигинин уюштуруу ыкмасы.

«Мамлекеттин формасы» деген категория төмөндөгү көрүнүштөрдү камтыйт:

1. Бийлик жүргүзүүнүн формасы.
2. Мамлекеттик түзүлүштүн формасы.
3. Саясий режим (тартип).

Эгер «мамлекеттин маңызы» деген түшүнүк мамлекеттин эң негизги, түпкү нерселерин камтыса, «мамлекеттин формасы» деген түшүнүк – бул мамлекетте ким жана кандай бийлик алып барат, мамлекеттик бийлик органдары кандай түзүлгөн, мамлекеттин аймагындагы эл-журт кандай бириктирилген, саясий бийлик кандай ыкмалар менен ишке ашат деген суроолорго жооп берет.

Мамлекеттин тигил же бул формасы ошол мамлекеттин туруктуулугун жана саясий турмушун аныктайт.

Мамлекеттин формасын түзүүчү төмөнкү көрүнүштөрдү белгилеп кетсек болот:

*Бийлик жүргүзүүнүн формасы.* Бул көрүнүшкө мамлекеттин жогорку бийлигинин түзүлүшү, ал бийликтин эл менен карым-катнашы кирет.

- *Мамлекеттик түзүлүштүн формасы.* Буга мамлекеттин аймактык түзүлүшү, мамлекет менен аймактык бийликтин карым-катнаштары деген көрүнүштөр кирет.
- *Саясий режим (тартип).* Бул түшүнүккө мамлекеттик бийликтин ыкмылары, методдору жана каражаттары кирет.

## 2. Мамлекеттик бийлик жүргүзүүнүн формасы

Ар кайсы мамлекеттерде эң жогорку бийлик мамлекеттин башчысында (президент же монарх), мыйзам чыгаруу органында же өкмөттө болушу мүмкүн. Мамлекет башчысынын ордуна жараша мамлекет *монархия* жана *республикага* бөлүнөт.

**Монархия** (гр. С. *бир бийликтүүлүк* дегенди билдирет) – бул бийлик толугу менен, же кемтиги менен бир адамдын (царь, шах, падыша, император жана башка) колунда топтолгон форма.

*Монархиянын белгилери:*

- Эң жогорку бийлик (монархдын бийлиги) укумдан тукумга өткөрүлөт.
- Ал бийлик мезгилсиз мөөнөткө уланат.
- Элдин, шайлоочулардын саясий эркине байланбайт.

*Монархиялар 2 түргө бөлүнөт:*

- Чектелбеген (мында, башка, эч бир мыйзам чыгаруу, өкүлчүлүк органдар болбойт, монархтын бийлиги чектелбеген, мисалы, Сауд Аравия, Бруней).
- Чектелген (монархтын сасий ролу, башка мамлекеттик органдар аркылуу чектелген, мисалы, Англия, Япония, Испания, Швеция, Норвегия)

**Республика** (грек тилинен – *жалпы, коомдук иш* дегенди билдирет) бул мамлекет башчысы убактысы менен алмашылып турган, анын шайланышы же шайланбасы жалпы элдин же эл шайлаган өкүлчүлүк органдарынын (парламент) саясий эркине жараша болгон мамлекет.

*Республиканын негизги белгилери:*

- Бийликтин шайланышы.
- Шайланган бийликтин иштей турган мыйзам ченемдүү убактысы белгиленет.
- Бийлик элдин, шайлоочулардын саясий эркине байланган.

*Республиканын төмөндөгү түрлөрү бар:*

- президенттик
- парламенттик
- аралаш президенттик – парламенттик

*Президенттик республикада* – президент парламент аркылуу эмес жалпы эл аркылуу шайланат. Негизги белгилери:

- президент өкмөттүн курамын бекитет;
- мыйзам чыгаруу органынын чечимине тыюу салуу (вето) укугуна ээ;
- жагдай туура келсе, парламентти таркатат.

*Парламенттик республиканын* негизги белгилери:

- өкмөттү парламент дайындайт жана көзөмөлдөйт;
- парламент өкмөткө же анын өзүнчө мүчөсүнө ишенбөөчүлүк (недоверие) көрсөтө алат;
- официалдуу түрдө мамлекет башчысы болуп президент эсептелиниши мүмкүн, бирок президенттин практика жүзүндө ролу өкүлчүлүк маанисине гана ээ. Мамлекеттин чыныгы башчысы өкмөт башчысы болот.

*Аралаш президенттик парламенттик республиканын негизги белгилери:*

- өкмөт президенттин дагы, парламенттин дагы алдында жооп берет;
- президент менен парламент тике эл аркылуу шайланат;
- мамлекет башчысы болуп президент эсептелинет;
- президент премьер-министрди жана министрлерди дайындайт (парламенттин ичиндеги саясий күчтөрдүн пикирин эске алуу менен);
- президент өкмөттүн заседаниесин башкарат жана анын чечимдерин бекитет;
- парламент жылына мамлекеттик бюджет бекитүү продедурасы аркылуу жана өкмөткө ишенбөөчүлүк вотуму аркылуу өкмөттүн ишин көзөмөлдөй алат.

### 3. Мамлекеттик түзүлүштүн формасы

Формалары:

1. *Унитардык мамлекет.* Мында автономиялык түзүлүштөр болбойт, бирдиктүү, жөнөкөй мамлекет; жогорку бийликтин бирдиктүү системасы болот (М: Польша, Венгрия, Болгария, Италия, Казакстан, Кыргызстан).

2. *Федеративдик мамлекет.* Бул татаал мамлекет, анын курамында автономдук, кеңири укукка ээ түзүлүштөр болот. Ал түзүлүштөр өзүнүн мыйзам чыгаруу, сот, аткаруу бийликтерге ээ. Федеративдик мамлекеттер территориялык (аймактык) негизде (АКШ) же улуттук - территориялык негизде (Россия) түзүлүшү мүмкүн. Мындай мамлекетте федеративдик борбор менен автономиялар өзүлөрүнүн укук - мүмкүнчүлүктөрүн (полномочие) келишимдин негизинде бөлүштүрүп алышат.

3. *Конфедеративдик мамлекет:*

- убактылуу келишим менен 2 же андан ашык мамлекет биригиши мүмкүн;
- конфедерация, адатта, конкреттүү бир саясий, аскер - согуш, экономикалык же башка максатты көздөйт жана ал максатка жеткенден кийин тарайт;
- конфедерация эгемендүүлүккө ээ болбойт;

- конфедерациянын бирдиктүү мамлекеттик аппараты жана мыйзам системасы болбойт;
- конфедерация убактылуу келишим менен бирдиктүү бийлик органдары түзүлүшү мүмкүн;
- конфедерациянын, адатта, граждандары (юридикалык мааниде) болбойт.

Конфедерациянын айкын мисалы катары 1982 – 1989 жылдары өмүр сүргөн, Сенегал менен Гамбияны бириктирген Сенегамбия мамлекетин айтсак болот.

## 4. Саясий режим

Белгилери:

- элдин карым-катмарынын саясий бийликти уюштуруудагы ролу, катышуу деңгээли жана ошол бийликти түзүүнүн ыкмалары;
- мамлекет менен элдин укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдилиги;
- адам укуктары жана эркиндиктеринин кепилдилиги;
- саясий бийликти ишке ашырууда элдин ролу жана катышуусу;
- массалык маалымат каражаттарынын ахвалы, коомдогу айкындыктын деңгээли, мамлекеттик аппараттын ишмердүүлүгүнүн ачык-айкындыгы;
- мамлекеттик эмес уюмдардын саясий системадагы ролу жана аброю;
- мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин карым-катнашы;
- граждандарга жана жоопту кызмат адамдарга болгон укуктук чаралардын характери (демилге, мүмкүнчүлүк берүү же чектөө);
- саясий жүрүш-туруштун тиби;
- саясий жетекчиликтин мазмуну, тиби;
- саясий чечим кабыл алууда азчылыктын кызыкчылыгын коргоо;
- саясий бийликти ишке ашырууда үгүттөө же мажбурлоо ыкмаларынын үстөмдүгү;
- коомдук турмушта мыйзамдын үстөмдүгү;
- коом менен бийликтин карым-катнаштарынын негизги принциптери;
- мамлекеттик аскер-күч органдарынын (армия, полиция, коопсуздук органдары) коомдогу саясий ролу жана ээлеген орду;
- саясий көппикирчилик (плюрализм), өзгөчө көп партиялуулуктун абалы;
- мамлекеттин эң жогорку жетекчилерин саясий жана юридикалык жоопкерчиликке тартуунун чыныгы, реалдуу механизмдери.

Ушул негизги белгилердин, көрүнүштөрдүн мамлекетте тигил же бул деңгээлде болушу жана өнүгүшүнө жараша, ошол мамлекеттин чыныгы саясий режимин аныктаса болот.

Ал режимдерди 3 түргө бөлсө болот:

1) Демократиялык режим.
2) Авторитардык режим.
3) Тоталитардык режим.

## 5. Демократиялык режим

Демократия деген түшүнүк элдик бийлик дегенди билдирет. Бирок, дүйнөдө эл толугу менен бардык бийликке ээ деген мамлекет жок болуш керек. Мындай мамлекет идеяда гана, кыялда гана болушу мүмкүн.

Бирок, дүйнөлүк саясий картада кээ бир мамлекеттер демократиялык мамлекет деген улуу атка заты да айкалышып келет.

*Ал мамлекеттин негизги белгилери:*

эл бийликти түзүүгө жана өнүктүрүүгө түздөн түз (референдум аркылуу) же окулчулук демократия аркылуу (парламентти шайлоо) катыша алат;

- ❖ саясий чечимдер азчылыктын кызыкчылыгын эске алуу менен көпчүлүк аркылуу кабыл алынат;
- ❖ граждандык коомдун (өкмөттүк эмес уюмдар, саясий партиялар, профсоюздар, аялдар кыймылы жана башкалар) өнүккөн структурасы бар;
- ❖ укуктук мамлекет деген түшүнүк чыныгы ишке ашырылган;
- ❖ жергиликтүү жана жогорку бийликтин өкүлдөрү маалы менен алмашып турушат жана алар элдин алдында жооп берет;
- ❖ мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгү (мыйзам ченемдүүлүгү);
- ❖ аскер-күч органдары коомдун демократиялык көзөмөлүндө болуп, өзүнө гана тийиштүү, мыйзам аркылуу аныкталган иш-чараларга катыша алат;
- ❖ мамлекеттик бийликте мажбурлоо ыкмаларына караганда үгүттөө, ишендирүү ыкмалары басымдык кылат;
- ❖ коомдун бардык чөйрөсүндө мыйзамдуулук үстөмдүк кылат;
- ❖ адамдын укуктары жана эркиндиктери чыныгы ишке ашырылат.
- ❖ чарбачылык кылган субъектерге жана жеке граждандарга карата «мыйзам аркылуу тыюу салынгандын башкасынын баарына уруксат берилет» деген юридикалык принцип колдонулат;
- ❖ саясий көпликирчилик, көп партиялуу саясий система, саясий оппозицияны түшүнө билүү жана обу жок куугунтуктобоо орун алган;
- ❖ айкындык, массалык маалымат каражаттарынын эркиндиги;

❖ мамлекеттик бийликтин чыныгы бири-бирине байланбаган, көз карандысыз мыйзам чыгаруу, аткаруучу жана сот бийликтерине бөлүнүшү

## 6. Авторитардык режим

Бул режимде саясий бийликти конкреттүү жеке адам же коомдук топ (саясий партия, өзгөчө элитардык топ ж. б.) жүргүзөт жана элдин катышуусу жокко эсе, же үстүртөн.

*Авторитардык саясий режимдин белгилери:*

борбордо жана жер-жерлерде элдин минималдуу катышуусу менен бийлик кайсы бир жеке адамдын же саясий топтун колуна өтөт;

бийликти бөлүштүрүү принциби бузулат, мамлекет башчысы өзүнө сот жана аткаруу бийлигинин баш ийдирип алат,

өкүлчүлүк органдар (парламент) бар, иштемиш этет, бирок практика жүзүндө эчтеке чечпейт;

сот органдарынын аброю төмөн, алардан тышкары дагы өзгөчө, мыйзамсыз сот органдары түзүлүшү мүмкүн;

мамлекеттик бийликтин жетекчилерин шайлоо, алмаштырып туруу, алардын эл алдында жооп берип туруу деген принциптер жарыяланат, бирок иштебейт;

негизги мамлекеттик башкаруу ыкмасы катары административдик-командалык ыкма колдонулат. Ошол эле маалда, ири репрессиялар, террор кездешпейт;

«жарым айкындык» өмүр сүрөт, кээ бир газета-журналдар жана башка массалык маалымат каражаттар көзөмөлгө, цензурага алынат;

бирдиктүү идеология жокко эсе;

чектелген көпшүкирчилик, көп партиялуулук бар, бирок бардык партиялардын маңыз-мазмуну окшош. Өтө аша чаап, катуу оппозицияга айланып бара жаткан партиялар таркатылат, алардын кээ бир лидерлери куугунтукка алынат;

адам укуктары жарыяланат, бирок сакталбайт;

адам бийликтин алдында алсыз, анын коопсуздугуна эч ким кепил боло албайт;

- аскер-күч органдары коомго баш ийбейт жана көбүнчө саясий максаттарды көздөйт;
- өлкөнүн лидеринин ролу өтө чоң, бирок эл ага сыйынуу деңгээлине жетпейт.

## 7. Тоталитардык режим

Бул режим коомдук турмушта мамлекеттин, анын органдарынын толук, абсолюттук басымдыгы, үстөмдүгү менен айырмаланат.

*Тоталитардык режимдин негизги белгилери:*

- мамлекет коомдогу чөйрөдө чексиз, толук басымдуулукка умтулат;
- эл, коом саясий бийликтен толугу менен бөлүнгөн, саясий бийликке эч бир таасир кыла албайт,
- мамлекет экономикага, маданиятка, дин чөйрөсүнө, массалык маалымат каражаттарына, адамдын жеке турмушуна, керек болсо анын ой-жүгүртүүсүнө чейин толук көзөмөл жүргүзөт;
- коомдук карым-катнаштарга укуктук мамиле жок. «Мыйзамда тике уруксат берилген гана нерселерге жол берилет» деген укуктук принцип ишке ашырылат.
- мамлекетик бийлик, анын өкүлдөрү жабык-жашыруун, бюрократиялык жолдор менен түзүлөт жана дайындалат, алар элдин контролуна муктаж эмес;
- негизги башкаруу ыкмалары катары зомбулук, террор, мажбурлоо аныкталат.
- бир партия же саясий топ толук бийликке ээ болот, партиялык аппарат өкүлдөрү мамлекет кызматы менен синирлишип кетип, айырмасы жокко эсе болот. Оппозициялык күчтөргө катуу тыюу салынат;
- адам укуктары жана эркиндиктери формалдуу түрдө жарыяланат, аларды ишке ашырууга эч ким кепил боло албайт;
- экономикада негизинен ири мамлекеттик менчик толук үстөмдүк кылат;
- бир гана официалдык идеология бүт коомго таңууланат, көпшикирчилик, кайчыпикирчилик мамлекеттик куугунтукка алынат;
- мамлекеттик бийлик кескин түрдө борборлоштурулат;
- аскер-күч органдары репрессивдик, куугунтук органдарына айланат жана элдин, коомдун көзөмөлүнөн толук четтетилет;
- мамлекетте мыйзамдар иштебейт жана граждандык коом жоготулат же формалдуу, официалдуу бийликти толугу менен жактаган органдарга айланат;
- мамлекеттик бийлик элдин пикирине көңүл бурбайт жана антидемократиялык ыкмалар менен ишке ашырылат.

**Суроолор**

1. «Мамлекеттин формасы» деген түшүнүк кандай жолдор менен аныкталат?
2. Мамлекеттик бийлик жүргүзүүнүн кандай формаларын билесиңер, алардын мазмунуна жана маңызына токтоло кетсеңер?
3. Мамлекеттик түзүлүштүн негизги формалары кайсылар?
4. Саясий режимдин маңызы кайсы белгилерге негизделет?

5. Демократиялык режимдин белгилери кайсы?
6. Авторитардык жана тоталитардык деп кандай саясий режимдерди айтабыз?
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик формасын жана саясий режимин аныктоого аракет кылып көрсөңөр?

## 5 БАП. МАМЛЕКЕТ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК МЕХАНИЗМ

1. Мамлекеттик механизм деп мамлекетти чыныгы кыймылга алып келген мамлекеттик мекемелердин системасы, алардын иш-аракети белгиленет.

Мамлекетти кыймылдаткан мамлекеттик органдар жана мекемелер. Мамлекеттик органдар болсо анда иштеген мамлекеттик кызматкерлерден турат.

Ар бир мамлекеттик мекеме өзүнө бөлүнүп берилген функцияны аткарат. Ар биринин иши биригип келип мамлекеттик механизмдин маңызын, анын багытын, ишмердүүлүгүн, натыйжалуулугун аныктайт.

Мамлекеттик механизм төмөндөгү белгилерге ээ:

1. Бул механизмди ишке ашырган мамлекеттик аппарат. Чыныгы, реалдуу бийлик ушул аппараттын колунда.

Мамлекеттик ар бир орган бийлөө функциясына, ыктыярдуу укугуна ээ. Бул функцияны ишке ашырууда мамлекеттик орган мамлекеттин атынан иш-аракет жасайт, мамлекеттин аброюна, күчүнө таянат.

3. Мамлекеттик механизмдин курамына мамлекеттик аппараттан тышкары мамлекеттик мекемелер жана ишканалар кирет.

Бул мекемелер жана ишканалар коомдун ар кандай чөйрөлөрүндө (экономикалык, социалдык, маданий ж. б.) мамлекеттик функцияларды аткарышат.

Мамлекеттик аппараттын эң жалпыланган структурасы төмөндөгүдөй бөлүнө алат:

1. Мыйзам чыгаруу бийлигинин органдары.
2. Аткаруу бийлигинин органдары же мамлекеттик башкаруу органдары.
3. Укук-коргоо органдары.

Мамлекеттик бийлик бул бирдиктүү көрүнүш. Ар бир анын бөлүгү өзүнчө бөлүнгөн маселе чечет, бирок анын баарынын максаты бир. Ушуга байланыштуу кайсы бир органдын үстөмдүк кыла башташы бул бүткүл мамлекеттик механизмдин кризиске учурай баштаганын билдирет. Башкача айтканда, ар кандай мамлекеттик органдардын пайда болушу жана иш-аракети – бул бийликти бөлүшүү эмес. Бул, эмгек, иш бөлүшүү десек туура болот.

**2. Мамлекеттик органдардын негизги белгилери:**

- так аныкталган коомдук чөйрөдө мамлекеттин атынан анын функцияларын жана ыйгарым укуктарын өзүнө тийиштүү ыкмалар менен ишке ашырат;
- бийлик ыйгарым укуктарына ээ, муну менен мамлекеттик органдар мамлекеттик уюмдардан жана мекемелерден айырмаланат;
- так аныкталган ыйгарым укутарга ээ, б. а., өздөрүнө тийиштүү максаттары, функциялары, жоопкерчилиги бар;
- мамлекеттик органдын бекитилген структурасы болот (отделдер, башкармалыктар, штаттык курам ж. б.);
- ар бир аймакта өзүнчө мамлекеттик орган түзүлөт, баары биригип ошол органдын борбордук органына баш ийет;
- эң негизгиси мамлекеттик орган өзүнүн функциясына жараша мамлекеттик бийликти ишке ашырат. Башкача айтканда, юридикалык актыларды чыгарат, аларды аткарууну талап кылат, көзөмөлдүк кылат.

Мамлекеттик органдар бири-биринен өздөрүнүн функциялары, алдына коюлган максаттары, ыйгарым укуктары менен айырмаланат.

Кыргыз Республикасынын өкүлчүлүк жана мыйзам чыгаруу органы болуп эки палатадан турган Жогорку Кенеш эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Президенти мамлекеттин башчысы. Конституциянын гаранты, республиканын эгемендүүлүгүн жана биримдигин коргоо үчүн чара көрөт, бийликтин ар кандай тармактарынын бирдиктүү иш-аракетин камсыз кылат. Ал адам Кыргыз Республикасынын тышкы жана ички саясатын аныктайт. Кыргыз Республикасынын атынан эл аралык карым-катнаштарга катышат ж. б.

Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигин өкмөт жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар өткөзөт. Өкмөт Премьер Министрден, анын орун басарларынан, министрлерден жана мамлекеттик комитеттердин төрагаларынан түзүлөт.

Кыргыз Өкмөтүнүн структурасын Президент аныктайт. Мындан тышкары Өкмөттүн алдында ар кандай агентстволор, комиссиялар, инспекциялар түзүлөт. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаевдин 28-декабрдын 2000-жылдагы Указы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү __12__ министрлик жана _2_ мамлекеттик комитеттен түзүлдү. Мындан тышкары Өкмөттүн алдында _13_ агентство, комиссия жана инспекциялар ошол эле Указ менен уюшулду. Кыргыз Республикасында 6 областтык мамлекеттик администрация, _53_ райондук жана шаардык мамлекеттик администрациялар түзүлгөн. Бишкек шаары, башка мамлекеттик администрациялардан өзгөлөнүп өзүн-өзү башкаруу системасына Президенттин атайын указы менен өткөн. Ошол эле маалда, Бишкек шаарынын аймагында 4 райондук мамлекеттик администрация аткаруу бийлигин алып барат.

Кыргыз Республикасында сот бийлигин Конституциялык, Жогорку жана Жогорку арбитраждык соттор ишке ашырат. Жогорку

Соттун ар бир райондо жана облуста бирдиктүү системаны түзгөн аймактык соттору иш алып барат. Жогорку арбитраждык сотко баш ийген аймактык соттор облустарда гана жайгашкан, район, шаарларда (Бишкек шаарынан тышкары) бул структура түзүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Республикада өзгөчө, катуу борборлоштурулган прокуратура системасы түзүлгөн. Райондук, шаардык, облустук жана аскер прокурорлору Генералдык прокуратурага баш ийет жана жергиликтүү аткаруу бийликтерине көз карандысыз болот. Ошол эле маалда, облустун прокурорлору Президенттин буйругу менен дайындалат.

Өзүн-өзү башкаруу системасынын Кыргыз Республикасында өзгөчөлүгү байкалат. Алар, Конституция боюнча, мамлекеттик бийликтин курамына кирбейт жана өзүнчө ыйгарым укуктарга ээ.

Экинчиси, бул системада, өзгөчө орган катары аксакалдар сотторунун институту иш алып барат.

Өзүн-өзү башкаруу системасын өнүктүрүү Кыргыз мамлекетинде эң маанилүү экенин белгилеп, 2000 жылдын декабрь айынан баштап Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн курамына Президент А.Акаев биринчи жолу регионалдык өнүгүү жана өзүн-өзү башкаруу системасын өнүктүрүү боюнча атайын министрдин орду ачылды. 2001 жылдан баштап, мамлекеттик аткаруу бийлиги райондордо, шаарларда жана айылдарда өзүн-өзү башкаруу системасына алмашылып, анын башчылары жалпы аймактык, элдик шайлоо аркалуу аныкталганы турат.

### 3. Укуктук мамлекет

Укуктук мамлекеттин негизги белгилери:

1. Бардык мамлекеттик бийлик, ыйгарым укуктар мамлекеттик органдарга гана топтолушу, башкача айтканда, мамлекеттик бийлик функциясын андай гана түрдө болбосун мамлекеттик эмес уюм же орган аткара албайт.
2. Бийликтин аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийлигине бөлүнүшү, алардын бири-биринен көз карандыгы жана тең салмактыгы.
3. Мамлекетте жакшы өнүккөн граждандык коом болушу керек (саясий партиялар, профсоюздар, мамлекеттик эмес уюмдар).
4. Бийликтин басымдуу бөлүгүн бийликтин бир түрүнө өткөзүп жиберүүгө катуу көзөмөл салган жана ага тоскоолдук болгон мыйзамдардын практика жүзүндө болушу.
5. Конституциянын башка мыйзамдарга жана нормативдик актарга салыштырмалуу үстөмдүгү жана түз, тике турмушка ашырылуусу.
6. Мамлекеттик бийликтин мыйзамдарда белгиленген жана реалдуу көз карандысыздыгы (мисалы, диний органдардан көз карандысыздыгы). Мыйзам чыгаруу органдарынын элдик шайлоо аркылуу аныкталышы.

8. Мамлекеттин ички мыйзамдары көпчүлүк кабыл алган эл аралык нормаларга жана принциптерге төп келиши.
9. Коомдук катнаштын ар бир субъектисинин зомбулуктан, мажбурлоодон укуктук ыкмалар менен коргонууга мүмкүнчүлүктүн түзүлүшү.
10. Көз карандысыз сот системасынын коомдук аброю жана ролу
11. Мыйзамдар менен чыныгы укуктун айкалышы, мамлекеттик бийликтин укуктук жол менен түзүлүшү жана өнүгүшү.
12. Граждандардын укуктары менен жоопкерчилигинин биримдиги.
13. Мамлекет менен ар бир инсандын бири-бирине болгон жоопкерчилиги.

Бул белгилердин ичинен мамлекеттик бийликтин 3 түргө: *мыйзам чыгаруу, аткаруу* жана *сот бийлигине* бөлүнүшүнүн зарылдыгына өзгөчө токтоло кетиш керек. Мамлекеттик бийликти жөн эле бөлүп коюу бул негизги максат эмес.

Негизги максат бул:

- бийликтин басымдуу көпчүлүгүн бийликтин бир түрүнө өткөзүп жибербөөнүн ыкмасын табуу;
- бийликтин тең салмактуулугун камсыз кылуу;
- бийликтин бир түрү үстөмдүк кылып бара жатканда, анын башка түрү, бул ыңгайсыз процесске тоскоолдук кылыш керек;
- эгер бийликтин бардыгы бир эле органда топтолсо, анда, ал бийлик зомбулукка, керек болсо терророго өтүп кетиш мүмкүнчүлүгү бир нече эсеге көбөйүшү шексиз.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын бийлик системасын алсак, анда бийликтин бөлүнүшү жана тең салмактуулугу кандайдыр бир деңгээлде ишке ашырылганы көрүнүп турат.

- Сот бийлигинин иш-аракетин мыйзам чыгаруу бийлиги, сот системасына тийиштүү мыйзамдарды кабыл алуу же кабыл албоо аркылуу аныкташы мүмкүн.
- Аткаруу бийлигинин чечимдерин сот бийлиги мыйзам бузуу болгон учурда жокко чыгарып коюшу мүмкүн.
- Конституцияга ылайык, Жогорку Кеңештин бюджеттик кирешелерге же чыгашаларга тиешеси бар мыйзамдарынын же чечимдеринин кабыл алынышы Өкмөттүн гана макулдугу менен болушу мүмкүн.
- Жогорку Соттун төрагасы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу палатасынын гана макулдугу менен Президент тарабынан дайындалышы мүмкүн.
- Республиканын счеттук палатасынын үчтөн бир аудиторун Эл өкүлдөр жыйыны, үчтөн бирин – Мыйзам чыгаруу палатасы дайындайт, үчтөн бирин жана төрагасын Президент дайындайт.
- Шайлоолор жана референдумдар боюнча республикалык комиссиянын үчтөн бирин Эл өкүлдөр жыйыны, үчтөн бирин

Мыйзам чыгаруу палатасы, үчтөн бирин жана төрагасын Президент дайындайт

- Өкмөттүн Премьер Министрин Кыргыз Республикасынын Президенти Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаттарынын элүү пайызынын ашыгы макулдук берсе гана дайындай алат.
- Президент кол коймоюнча, Жогорку Кеңеш аркылуу кабыл алынган мыйзамдар пикке ашпайт.
- Президент «вето» койгон мыйзамдар, Мыйзам чыгаруу палатанын үчтөн эки депутатынын добушу менен кайра өзгөртүлбөй кабыл алынса, анда Президент ал мыйзамга милдеттүү түрдө кол коюп, ишке киргизиши керек.
- Жогорку Кеңеш Өкмөттүн Премьер Министрине, өзүнчө бир министрине, же өкмөттүн толук курамына ишенбөөчүлүк көрсөтүп, Президенттен алардын отставкасын талап кылууга мүмкүнчүлүгү бар.
- Президент эки жолу сунуш кылган Премьер Министрдин кандидатурасын Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйыны четке кагып, кабыл албай койсо, анда Президент Премьер Министрди өз ыктыяры менен дайындап, Эл өкүлдөр жыйынын таркатып жиберүүсү мүмкүн.

Ошентип, бийликтин үч түрү тең бири-бирине байланган, бири-бирин көзөмөлдөйт жана ушул процесстин арты менен бийлик системасынын туруктуулугу, стабилдүүлүгү жана тең салмактуулугу камсыз кылынат. Бул жаш, өнүгүп келе жаткан, эгемендүү мамлекет үчүн эң маанилүү нерсе экенин унутпайлы. Ушул жана ушул сыяктуу мисалдар көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасы дагы дүйнөлүк аренада өзүн демократиялуу, укуктук мамлекет болушуна конституциялык, укуктук негиз бар экенин айгинелейт

## Суроолор

1. Мамлекеттик механизм деп эмнени айтабыз?
2. Мамлекеттик механизмдин кайсы негизги белгилери бар?
3. Мамлекеттик органдардын кайсы негизги белгилерин билесиз?
4. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик органдардын структурасы кандай?
5. Укуктук мамлекет деп кандай мамлекетти айтабыз?
6. Бийлик 3 түргө бөлүнүшүнүн негизги максаттары кайсы?
7. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик кандай бөлүнгөн, алардын тең салмактуулугун камсыз кылган кандай конституциялык принциптерди билесиз?

7 7 папка
7 кн

# 6 БАП. УКУКТУН МАҢЫЗЫ, ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА ФУНКЦИЯЛАРЫ

## 1. Укуктун түшүнүгү, белгиси жана маңызы

«Укук» деген түшүнүк - бул өтө татаал жана көп кырдуу түшүнүк. Адатта, укук деген эмне? деген суроого «бул менин укуктарым, иштегенге, окуганга ж. б. укугум бар» деп жооп беришет.

Бирок, мындай түшүнүк юридикалык теорияда аздык кылат, мындай гана кыска түшүнүк менен укукту социалдык көрүнүш катары, анын түпкү маңызын аныкташ таптакыр мүмкүн эмес.

Ошол үчүн укук жөнүндө төмөнкү түшүнүктөр бар:

1) Калк арасында кеңири тараган *жөнөкөй түшүнүк*. Мында, укукту кайсы бир субъекке (инсанга, адамга, гражданинге) таандык эркиндиктер (эмгек укук, эс алганга укук, шайлоого катышууга укук) гана айтылат.
2) *Профессионалдык түшүнүк* мында укук деп мамлекет аныктаган жүрүш-турuштун системасы, ыкмасы, жобосу белгиленет.
3) *Илимий түшүнүк* боюнча укук деген бул коомдо расмий түрдө кабыл алынган, мамлекеттин коргоосунда болгон биримдиктин жана адилеттүүлүктүн нормативдери.

Мындан тышкары социалдык көрүнүш катары укуктун 2 түрү болушу мүмкүн:

I. *Объективдик укук* - бул мамлекеттин күчүнө таянган, коомдук карым-катнаштарды жөнгө салууга максатталган, жалпылык сөзсүз түрдө кабыл алган жана аткарган, формасы боюнча аныкталган, коомдун же кайсы бир социалдык топтун кызыкчылыгын көздөгөн юридикалык нормалардын системасы.

Объективдик укукка ошол мамлекеттин мыйзамдары, юридикалык үрп-адаттары, юридикалык прецеденттер (кайталанган көрүнүштөр) жана эл аралык келишимдер кирет.

Эмне үчүн, биз, аларды «объективдүү» деп атайбыз? Себеби, алар мамлекеттин ар бир граждананининин аң-сезимине, эркине байланыштуу эмес жана ага гана тийиштүү эмес. Алар жалпы нерсе, жалпы көрүнүш.

II. *Субъективдик укук* – кайсы бир адамга тийиштүү, анын ар кандай муктаждыгын аткаруу боюнча жеке мүмкүнчүлүктөр, эркиндиктер (ишке, эс алууга ж. б.). Аларды «субъективдүү» дегенибиздин себеби, алар «субъектке»: адамга, инсанга, анын аң-сезимине, иш-аракетине байланган.

Башкача айтканда, объективдүү укукту мамлекет түзөт жана аныктайт. Ошол укук менен пайдалануу мүмкүнчүлүгү ар бир субъектке таандык.

*Объективдүү укуктун* негизги белгилери:

1. эрктүү характер. Башкача айтканда, укук сөзсүз түрдө бирөөнүн эркин билдирет, аныктайт жана ишке ашырат;

2. жалпылыкка милдеттүү;
3. формалдуу түрдө аныкталат же болбосо кайсы бир формада элге жеткирилет (закон, указ, токтом, буйрук ж. б.);
4. системдүүлүк (ар кайсы тармактагы карым-катнаштарды жөнгө салуу, аларды бир системага алып келүү). М: үй-бүлөдөгү карым-катнашты жөнгө салган үй-бүлө укугу, жер жана башка айыл чарбадагы мамилелерди аныктаган агрардык укук ж. б. у. с.;
5. мамлекет менен байланышы. Объективдүү укук мамлекет аркылуу аныкталат, орнотулат, турмушка ашырылат, өзгөрүлөт, жокко чыгат;

Бул аныктамаларда эң негизгиси болуп *укук менен мамлекет байланышын* өзгөчө белгилеп кетсек болот. *Мунун маңызы төмөндөгүдөй:*

- мамлекет укукту жаратат, аны аныктайт, турмушка ар кандай ыкмалар менен, анын ичинде *мажбурлоо* ыкмасы, ишке ашырат. Бул багытты ишке ашыруу үчүн мамлекет атайын *аппарат* түзөт;
- укук мамлекеттик эрктин нормативдик көрүнүшү катары коомдук мамилелерди таптык, же жалпы коомдук кызыкчылыкка ылайык жөнгө салат;
- укук ар кандай жүрүм-турумдун укук ченемдүү же укуксуз экенин аныктаган өзгөчө коомдук жөнгө салуучу күч катары колдонулат;
- башка социалдык нормалардан айырмаланып, укуктун жөнгө салуу ролу көпчүлүк убакта анын түрткүлөө (мажбурлоо), мүмкүнчүлүк берүү мазмуну менен айырмаланат.

Укуктун маңызын анализдеп аныктаганда, анын эки аспектисин эске алыш өтө зарыл:

1) *формалдуу жагы* – бул укуктун кандай гана түрү болбосун, ал сөзсүз түрдө жөнгө салуу ишти аткарат;
2) *маңыздуу, мазмундуу жагы* – бул кимдин кызыкчылыгын укук коргойт жана жактайт.

Ушул нерселерди эске алып, аны система катары кабыл алсак, анда укуктун негизги маңызы катары эки көз караашты белгилесек болот:

1. **таптык көз караш.** Бул көз караш боюнча укук деген, бул коомдо экономикалык бийликке ээ социалдык таптын эркин мыйзам ченемдүү деп аныктап, ал эркти юридикалык нормалардын системасына айлантуу болуп эсептелет.

Башкача айтканда, бул көз караашта укуктун мажбурлоо, куугунтуктоо, басмырлоо функцияларына көбүрөөк көңүл бурулат.

2. **жалпы социалдык көз караш.** Бул позиция боюнча укуктун маңызын куугунтуктоо же басмырлоо эмес, тескерисинче коомдогу ар кандай топтордун арасындагы биримдикти, калыстыкты, сый-урматты жөнгө салуу болуп эсептелинет.

Мындан тышкары, укуктун маңызын аныктоодо жогоруда айтылган көз караштардан тышкары диний, укуктук, расалык жана башка көз караштар бар экенин белгилеп кетүү өтө зарыл.

Ошентип, укуктун түпкү маңызы, бул көп кырдуу, татаал нерсе. Тарыхый шартка жараша биринчи планга укуктун ар кандай жагдайлары чыгып, укуктун ар кандай теориялары өмүр сүрүп келген.

## 2. Укуктун негизги теориялары

**Табигый укук теориясы.** (XVII – XVIII кылым. Өкүлдөрү: Гоббс, Локк, Радищев ж. б.).

*Негизги идеялар:*

1) *Укук менен мыйзам* – бул бири-бирине толук төп келишпеген көрүнүштөр. Бардык эле мыйзамдар укукту толугу менен камтый албайт. Мыйзам – бул кагазга түшүрүлгөн, бир формага алып келинген нерсе. Ошондуктан, жазылбаган, табигый укуктар өмүр сүрүүгө толук мүмкүнчүлүгү болуш керек. Канчалык деңгээлде мыйзам ошол табигый укуктарды эске алса, ошолорго негизделсе, ошончолук ал мыйзам позитивдүү жана прогрессивдүү.

2) *Укук менен мораль* – бул төп келишкен көрүнүштөр. Чындык, калыстык, эркиндик деген теориялык категориялар укуктун чыныгы маңызын түзүш керек, ошол нерселерге умтулуу, аларды ишке ашыруу, укук жаратуу жана укук колдонуу процесстердин эң негизги өзөгүн түзүш керек.

3) Адам укуктарынын башаты мыйзам системасында эмес, ал укуктар адамга туулгандан бери, кудай-тааланын пармандары менен ыйгарылган. Мыйзамдар болсо ошол эркиндиктерди коргоп, ишке ашыруу үчүн гана жаралыш керек.

**Тарыхый көз караш теориясы.** Бул теория XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын башында калыптанып, анын негизги идеологдору катары Гуго, Савиньи, Пухта ж. б. саналат.

*Негизги идеялар:*

1) Укук – бул тил сыяктуу эле тарыхый көрүнүш. Ошол үчүн, ал, кайсы бир келишим аркылуу орнотулушу мүмкүн эмес. Тарыхый көрүнүш катары ал бара-бара, билинбей, кээде кайсы бир мыйзам ченемдүүлүккө баш ийбей калыптанат жана өнүгөт.

2) Укук – бул негизинен укуктук *үрп-адаттардан* пайда болот. Башкача айтканда, тарыхый жүрүм-турумдардан бара-бара юридикалык бүтүмдөр жаралат. Мыйзамдар болсо жөнөкөй укуктун жоболорунан, элдин аң-сезиминен пайда болот жана өнүгөт.

**Укуктун нормативдик теориясы.** Негизинен XX кылымда толук аныкталган. Өкүлдөрү: Штамлер, Новгородцев, Кельзен ж. б.

*Негизги идеялар:*

1. Укук – бул өзүнчө пирамиданы элестетет. Пирамиданын эң чокусунда «негизги (эгемендүү)» норма жайгашкан. Ал негизги норма мыйзам чыгаруу органы аркылуу кабыл алынган. Улам кийинки деңгээлдеги юридикалык норма күч-кубатты өзүнөн өйдөрөөк, бийигирээк турган нормадан алат жана аны менен сугарылат.

2. Укуктун жашоо маңызы азыркы чакта эмес, болочок чакта. Ошол үчүн болочок талаптарды эске албай туруп, укук системасын негиздеш мүмкүн эмес. Укуктун күчү, кубаты жүрүм-турумдардын негиздерин аныктоодогу тактыгында, логикалык кынтыксыздыгында. Ошондуктан, юридикалык илим укуктун «таза түрүн» (башкача айтканда, саясий, социалдык-экономикалык жагдайларды четке кагып) изилдеши керек.
3. Пирамиданын пайдубалын жеке юридикалык актылар түзөт. Ошол үчүн сот чечимдери, келишимдер, жетектөөчү органдардын чечимдери дагы негизги, конституциялык нормага төп келиши зарыл.

**Укуктун материалистик (марксистик) теориясы**. К.Маркс, Ф.Энгельс, В.Ленин аркылуу негизинен XIX-XX кылымдарда негизделген.

*Негизги идеялар:*
1. Укук – бул үстөмдүк кылган саясий таптын эркин мыйзам деңгээлине жеткирүү. Башкача айтканда, укук – бул таптык көрүнүш.
2. Таптык көрүнүш катары укуктун маңызы материалдык өндүрүштүк катнаштарга ылайык аныкталат. Негизги өндүрүштүк каражаттар кайсы таптын колунда болсо, ошол таптын саясий, экономикалык эрки укуктук, мыйзамдык мазмунга ээ болот.
3. Укук – бул мамлекеттик-нормативдик наркка ээ болгон таптык эрк, бул социалдык көрүнүш.

**Укуктун психологиялык теориясы.** Негизинен XX кылымда негизделген. Өкүлдөрү: Петражицкий, Роса, Рейоснер.

*Негизги идеялар:*
1. Мамлекеттин, укуктун, моралдын өнүгүүсүнүн негизги фактору – бул адам *психикасы*.
2. Укуктун түшүнүгүн жана маңызын мыйзам чыгаруучунун иш-аракети аныктабайт. Алар психологиялык мыйзам-ченемдүүлүктөр аркылуу, башкача айтканда, укуктук эмоциялар аркылуу аныкталат.
3. Укуктук ой-толгоолордун баары 2 түргө бөлүнөт: *позитивдүү эмоциялар укук* (муну мамлекет аныктайт) жана *интуитивдик* (менчик, өзүнчө бөлүнгөн, автономдуу) укук. Булар бири-бирине төп келишпей калышы мүмкүн. Позитивдик укукка салыштырмалуу, интуитивдик укук адамдын жүрүм-турумуна көбүрөөк, чыныгы таасир кылат.

**Укуктун социологиялык теориясы.** XX кылымда түзүлгөн жана аныкталган. Өкүлдөрү: Эрлих, Жени, Муромцев ж. б.

*Негизги идеялар:*
1) Мыйзам менен укукту бөлө билиш керек. Укуктун чыныгы турмушу, бар-жоктугу табигый укукта же мыйзамда эмес, алардын *ишке, практикага* ашуу процессинде аныкталат.
2) Ушундан улам укук деген, бул юридикалык иш-аракеттер, юридикалык практика, укук тартиби, мыйзамдарды колдонуу, ишке ашыруу ж.б., башкача айтканда укук, бул укуктук катнаштардын

субъектилеринин (адамдардын) реалдуу жүрүм-туруму. Ошондуктан. бул теориянын дагы бир «жандуу, тирүү укук» деген аты бар.

3) Укуктун мындай «тирүүлүгү» биринчи ирээтте соттордун юридикалык иш-аракетинде аныкталат Соттор мыйзамдарды чыныгы укук менен толтуруп, тийиштүү чечим чыгарып, *мыйзам чыгаруу* функциясын аткарышат.

### 3. Экономика, саясат жана укуктун карым-катнашы

Коомдук чөйрөдө бул үч тарыхый, эң маанилүү көрүнүштөрдүн бири-бирине болгон карым-катнаштарынын маңызы укук жана мамлекет теориясы үчүн өзүнчө мааниге ээ.

*Экономика* бул өндүрүштүк катнаштардын биримдиги, түйүнү, конкреттүү коомдун өндүрүштүк ыкмасы, мазмуну

*Саясат* коомду башкаруу искусствосу, өнөрү Анын маңызын бийликтин тегерегинде болгон ар кандай саясий таптардын, партиялардын, улуттардын карым- катнаштары түзөт.

*Укук* бул баары тең аткарууга милдеттүү формалдуу жагынан аныкталган юридикалык нормалардын системасы. Ал система кайсы бир социалдык топтун саясий эркин көздөйт жана мамлекеттин күчү аркылуу орнотулат, ишке ашырылат. Укуктун негизги багыт-максаты коомдук катнаштарды жөнгө салуу.

Бул үч, мааниси зор коомдук көрүнүштөрдүн карым-катнаштары боюнча **эки** көз караш өмүр сүрүп келет:

1. Булардын карым-катнашында бирөө дагы белгилүү үстөмдүккө ээ боло албайт. Үч көрүнүштүн тең кыймылдаткыч негизги күчү бул *адамдардын кызыкчылыгы*. Кээде, ал кызыкчылыктар укуктук формага ээ болуп, андан кийин гана практикага ашырылат. Тескерисинче, биринчи ирээтте кызыкчылыктар өндүрүштүк катнаштардын маңызын түзүп, анан гана алар юридикалык, укуктук формага ээ болгон учурлар дагы жок эмес.
2. Экинчи көз караш боюнча (муну негизинен материалисттер катуу негиздейт жана колдойт), саясат менен укукка караганда экономика үстөмдүк кылат. Биринчиден (экономика), саясат менен укуктун өнүгүшү экономикага байланган. Экономика саясаттын жана укуктун пайдубалы.

### 4. Укуктун принциптери

Укуктун принциптери деп, биз укуктун маңызын жана мыйзам ченемдүүлүгүн аныктаган, ачкан бир башаттарды, идеяларды, жоболорду айтабыз. Башкача айтканда, укуктун принциптери – бул жүрүм-турумдун негизги эрежелери, алар же мыйзамдын өзүнөн пайда болот, же анын негизги маңызынын натыйжасы болуп эсептелинет.

Тийиштүү аймактарга жараша, укуктук принциптерди *жалпы укуктук, тармак аралык* жана *тармактык* деп бөлсөк болот.

Жалпы укуктук принциптер:

- калыстык;
- сот менен закондун алдында ар бир граждандын тең укуктуулугу;
- гумандуулук
- демократиялуулук;
- укук менен жоопкерчиликтин биримдиги;
- мажбурлоо жана үгүттөө принциптеринин айкалышы ж. б.

*Тармак аралык принциптер:*

- жоопкерчиликтин сөзсүз түрдө болушу;
- сот ишин алып барууда мелдеиштүүлүктү камсыз кылуу ж. б;
- сот ишиндеги айкындыкты камсыз кылуу.

*Тармактык принциптер:*

- сот аныктамайынча ар бир адам күнөөлүү эмес принциби (кылмыш-жаза укугунда);
- мүлк тууралуу мамилелерде тараптардын теңчилиги (граждандык укукта);
- эмгектин эркиндүүлүгү (эмгек укугунда);

Башкача айтканда, укуктун ар бир тармагында өзүнө гана тийиштүү принциптер көп кездешет.

Укуктук принциптердин мааниси өтө чоң. Ушул принциптердин негизинде жалпы укуктун максаттуу багыттары, укуктук системанын прогрессивдик, позитивдик, демократиялык мазмун-маңызы аныкталат. Мындан тышкары, кээ бир учурларда ошол принципке ылайык кайсы бир конкрет юридикалык иштин жыйынтыгы чыгып калышы мүмкүн (мисалы, укуктук аналогия деген көрүнүштү эске алсак).

2- ...

### 5.Укуктун функциялары

**Укуктун функциялары** бул укуктун негизги маңызын жана социалдык максаттарын аныктаган, коомдук катнаштарды көздөгөн укуктун негизги юридикалык багыттары десек болот.

Укуктун функцияларын коомдук чөйрөгө жараша <u>тышкы</u> жана ички функцияларга бөлсөк болот.

*Тышкы функциялар* – бул коомдун социалдык чөйрөсүнө жараша болот. Алар саясий, экономикалык, тарбиялоо жана башкаларга бөлүнөт.

*Ички функциялар*, адатта *экиге* бөлүнөт:

1). жөнгө салуу (регулятивдик);

2) коргоп-сактоо (охранительные)

***Жөнгө салуу функциясы*** – бул укукка таандык жүрүм-турумдардын эрежелерин, коомдук катнаштарды уюштуруу, координация жасоо ж. б. жөндөмдөрдү кошсок болот.

Ошону менен бирге, укуктун жөнгө салуу функциясын дагы 2ге бөлсөк болот

1) *Статикалык (көзгөлбөс) жөнгө салуу* (Мисалы, менчик укугу, адамдын укуктары жана эркиндиктери, автордук укук, мурас укугу, ойлоп-табуу укугу ж. б.).
2) *Динамикалык жөнгө салуу*, мисалы, граждандык укук, административдик укук, эмгек укугу, б. а., бул укуктун тармактары коомдук катнаштарга кыймыл берүү, максаттуу кыймыл-аракетке жетишүү аркылуу таасирин тийгизет

Укуктун жөнгө салуу функциясы төмөндөгү ыкмалар менен ишке ашырылат:

1. адамдын укук сезүү (правоспособность) жана күнөө тартуу, сезүү, аракет кылуу (дееспособность) жөндөмдөрүн аныктоо аркылуу.
2. граждандардын укуктук статусун (жагдайын) аныктоо жана өзгөртүү аркылуу.
3. мамлекеттин жана мамлекеттик кызматкерлердин ыйгарым укуктарын аныктоо аркылуу;
4. юридикалык жактардын укуктук статусун аныктоо аркылуу.
5. укуктук катнаштардын пайда болушуна, өзгөрүшүнө жана токтошуна негиз болгон юридикалык фактыларды аныктоо аркылуу.

Жыйынтыктап айтканда, укуктун жөнгө салуу функциясы – бул жүрүм-турумдардын эрежелерин аныктаган, укук субъекттерине субъективдик укуктарын жана юридикалык жоопкерчиликтерин тартуулаган, укуктун коомдук максатына ылайык жүргүзүлгөн иш-аракети деп түшүнсөк болот.

Укуктун *коргоп-сактоо* функциясы – бул укуктун жалпы коомдук мааниси бар, эң негизги экономикалык, саясий, улуттук, инсандык катнаштардын коопсуздугун коргоп сактоо жана, ушуга байланыштуу, коомдогу терс мамилелерди четтетүү, жокко чыгаруу жөндөмү деп аныктасак болот.

Бул аныктамадагы төмөнкү маанилүү моменттерди белгилеп кетиш керек:

1) укуктун коргоп сактоо функциясы – бул укуктун социалдык, коомдук табиятынын натыйжасы;
2) коргоп сактоо функциянын маңызы – бул кайсы бир объектке *таасир этүү*.
3) бул таасир этүү коргоп сактоо формасында жүргүзүлөт;
4) бул таасирдин позитивдүү (ыңгайлуу) объектиси катары коомдогу бааланып келген экономикалык, саясий, улуттук, инсандык катнаштар, алардын коопсуздугу;
5) бул таасирдин терс объектиси катары ушул коомго дал келбеген, каршы, терс карым-катнаштар. Аларды коомдон четтетип, жокко чыгаруу керек.

Укуктун коргоп – сактоо функциясынын өзгөчөлүктөрү:

1. Адам жүрүм-турумуна коркутуп-үркүтүү, тыюу салуу, жоопкерчилигин көтөрүү аркылуу ишке ашат.
2. Бул функция аркылуу биз, бул мамлекетте кандай коомдук нарк-баалуулуктар мамлекеттин коргоосуна алынганын билсек болот.
3. Бул функция аркылуу ошол коомдун саясий жана маданий деңгээлин, гумандуулугун аныктасак болот.

### 6. Укуктун баалуулугу, наркы (ценность)

**Укуктун баалуулугу** деп – коомдогу калыс, прогрессивдүү муктаждыктарды, граждандардын кызыкчылыктарын ишке ашыра ала турган укуктун социалдык жөндөмүн айтабыз.

1. Укук инструменталдык наркка ээ, себеби, ал адамдардын кыймыл-аракетине ынанымдуулукты, туруктуулукту, келишимдүүлүктү тартуулайт, аларды укуктук көзөмөлгө алууга мүмкүнчүлүк түзөт.

2. Укуктун *эң жогорку* баалуулугу бул адамдардын ар кандай кызыкчылыктарын жөнгө салып, алардын жүрүм-турумуна оң таасирин тийгизүү.

3. Укуктун баалуулугу адамдын коомдогу эркиндигин аныктоочусу жана билдирүүчүсү катары терең мааниге ээ.

4. Укуктун баалуулугу, анын, (укуктун) *коомдук калыстык идеясын* аныктоосунда дагы камтылган.

5. Укуктун баалуулугу - укук коомдун прогрессинин күчтүү фактору экенинде.

### 7.Укуктун иш-аракети (действие)

Укуктун өмүр сүрүүсү, өнүгүүсү анын иш-аракетине, коомдук катнаштын ээлерине таасир тийгизүүсүнө, анын коомдук чөйрөдөгү активдүүлүгүнө жараша гана болоорун унутпаш керек.

Токтоп калган, таасир кылбаган, коомдогу катнаштарды жөнгө салбаган, аракет кылбаган укук бул укук эмес. Анын жашоосунун себеби, ыкмасы бул токтоосуз кыймыл. Адамдардын жүрүм-турумуна, иш-аракетине тийгизген чыныгы таасири – бул укуктун эң негизги касиети жана сапаты.

Укуктун иш-аракети төмөнкү процесстерди камтыйт:

- юридикалык жөнгө салуу ыкмаларын иштеп чыгуу;
- ал ыкмаларды укуктун субъектилеринин күнүмдүк практикасында колдонуу.

*Укуктук иш-аракеттин мазмуну:*

1. укуктук таасир;
2. укукту кабыл алуу;
3. укуктук кыймыл-аракет;
4. укуктук тартип.

Укуктук иш-аракеттин деңгээлдери:

1) укукту кабыл алуу, түшүнүү деңгээли;
2) коомдук-укуктук кыймыл-аракет деңгээли.

*Укукту кабыл алуу, түшүнүү деңгээли* аябай зор мааниге ээ. Себеби, адамдын психикасынан, аң-сезиминен өтүп, анын мээсинде белгилүү бир катнаш, позиция аныкталмайынча, ал адам, укук талап кылгандай кыймыл-аракет жасабашы айдан ачык.

Ушундан улам, закон чыгаруучу орган укуктун чыныгы, практика жүзүндөгү иш-аракетин гана эмес, ал укуктук норманы адам психологиялык жактан кандай кабыл алат, кандай түшүнөт деген маселелерди дагы сөзсүз ойлонуп керек, ушуга жараша мыйзамды өркүндөтүп-оңдоп керек.

*Укуктун кыймыл-аракет деңгээли* бул мыйзамдын практика жүзүнө ашырылышы, анын чыныгы коомдогу иш-аракети, таасири, жөнгө салуусу. Ишке, практикага ашпай, «иштебей» жаткан мыйзам бул мыйзам эмес. Башкача айтканда, мыйзам ишке ашыш үчүн эмне керек?

1) Мыйзам ошол кездеги коомдун *чыныгы муктаждыгы* көздөп керек.
2) Мыйзамды ишке ашырыш үчүн *материалдык ресурстар* жетиштүү болуш керек.
3) Мыйзамды ишке ашыруу үчүн *жетиштүү юридикалык* ресурстары болуш керек.

Бул талаптар жок болсо, анда мыйзам чала жан болуп, өзүнүн социалдык ролун ойной албай, анда мамлекеттин аброюн түшүрүп коюшу дагы мүмкүн.

Укуктук жөнгө салуу бул укуктук иш-аракеттин бир бөлүгү. Анын негизги маңызы бул адамдарга жана ар кандай коллективдерге, алардын жүрүм-турумуна жана иш-аракетине атайын юридикалык таасир келтирүү деп эсептесек болот. Укуктук жөнгө салуунун предмети болуш үчүн, жогоруда айтылган жүрүм-турумдар, кыймыл-аракеттер төмөнкү талаптарга жооп бериш керек:

- Чынында *укуктук жөнгө салуу* аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн болуш керек.
- Ушул шартты эске алганда, юридикалык таасирди талап кылат.

Башкача айтканда, коомдук карым-катнаштардын *бардыгы эле укуктук жөнгө салууга дуушар эмес*. Коомдук карым-катнаштын *кээ бир түрү* гана *укуктук жөнгө* салууну талап кылат. Ал үчүн алар *нормативдик* мазмунга ээ болуш керек, башкача айтканда:

1) белгиленген шартта көп жолу кездешет;
2) мезгил-мезгили менен сөзсүз кайталанып турат;
3) мамлекеттик укуктук көзөмөлгө алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ;
4) укуктук тилге которуу мүмкүнчүлүгүнө ээ, б. а., формалдаштырылган.

Ушул гана белгилерге ээ карым-катнаштар укуктук жөнгө салуу аркылуу ишке ашырылат. Бул белгилерге ээ эмес, коомдо бирин-серин кездешкен карым-катнаштар болсо укуктук эмес, башка жөнгө салуу методдор аркылуу аныкталат. Мисалы, урп-адаттар, мораль аркылуу

Укуктук жөнгө салуунун төмөнкү ыкмаларын белгилеп кетсек болот:

1. позитивдүү *милдеттендирүү* адамдар милдеттүү түрдө аныкталган жүрүм-турумду ишке ашырууну камсыз кылуу.
2. *уруксат берүү* адамдарга активдүү кыймыл-аракет жасоого укук-уруксат берүү.
3. тыюу салуу мыйзамда белгиленген иш-аракеттерге тыюу салуу.

Уруксат берүү жана тыюу салуу ыкмаларынын айкалуушусуна жараша укуктук жөнгө салуунун 2 чоң ыкмасын же гибин айтсак болот.

1) жалпы уруксат берүү бул мыйзамда түздөн-түз тыюу салынган нерселерден башкасынын баарына уруксат берилет деген принципке негизделген;
2) *тыюу салуу* бул мыйзамда түздөн-түз уруксат берилгенден башкасынын баарына тыюу салынат деген принципке негизделген

## 8. Укуктагы мажбурлоо жана үгүттөө (үндөө) методдорунун айкалышы

Укуктук жөнгө салуу системасында мажбурлоо жана үгүттөө методдору кеңири колдонулат.

**Үгүттөө** деген бул укуктук карым-катнаштардын субъектилерин аныкталган жүрүм-турумга, иш-аракетке күч колдонбой, алардын аң-сезимине, алардын өз эркине таянып багыттоо болуп эсептелинет. Үгүттөө негизинен субъектилердин укуктарын кеңейтүү, мыйзам ченемдүү кызыкчылыктарын, жеңилдиктерин ыйгаруу аркылуу жөнгө салынат, мыйзамды сыйлоого, бекемдөөгө негизделет.

*Үгүттөөнүн* негизги формалары катары укуктук тарбияны, мыйзам долбоорлорун талкуулоону, адамдардын, өзгөчө жаштардын, укуктук билимин жогорулатууларын айтсак болот.

**Мажбурлоо** бул укуктук жөнгө салуунун адамга күч колдонуу, анын эркин жүрүм-турумун чектөө аркылуу ишке ашкан метод. Мажбурлоо методу укук чөйрөсүндө тыюу салуу, токтотуу, жаза берүү сыяктуу ыкмалар менен аныкталат.

*Мажбурлоонун өзгөчөлүктөрү:*

1. бул укуктук жөнгө салуунун субъектке болгон катуураак ыкмасы;
бул метод адатта *үгүттөөдөн кийин* гана, экинчи нрээтте колдонулуучу метод;
3. бул метод укуктук системада аныкталган *өзгөчө процессуалдык* формаларда ишке ашырылат;

4. бул метод негизги максат катары эмес. түзөтүү. кайра тарбиялоо. ондоо максатында колдонулат.

Мыйзам чыгаруунун жана мыйзамдын эң негизги багыты жана максаты ушул эки методдун калыс. ошол кездеги социалдык. саясий. экономикалык жагдайларга төп келген *айкалышын* камсыз кылуу болуп эсептелет.

Чоң кылмышка назик. жеңил-желпи жаза колдонуу туура эмес. Ошол эле маалда майда-чүйдө. коомго чоң коркунуч алып келбеген кылмыштуулукка өтө катуу жаза чектеш бул дагы укуктун коомдогу абройун кетирип коюушу мүмкүн.

Айтылган эки методдун калыс жана эффективдүү айкалышы төмөнкү жагдайларга негизделет:

1. кандай гана кылмыш же жазык (проступок) болбосун ал сөзсүз түрдө *жазаланышы* керек. Жазаланбай калган кылмыш бул эң коркунучтуу коомдук көрүнүш;
2. демократиялык мамлекетте үгүттөө иши. кылмыштын алдын алуу. профилактика иши негизги иш болуп саналыш керек:
3. мамлекеттин сөзсүз түрдө кылмышты жазалоо боюнча экономикалык. аскер. саясий жана уюштуруу мүмкүнчүлүктөрү. ресурстары болуш керек.

**Суроолор**

1. Объективдик жана субъективдик укуктарынын белгилери кандай?
2. Мамлекет менен укуктун катнашынын маңызы эмнеде?
3. Укуктун негизги теорияларынын маңызын анализдеп. алардын оң жана терс жактарын аныктагыла?
4. Укук, экономика жана саясаттын карым-катнаштарын аныктап бергиле?
5. Укук кандай принциптерге негизделиш керек?
6. Укуктун кандай функцияларын билесиз. аларды анализдеп чыгыңыз?
7. Укуктун коомдук баалуулугу эмнеге негизделген?
8. Укуктун иш-аракетинин мазмунун аныктап. анализдеп чыккыла?
9. Укуктун үгүттөө жана мажбурлоо методдору кандай айкалышат?

# 7 БАП. АДАМ (ИНСАН), УКУК ЖАНА МАМЛЕКЕТ

## 1. Адамдык жана граждандык укуктардын түшүнүгү жана мазмуну

Адам укуктарынын мазмунун жана маңызын аныктоодон мурун. биз, адам. инсан жана гражданин (жаран) деген түшүнүктөрдүн бири-биринен айырмасын туура аныктап алышыбыз абзел.

*«Адам»* деген категорияда адамдын биологиялык жагдайына, аны тирүү организмдеринин системасынын өкүлү катары негизги көңүл бөлүнөт.

*«Инсан»* деген түшүнүк адамды коомдук, социалдык жактан аныктайт, анын коомдун алдында, өзүнүн алдында жоопкерчилигин сезүү жагына көбүнчө көңүл бурат.

*«Гражданин»* (жаран) деген түшүнүк болсо адамды укуктук жактан, конкреттүү мамлекет менен болгон карым-катнашын аныктайт.

*Адам укуктары* деп биз мыйзам аркылуу коргонгон, адамдын негизги кызыкчылыктарын камсыз кылган адамдын жүрүм-турумдарын айтсак болот. Бул - жалпы, универсалдык түшүнүк. Ал түшүнүк адамдын табиятынан келип чыгат жана адамдын күнүмдүк, эң жөнөкөй, ошол эле маалда эң маанилүү болуп келген кыймыл-аракеттеринин ишке ашышын мамлекет *камсыз* кылышы керек дегенди билдирет.

Адам укуктарына төмөнкү негизги белгилер тийиштүү:

1. алар адамдын табигый жана социалдык түпкү маңызынан пайда болот жана өнүгөт;
2. алар объективдүү негизде пайда болот жана мамлекеттик таанууга муктаж эмес;
3. ар бир адамга ал укуктар төрөлгөндөн баштап таандык;
4. ал укуктарды адамдан айрып алууга болбойт, алар адамга түп тамыры менен, айрып алгыс таандык; жер, суу, аба сыяктуу эле табигый көрүнүш деп эсептелиниши керек;
5. алардын ишке ашуусу токтоосуз болуш керек, ошол ишке ашуусунда гана (практика жүзүндө гана) алар өмүр сүрөт жана өнүгөт;
6. алар коомдогу эң жогорку баалуулук болуп эсептелинет;
7. укук системасынын негизги, айрып алгыс бөлүгү болуп саналат жана укук системасынын негизги маңызын аныктайт;
8. алар мамлекет менен адамдын ортосундагы карым-катнаштарды аныктаган принциптер жана нормалар аркылуу өмүр сүрөт;
9. аларды таануу, ишке ашыруу жана коргоо бул мамлекеттин ыйык парзы.

Мисалы, жашоо укугу, татыктуу өмүр сүрүү укугу адам төрөлгөндөн баштап аны менен кошо пайда болот. Калган көп укуктары ишке ашыш үчүн адамда инсандык, граждандык сапаттар жана касиеттер болушу керек. Башкача айтканда, ал укуктар адам аныкталган жашка барганда пайда болушу мүмкүн.

Адам жана граждан укуктары – бул өтө татаал жана көп кырдуу көрүнүштөр, алардын ар кандай түрлөрү болушу мүмкүн:

1. *мазмунуна жараша:*
   - *граждандык же атуулдук* укуктар (жашоо укугу, ар намысын коргоо укугу, телефон сүйлөшүүнүн жана кат жазуунун жабык-жашыруу болуш укугу ж. б.);
   - саясий укуктар (шайлоо жана шайлануу, чогулуш, митинг, демонстрация жасоо, мамлекеттик кызматка иштөөнүн тең укуктары ж. б.);
   - экономикалык (жеке менчик укугу, ишкердүүлүк, эс алуу, иштөө укуктары);

- социалдык (үй-бүлөсүн коргоо, энеликти жана балалыкты коргоо, саламаттыкты сактоо, социалдык камсыздануу жана башка укуктар);
- маданий (билим алуу, чыгармачылык эркиндик, маданий турмушка катышуу, техникалык жана илимий жетишкендиктер менен пайдалануу жана башка укуктар);

2. *бири-бирине баш ийүүсү боюнча:*
   - негизги укуктар (м: мамлекетти жана коомду башкаруу укугу);
   - кошумча укуктар (м: шайлоо укугу).
3. *конкреттүү мамлекетке таандык жалдайларга жараша:*
   - кыргыз граждандарынын укуктары.
   - чет мамлекеттеринин граждандарынын укуктары;
   - граждандуулугу жок адамдардын укуктары.
   - эки мамлекеттин граждандуулугуна граждандарынын укуктары.
4. *таралуу деңгээлине жараша:*
   - жалпы (бардык граждандарга тийиштүү);
   - атайын укуктар (бул укуктар граждандардын социалдык абалына, жашына жараша болот). М. пенсионерлердин укуктары, жашы жетпегендердин укуктары, ветерандардын укуктары.
5. *субъектилердин характерине жараша:*
   - жеке укуктар (эмгекке, жашоого ж. б.);
   - коллективдүү укуктар (иш таштоого, митингдерге ж. б.).
6. *аларды ишке ашыруу процессиндеги мамлекеттин ролуна жараша.*
   - терс (мамлекет адамдарга таасир кылуу ыкмалардан баш тартууга милдеттүү);
   - оң (мамлекет адамга, анын укуктарын сактоого жана онуктурүүгө жакшы шарт түзүп бериш керек)

## 2. Инсандын укуктук статусу

Укуктук статус бул адамдын (субъектин) коомдогу юридикалык жактан аныкталган жагдайы. Бул түшүнүк инсандын социалдык ролун, анын коомдогу чыныгы жагдайын аныктайт. **Укуктук статус** бул Конституция жана башка мыйзамдар аркылуу аныкталган инсандын укуктарынын жана жоопкерчиликтеринин жыйыны, жана аларды практикага ашырган мамлекеттик органдардын жана кызмат ээлеринин ыйгарым укуктары.

Так айтканда, инсандын юридикалык укуктары жана жоопкерчиликтери анын чыныгы укуктук статусунун өзөгүн түзөт.

Инсандын укуктук статусунун элементтери:

1) укуктары жана жоопкерчиликтери;
2) мыйзам ченемдүү кызыкчылыктары;
3) укукка ээ болуу мүмкүнчүлүгү (правосубъектность);
4) граждандуулугу;

5) юридикалык жоопкерчилиги;
6) укуктук принциптер.
Укуктук статусу *жалпы, өзгөчө* жана *жекече* болсок болот.
*Жалпы статус* – бул адамдын кайсы бир мамлекеттин гражданы катары аныкталган статусу. Мисалы, Кыргыз Республикасында бардык граждандардын статусу бирдей.
*Өзгөчө статус* – бул граждандардын өзгөчө топторунун мыйзамдар аркылуу аныкталган статусу (мисалы, аскер кызматкерлери, студенттер, адвокаттар).
*Жекече статус* – бул ар бир конкреттүү адамга тиешелүү, таандык юридикалык укуктар жана жоопкерчиликтер. Бул статус ошол адамдын жашына, иштеген кызматына, үй-бүлөлүк жагдайына, иштеген стажына ж.б. нерселерге байланыштуу болот.

### 3. Укуктук мамлекет: түшүнүк жана принциптери

Мамлекет менен укук – бул бири-бирине өтө жакын, бири-бирине терең таасир кылган социалдык көрүнүштөр.

Булардын ортосундагы мамилелердин татаал түйүнүн 2 типке бөлсөк болот:

1. Мамлекет укукка үстөмдүк кылып, укуктун өнүгүү багытын жана максатын толугу менен аныктаган мамиле (бул демократиялык эмес мамлекеттерге негизинен таандык).
2. Укук мамлекетке салыштырмалуу үстөмдүк кылып, мамлекеттин социалдык ролун чектеп, анын өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын өзгүн аныктаган мамиле (бул укуктук мамлекетке таандык).

**Укуктук мамлекет** – бул адамдын жана граждандардын укуктарын жана эркиндиктерин толук камсыз кылганга жетишкен саясий бийликтин түзүлүшү. Мындай мамлекетте укуктук жолго салуу методдору аркылуу мамлекеттин бийлиги чектелет жана мамлекет тарабынан бөлүп кетчү ар кандай кыянат пайдаланууларга жол берилбейт.

Укуктук мамлекеттин идеясы саясий зомбулукту, саясий деспотизмди болтурбоодон улам чыгып келген.

Укуктук мамлекеттин 2 негизги принцибин айтсак болот:

1) Адамдын жана граждандын укуктарын жана эркиндиктерин колдон келишинче толугу менен камсыз кылуу жана инсандык өнүгүүгө чыныгы укуктук өбөлгөлөрдү түзүп берүү.
2) Мамлекеттик бийлик зомбулукка, зордукка ооп кетпөөсүнө укуктук, юридикалык чек коюу жана ал чекти чыныгы практикага ашыруу.

Биринчи принцип адатта Конституцияда каралган жана бекитилген адам укуктары аркылуу аныкталат. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын _15_ статьясында жазылгандай, адам, анын укуктары жана эркиндиктери эң жогорку баалуулук болуп эсептелинет.

Инсандын, адамдын толук кандуу жана ар тараптуу өнүгүшүнө кепил болуу, аны чыныгы жүзөгө ашыруу - бул укуктук мамлекеттин эң негизги милдети жана максаты. Бул жерде адамдын жана граждандын укуктары табигый, биринчи иретте деп эсептелинип, ошол эле убакта мамлекеттин бийлик функциялары ошол адам укуктарына шайкеш келип, ошолордун жыйынтыгы болуш керек.

Адатта, укуктук илимде адам укутарынын жалпы Декларациясында (1948-жылы Бириккен Улуттар Уюму аркылуу кабыл алынган) аныкталган граждандык, инсандык, экономикалык, социалдык, саясий, маданий ж. б. укуктар табигый укуктар катары аныкталат жана кабыл алынат.

Укуктук мамлекеттин экинчи принциби болсо, төмөндөгү принциптер аркылуу аныкталат:

- бийликти мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүү;
- мыйзамдын үстөмдүүлүгү;
- мамлекет менен инсандык бири-бирине болгон жоопкерчилиги;
- граждандык коомдун өнүгүү деңгээли.

### 4. Бийликти бөлүштүрүү - укуктук мамлекеттин негизги принциптеринин бири

Бийликти бөлүштүрүү - бул принцип Д.Локк, Ш.Монтескье сыяктуу саясий илимпоздордун ой-жүгүртүүлөрүндө эле негизинен аныкталып, акыркы эки кылымда дүйнөлүк коомчулукта кеңири калыптанып, демократия мамлекеттеринде такай орун алып келген көрүнүш десек жаңылышпайбыз.

Бул принциптин негиздерин төмөнкү идеялар аныктайт:

1) бардык бийлик бир эле саясий топтун же бир органдын колунда болбош керек. Эгер андай болсо, ал мамлекет зордук зомбулук жолуна түшүп кетиш мүмкүнчүлүгү бир топ эсеге көбөйөт,
2) мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигине бөлүнүш керек;
3) ар бир бийлик өзүнө гана таандык функцияларды аткарыш керек;
4) эгер бийликтин бир түрү аша чаап баратса, анын кыймыл-аракеттери башка бийлик аркалуу чектелиш керек;
5) бийликтин ар бир түрү кандайдыр бир деңгээлде башка бийликтен көз карандысыз болушу зарыл;
6) бийликти жөн эле бөлүп коюш – бул негизги максат эмес. Негизги максат – бул бийликтин 3 түрүнүн шайкеш иштеши, айкалынышы.

Мисалы, *мыйзам чыгаруу* бийлигине таандык мыйзам кабыл алуу процесси өтө катуу регламенттелген, анын сөзсүз өтүүчү этаптары белгиленген. Кээ бир мыйзамдар, мисалы, Конституцияны өзгөртүү боюнча закондор, депутаттардын 3/2 менен гана кабыл алынат, же болбосо сөзсүз түрдө 2 же 3 окуудан (чтение) кийин гана кабыл

алынуучу мыйзамдар бар. Бул бийликтин өзүмчүлдүгүн чектөө боюнча Президенттин ролу өтө чоң. Мисалы, Президент кээ бир мыйзамдарга вето (тыюу салуу) колдонушу мүмкүн. Конституциялык соттун иш-аракети дагы мыйзам чыгаруу процессин бир нукка салат. Себеби, бул орган, Конституцияга каршы келген мыйзамдарды кабыл алууга тыюу салат жана андай мыйзамдарды (нормативдик актарды) жокко чыгарат.

*Аткаруу* бийлигинин мүмкүнчүлүктөрү дагы чектелүү. Мисалы, алар мыйзам аркылуу гана алынуучу нормативдик актыларды кабыл ала албайт. Алардын ичине президенттик бийликтин мөөнөтү, Президентке ишенбөөчүлүк (импичмент) жарыялоо, аткаруу бийлигинин кызматкерлери мыйзам чыгаруу бийлигине шайланып, бир эле маалда эки жумушту аткаруу ж. б. нерселерди кошсок болот.

*Сот* органдары дагы өзүнүн ишмердүүлүгүндө ар кандай, өзгөчө Конституцияда белгиленген чектөөлөргө дуушар болот. Мисалы, алдын ала күнөөлүү эмес (презумпция невиновности) принциби, соттун ачык жана айкын болушу принциби, мыйзам алдында бардык граждандардын тең укуктуулук принциби ж. б.

Кыргыз Республикасындай мамлекеттердин өнүгүшүнүн практикасы аныктагандай, мамлекеттин Конституциясы (Негизги Мыйзам) бул бийликтин калыс жана так бөлүнүшүнүн, бийликтин ар кандай тармактарынын бири-бирине үстөмдүк кылбай, шайкеш иштешинин эң негизги жана эң эффективдүү ыкмасы болуп эсептелинет.

## 5. Мамлекет менен инсандын бири-бирине болгон жоопкерчилиги

Бул принцип дагы укуктук мамлекеттерди негиздөөчү принциптердин бири. Белгилүү немец философу Иммануил Кант айткандай, бийлик ээси мыйзамды так аткаруу боюнча адамды кандай мажбурлай алса, ошол эле граждандын бийлик ээсин дагы мыйзамды так аткарууга мажбурлоого тең укугу жана мүмкүнчүлүгү болуш керек.

Башкача айтканда, бул принцип негизинен мамлекеттик бийлик зордук-зомбулукка оой кетпөөгө, укуктук жолдон чыгып кетпөөгө багытталган. Мамлекет укукту кабыл алат, пайда кылат, бирок, ошол эле маалда, мамлекет өзү дагы укуктук чөйрөдө гана иш-аракет кылыш керек, анын өзүнүн чечимдери дагы мыйзам ченемдүү болушу абзел. Ошол үчүн, мамлекет кабыл алып аткан мыйзамдар жана чечимдер мамлекеттин гана кызыкчылыгын эмес, ошол мамлекетти түзгөн элдин, адамдын, инсандын дагы кызыкчылыктарын көздөш керек. Ошентип – адамдын укуктарын, эркиндиктерин таануу, ишке ашыруу жана коргоо – бул мамлекет тарабынан *колкоо эмес*, ыйык парз жана милдет деп эсептелиниши керек.

Укукка, мыйзамга баш ийүү менен, мамлекет өзү дагы ошол мыйзамдарды сактабаса, бузса жоопкерчиликке тартылышы керек. Админстративдик зомбулукту болтурбоо иррэтинде, мамлекеттик

бийлик дагы мыйзам ченемдүү иш жасаш үчүн ар кандай гарантиялар белгиленген.

Алардын арасына төмөнкүлөрдү кошсок болот:

1. өкмөттүн өкүлчүлүк органдарынын жана элдин алдындагы жоопкерчилиги;
2. мамлекеттик кызмат адамдарынын мыйзам бузуу, адамдын укуктарын басмырлоо учурундагы админстративдик, граждандык жана кылмыштык жоопкерчилиги;
3. ишеним көрсөтпөө же импичмент процедуралары;
4. элдин митинг, демонстрация, иш таштоо, ачкачылык жарыялоо ж. б. нааразычылык билдирүү мүмкүнчүлүктөрү;
5. тигил же бул маселе боюнча референдум өткөрүү;
6. массалык маалымат каражаттары аркылуу мамлекеттик бийликти сындоо;
7. өзүлөрү шайлап алган өкүлчүлүктүү органдардын мүчөлөрүн кайра чакырып алуу ж. б.

Ушундай эле, укуктук принциптерде инсандын мамлекеттин алдындагы жоопкерчилиги аныкталат. Мамлекеттик бийликтин мажбурлоо ыкмалары дагы мыйзам ченемдүү болуш керек, алар адам укуктарынын негиздерине шек келтирбеш керек, мажбурлоо кылмыштын оорлугуна шайкеш келиши керек.

Ошентип, мамлекет менен адамдын ортосундагы мамилелер бири-бирин сыйлоо, бири-бирине болгон жоопкерчилик принцибине ылайык болуш керек.

## 6. Граждандык коомдун түшүнүгү, структурасы жана белгилери

Граждандык коом деген түшүнүк Аристотель, Цицерон, Гроций, Гоббс, Локк, Гегель, Маркс сыяктуу улуу ойчулдар аркылуу аныкталып, өнүккөн.

*Граждандык коом* бул адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга багытталган нравалык, диний, улуттук, социалдык-экономикалык, үй-бүлөлүк ж. б. карым-катнаштардын системасы десек болот.

Граждандык коомдун структурасы:

1. мамлекеттик эмес социалдык–экономикалык карым-катнаштар жана институттар (менчик, эмгек, ишмердүүлүк);
2. мамлекетке көз каранды эмес өндүрүшчүлөр системасы (жеке менчик, акционердик фирмалар, эркин дыйкандар, фермерлер);
3. коомдук уюмдар жана бирикмелер;
4. саясий партиялар жана кыймылдар;
5. мамлекеттик эмес тарбия жана билим берүү чөйрөсү;
6. мамлекеттик эмес, көз карандысыз массалык маалымат каражаттары;
7. үй-бүлө;
8. диний уюмдар (церковь, ж. б.);

Граждандык коомдун негизги белгилери:

- адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо;
- өзүн-өзү башкаруу;
- аны түзгөн, курамына кирген топтордун жана структуралардын атаандаштыгы;
- эркин калыптанган коомдук пикир жана көп пикирчилик;
- маалымат алуу укугунун чыныгы ишке ашырылышы жана жалпы маалымдуулук;

  эгер, мамлекеттик органдар субординация (бири-бирине баш ийүү) принцибинде иштесе, граждандык коом координация (бири-бирине шайкеш келүү) принцибинде иш алып барат;
- экономиканын көп менчиктүү, көп кырдуулугу (многоукладность);
- бийликтин демократиялуу жана мыйзам ченемдүү мүнөзү;
- укуктук мамлекет;
- мамлекеттин күчтүү социалдык саясаты.

### Суроолор

1. Адам укуктарынын негизги белгилери кайсылар?
2. Адамдын жана граждандардын укуктарынын кандай түрлөрүн билесиз?
3. Инсандын укуктук статусунун кандай элементтерин билесиз?
4. Укуктук деген мамлекет кандай принциптерге баш ийиш керек?
5. Бийликти бөлүштүрүү эмнеге керек, бул процесс кандай принциптерге негизделиш керек?
6. Мамлекет менен инсандын ортосундагы жоопкерчилик кандай түзүлөт жана өнүгөт?
7. Граждандык коом дегенди кандай түшүнөсүз?

## 8 БАП. УКУК НОРМАЛАРЫ

### 1. Укук нормалары жөнүндө түшүнүк

**Укуктук норма** - бул коомдук карым-катнашына тартип орнотууга багытталган, коомдун материалдык шарттарына ыңгайлашкан элдин эркин жана кызыкчылын көздөгөн, жалпылык сөзсүз түрдө аткарууга тийиш, мамлекет аркылуу аныкталган жана коргоого алынган жүрүм-турум. Бир дагы мамлекеттүүлүккө ээ болгон коом укук нормаларысыз өмүр сүрө албайт.

Укук нормаларынын негизги белгилери:

1. Укук нормалары жүрүм-турумдардын негизги бөлүктөрүнө көңүл бурат, башкача айтканда, жүрүм-турумдарды *коомдук карым-катнаштын* бир түрү катары аныктайт.

Укук нормасында аныкталган жүрүм-турумдун негизги белгилери сөзсүз түрдө жүзөгө ашырылыш керек. Башкача айтканда, атуулдук, адамдык милдеген кылык-жоруктарды анализден чыгып, алар жалпыланып, *эң негизги, эң маанызүүлөры* укук нормаларынын өзөгүн түзөт жана алар мамлекеттин карамагына өтөт.

2. Укук нормасынын кандай гана түрү болбосун ( уруксат берүү, тыюу салуу ж. б.), ал сөзсүз түрдө *аткарылыш* керек. Бул шарт кандай болбосун мамлекеттин карамагында жана көзөмөлүндө болот жана ал аткарылбаса, анда аны аткаруу боюнча мажбурлоо чарасы колдоно башталат.

3. Укук нормасы сөзсүз түрдө таасир тийгизүү күчүнө ээ. Мында жөнгө салуу ыкмалары ошол карым-катнаштын өзгөчөлүгүнө жараша болот. Ал өзгөчөлүктөргө ким менен кимдин карым-катнашы, алардын милдет-жоопкерчиликтери, аткарбай койсо колдонулуучу санкциялар жана башкалар кириши мүмкүн.

4. Укук нормасы *жалпыга* тийиштүү, сөзсүз түрдө аткарылуучу жүрүм-турумдун эрежеси. Анын мааниси жана маңызы, негизги талабы өзүнчө алган бир адамга гана эмес, ушул карым-катнашка катышкан же катыша турган *бардык* адамдарга тиешелүү. Башкача айтканда, анын талаптары *аныкталбаган* (неопределенный) субъектилеринин баарына тиешелүү, башкача айтканда, бул норманын укуктук «укуругуна» тигил же бул шартта, коомдун ар бир адамы дуушар болуп калышы мүмкүн.

5. Укуктук норманын конкреттүү адамга багытталбаганы же болбосо анын абстрактуулугу, *ал норманын мазмун-маңыздуу эмес* дегенин билдирбейт. Тескерисинче, укуктук норма деген атка татыктуу болуш үчүн, ал норма, сөзсүз түрдө так жана ачык мазмун-маңызга ээ болуш керек.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 15 статьясында жазылгандай, жеке адамдар же юридикалык жактар мамлекеттик органдардын же өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан жазылган мыйзамсыз иш-аракеттердин кесепетинен зыян тартса, ал зыян ошол мамлекеттик органдын эсебинен төлөнүп берилиш керек деп айтылган.

Бул статьяда укук нормасынын маңызы так жана ачык жазылган. Ушундай зыян келтирүүнүн *ар бири*, Кыргыз Республикасынын кайсы жеринде гана болбосун, кандай гана органдын кесепетинен болбосун, канча жолу болбосун, ал сөзсүз түрдө төлөнүп берилиш керек. Башкача айтканда, укук нормасы *кайталануучу, турмушта көп жолугуучу, эң негизги коомдук карым-катнаштарды* аныктайт жана жөнгө салат.

6. Укук нормасынын маңызы жана мазмуну ошол норма аркылуу жөнгө салынып жаткан коомдук катнаштардын объективдүү табиятына, анын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот.

Укук нормасы ошол мамлекеттин укуктук маданиятына, укуктук жөнгө салуудагы тажрыйбасына, саясий жана нравалык умтулууларына жараша калыптанат.

Бүгүнкү күндө укук нормаларынын сапаттык деңгээлин жакшыртуу процесси 2 жол менен жасалат.

1) норманын маңызы жакшырылат, ал норма социалдык чындыкка жана калыстыкка кыйла жакындатылат,
2) укук нормаларынын структурасы жана жалпы системасы өнүктүрүлөт жана жакшырылат

## 2.Укук нормасынын структурасы

Ар бир укуктук норма өзүнүн ички биримдиги, бөлүнбөстүгү жана биримдүүлүгү менен мүнөздөлөт, башкача айтканда, анын өзүнүн структурасы бар. *Структура* деп, биз бул жерде, ошол көрүнүштүн ички мазмунун, байланыштарын жана элементтердин бири-бирине болгон катнаштарын түшүнөбүз.

Ушундай түшүнүккө ылайыктуу, укук норманын структурасына 3 элемент кирет:

1. *Гипотеза* бул турмушта кезиккен чыныгы жагдайлар (адамдардын иш-аракеттери ж. б.). Ушул жагдайлар болгондо же болбогондо гана укук нормасы ишке ашырылат;

2. *Диспозиция* бул укук нормасынын эң негизги өзөгү, себеби, диспозицияда субъектилердин (гипотезада аныкталган жагдайларга жараша) жүрүм-турумунун эрежелери белгиленет. Ар бир субъект ошол эрежеге баш ийиш керек;

3. *Санкция* бул диспозицияда аныкталган эрежелер сакталбаган учурда субъектке карата көрүлгөн чара, жаза.

Көрүлүүчү чаралардын ачык аныкталышы боюнча санкциянын 3 түрү болушу мүмкүн:

- так, ачык аныкталган санкция (мисалы, штрафтын так өлчөмү);
- ачык аныкталбаган санкция (мисалы, эркинен *3 жылдан 10 жылга чейин* ажыратуу);
- альтернативдик санкция (мисалы, эркинен 3 жылга чейин ажыратуу, же 1 жылга чейин түзөтүү иштерине жиберүү, же штраф...)

## 3. Укук нормасынын жазуу ыкмалары

Укук нормаларынын чыныгы дарамети, мүмкүнчүлүгү алардын жазуу түрүндө бекитилген официалдуу документтер аркылуу аныкталат. Алардын ичинен эң негизгиси жана көп кездешүүчүсү, бул укуктук нормативдик акт болуп саналат.

Укуктук нормативдик актынын негизги белгилери:

- ❖ компетенттүү мамлекеттик органдар аркылуу же жалпы элдин эркин билдирүү (референдум) аркылуу кабыл алынат;
- ❖ бул актыларда укук нормалары белгиленет, өзгөрүлөт же жокко чыгарылат;
- ❖ бул актылар юридикалык күчкө ээ, жана мамлекет тарабынан коргоого алынып, ишке ашырылат;
- ❖ аныкталган жана керектүү структурага ээ, жазуу түрүндө кабыл алынган *документтер* аркылуу ишке ашырылат;
- ❖ ал актылар *легитимдүү* же, башкача айтканда, мыйзамдуу (закондуу) болуп эсептелинет.

Укуктук-нормативдик актыларда укук нормаларынын жазылышы ар кандай формада болушу мүмкүн. Бирок, кандай гана формада болбосун, ал норманын ички, логикалык структурасы, маңызы сөзсүз түрдө сакталат.

Көптөгөн укук нормаларын жазуу ыкмаларын жыйынтыктап, төмөндөгү варианттарга токтолсок болот:

- ➢ нормативдик актынын бир статьясы укук нормасынын бир гана бөлүгүн түзөт. Же тескерисинче: укук нормасы нормативдик актынын бир нече статьясында аныкталат;
- ➢ бир нече бири-бири менен байланышкан укук нормалары бир эле статьяда камтылат. Же тескерисинче: бир укук нормасы бир статьянын бир бөлүгүндө эле камтылат;
- ➢ бир нече укук нормаларын бириктирген гипотеза же диспозиция бир эле статьяда камтылат. Башкача айтканда, ал гипотеза же диспозиция «кашаадан тышкары» чыгарылып, бир топ укук нормалардын жалпы бөлүгүн түзөт;
- ➢ бир эле статьяда, бир нече укук нормалардын диспозициялары же гипотезалары камтылышы мүмкүн;
- ➢ гипотеза менен диспозиция бир статьяда жайгашып, санкция болсо башка статьяда аныкталышы мүмкүн.

Укук чыгаруу органдын алдында өтө татаал маселе турат. Себеби, ал органдын кабыл алуусу аркылуу жарык көрүп жаткан укук нормасы бир нече талапка жооп бериш керек.

*Биринчиден*, ал норма логика жагынан кынтыксыз болуш керек, ички структурасы жакшы ойлонулган жана аныкталган болууга тийиш.

*Экинчиден* – ал нормалар мүмкүн болушунча кыска жана так жазылышы керек, бул маселеде обу жок кайталоолор болбошу абзел.

*Үчүнчүдөн* – бул норманын грамматикалык тили так, айкын жана жөнөкөй болуш керек. Укук чыгаруучу орган, бул норма биринчи ирээтте калктын калың катмарына, жөнөкөй адамдарга багытталганын эч качан унутпаш керек.

## 4. Укук нормаларынын классификациясы

Укук нормаларды ар кандай негиздер, жагдайлар менен ар кандай түрлөргө бөлсөк болот:

1. Кайсы коомдук карым-катнашты жөнгө салат. Бул негиз боюнча биз мамлекеттик укуктун нормалары, граждандык укуктун нормалары, кылмыш-жаза укуктун нормалары, агрардык укуктун нормалары, үй-бүлөлүк укуктун ж.б.укуктардын нормалары деп бөлсөк болот.
2. Нормалардын юридикалык күчү. Бул негиз боюнча биз 2 түргө бөлсөк болот:
   1. мыйзам нормалары;
   2. мыйзам алдындагы нормалар же болбосо мыйзамга негизделген нормалар (подзаконные акты).

Мурунку главаларда каралгандай, юридикалык күчү боюнча мыйзамдар ойдоруок турат, мыйзам алдындагы актылар болсо *мыйзамга ылайык* болуш керек.

3. Жалпылоо, жыйынтыктоо деңгээли. Бул негиз боюнча укук нормаларын төмөндөгүдөй классификацияласак болот:
   - негизги нормалар же принциптер;
   - жалпы нормалар;
   - конкреттүү нормалар.

*Негизги нормаларга*, мисалы Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 1чи статьясы кирет. Анда граждандык мыйзамдар менен жөнгө салынуучу бардык мамилелер аныкталган. Башкача айтканда, бул статьяда белгиленген мамилелердин кандай гана түрү турмушта кезикпесин, алар сөзсүз түрдө Граждандык Кодекстин тийиштүү статьяларына ылайык жөнгө салынат. Бул негизги принцип болуп эсептелинет.

Жалпы нормага, мисалы Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин 42-статьясында аныкталган «Жазанын түрлөрү» деген статьяны кошсок болот. Бул статьяда белгиленген жазалар кылмыштын бардык түрлөрүнө таандык.

Кыргыз Республикасындагы жалпы нормаларга, албетте, конституциялык нормалар сөзсүз түрдө кириш керек.

*Конкреттүү нормаларга* болсо ар бир кодекстин 95-96% статьяларын кошсок болот. Алар так аныкталган укук мамилелерин жөнгө салган жөндөмгө ээ болгонуна байланыштуу, конкреттүү нормалар деп аталган.

4. Жөнгө салуу ыкмасы. Бул негиз боюнча укук нормаларын төмөндөгүдөй бөлсөк болот:
   - мажбурлоо нормалары. Субъект нормада көрсөтүлгөн жүрүм-турумду аткарыш керек.
   - укук берүү нормалары. Субьект нормада көрсөтүлгөн укуктар менен пайдаланышы мүмкүн.

▪тыюу салуу нормалары. Субъект нормада көрсөтүлгөн жүрүм-турумдан алыс болуп, андан баш тартыш керек.

Албетте, ар кандай укук нормалары бири-бири менен өтө тыгыз байланышкан. Бир эле статьяда мажбурлоо жана тыюу салуу принциптери орун алышы мүмкүн.

Бирок, ушуга карабастан, укуктун ар кандай тармактарында мажбурлоо, тыюу салуу же укук берүү принциптери ар кандай деңгээлде чагылдырылган.

Мисалы, административдик укукта мажбурлоо нормалары: граждандык, үй-бүлөлүк, эмгек, агрардык укуктарда укук берүү; кылмыш укугунда *тыюу* салуу нормалары көпчүлүктү түзөт жана үстөмдүк кылат.

5. Субъекттилердин коомго керектүү иш-аракеттерин активдештирүү.

Бул негиз боюнча укук нормаларын жөнөкөй жана кызыктыруучу деген топторго болсок болот.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын пенсиялык мыйзамдарына ылайык, бийик тоолуу, климаттык шарттары оор райондордо 15 жылдан ашык иштеп жана жашаган, 3 же андан көп бала төрөгөн аялдар 45 жашынан пенсияга чыгууга укуктуу. Бул норманы *кызыктыруу нормасынын* эң жакшы мисалы катары көрсөтүп кетсек болот. Башкача айтканда, мамлекет ошол тоолуу региондо эл жашап, иштеп, көбөйгөнүнө *кызыкдар*.

6. Норманын эрежесин аныктоо боюнча нормаларды биз так (категорические) жана төп (диспозитивные) нормаларга бөлсөк болот.

*Так* нормалар жүрүм-турумдун ачык, так түрүн аныктайт. Бул жерде жүрүм-турумдун кайсы бир түрүн тандоо мүмкүн эмес, нормада жазылган кыймыл-аракетти жазашың керек.

*Төп* нормада болсо жүрүм-турумдун ар кандай түрлөрүн тандап алуу укугу субъекттилердин эркине коюлган. Бирок, кайсы бир субъект кандайдыр бир себептер менен өзүнүн укугу менен пайдалана албай калса, анда төп нормасындагы укук ишке кирет. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 255 статьясында белгилегендей, мерде мыйзамда же келишимде башкасы каралбаса, келишим боюнча буюмга ээ болуусунда менчик укугу, аны өткөрүп алган учурдан баштап пайда болот деп жазылган. Бул статья боюнча, менчик укугун аныктоо убактысы келишим түзүүчүлөрдүн эркинде. Мисалы, бүгүн акчасын төлөп, бирок буюмду бир жылдан кийин өткөрүп алам деп келишимге жазып койсо болот. Бирок ушундай так жазылбай калса, анда ээлик кылуу мөөнөтү буюмду өткөрүп алган учурдан башталат деп аталган статьянын аныктамасы күчүнө кирет.

7. Техникалык ыкманын түрлөрү боюнча укук нормаларын аныкталган (определенные), бланкеттүү жана жөнөтүү (отсылочный) нормаларга бөлүнөт.

*Аныкталган* нормада жүрүм-турумдун эрежеси так жана ачык статьянын өзүндө көрсөтүлөт.

*Бланкеттүү* нормада жүрүм-турумдун эрежесин кайсы бир укуктук нормативдик актынын баарынан же анын бир бөлүгүнөн издөөнү сунуш кылынат.

*Жөнөтүү* нормада болсо жүрүм-турумдун эрежеси кайсы бир укуктук-нормативдик актынын так бир статьясында бар деп көрсөтүлөт.

**Суроолор**

1. Укуктук норма дегенди кандай түшүнөсүз, анын негизги белгилерин аныктап бериңиз?
2. Укуктук норманын структурасына кандай элементтер кирет?
3. Укуктук нормалардын кандай жазуу ыкмаларын билесиз?
4. Укуктук норма кандай талаптарга жооп бериш керек?
5. Укуктук нормаларды классификациялоонун кандай түрлөрү аныкталган? Аларды анализдеп бериңиз.

## 9 БАП. УКУК ФОРМАЛАРЫ

### 1. Укук формалары (булактары) жөнүндө түшүнүк жана анын түрлөрү

Укук формалары деп биз мамлекеттик эрктин тышкы көрүнүшүн, анын практика жүзүндө ашырылышын түшүнөбүз.

Укук булактары деген түшүнүк болсо, кээ бир окумуштуулардын айтымында, укук формасы деген терминден кененирээк түшүнүк. Негизи эле, *булак* деген термин бир нерсенин башаты, башталышы, пайда болушу дегенди билдирет эмеспи. Ушул түшүнүктү юридикалык нормаларга алып барсак, анда укуктун башаттары, булактары деп коомдо кездешкен төмөнкү факторлорду белгилеп кетсек болот:

1) *материалдык булактар* (коомдук турмуштун материалдык негиздери, менчиктин түрлөрү, адамдардын муктаждыктары жана кызыкчылыктары ж. б.);
2) *идеологиялык булактар* (ар кандай укуктук идеялар, концепциялар, укуктук аң-сезим ж. б.);
3) укуктун формалдаштырылган негиздери. Бул накта укуктук формалар.

Укуктук илимде укуктун негизги 4 формасы айтылат.

1) **Укуктук нормативдик акт** – бул атайын жол менен кабыл алынган документ. Ал документти негизи мамлекет жана мамлекеттик органдар кабыл алат. Ал документте укук нормасы, же, башкача айтканда, адамдын жүрүм-турумунун эрежеси аныкталат.

Укуктук - нормативдик актынын өзгөчөлүктөрү:

- бул акт тез аранын ичинде кабыл алынып, коомдо кездешкен ар кандай процесстерди кыска мөөнөттө жөнгө салууга мүмкүнчүлүк түзөт;

- нормативдик актарды бир нуктэге алып келип, системалаштырса болот. Бул ыкма нормативдик актыларды издеп табууну жана туура колдонууну кыйла жеңилдетет;
- нормативдик актыларда укук нормаларын так жана жөнөкөй көрсөтсө болот. Бул нерсе норманы туура түшүнүүгө, эки ачалыкты жоюуга алып келет;
- нормативдик актылар мамлекет тарабынан кабыл алынат жана анын коргоосунда болот.

1. **Укуктук каада-салт** – бул адамдардын тарыхында көп жолугуп, күнүмдүк жүрүм-турумдун негизи болуп калган эрежелер. Мисалы, Кыргыз Республикасынын граждандык кодексинин 4-статьясына ылайык, ээлик кылуу ишинин кандайдыр бир жагында калыптанып калган жана кеңири колдонулган, кандайдыр бир документтер жазылгандыгына же жазылбагандыгына карабастан, мыйзамдарда каралбаган жүрүш-туруш эрежелери укук формасы болуп аныкталып, пайдаланышы мүмкүн. Башкача айтканда, эл кабыл алган, күнүмдүк жүрүм-турумда кеңири пайдаланылган каада-салттар дагы укуктун бир булагы (формасы) болуп эсептелинет. Мисалы, кышында бирөөгө бир жылкы берип, күзүндө кулундуу бээ бересиң деп макулдашып коюшат. Мындай салт кыргыздардын арасында кеңири кездешкен жана муну укуктук булак деп эсептесек болот.
2. **Соттук прецедент** (башкача айтканда, мурун кездешкен юридикалык чечим). Бул нерсе, негизинен Англия, АКШ, Канада сыяктуу мамлекеттерде кеңири кездешет. Юридикалык прецедент – бул, мурун болгон бир юридикалык ишти чечүүдө колдонулган юридикалык чара. Кийин соттор башка, бирок ушул сыяктуу, ушуга окшош юридикалык маселени чечүүдө, мурунку чечимди негиз кылат, ошол чечимге жараша жаңы иш боюнча ошондой эле чечим кабыл алат.
3. **Нормативдик келишим** – бул укук жаратууга ээ болгон субъектилердин бири-бири менен болгон юридикалык келишими. Бул келишимдин негизинде *жаңы* укуктук нормалар пайда болот. Мисалы, Россия Федерациясын түзүү боюнча 1992-жылкы келишим, Бажы союзун түзүү боюнча келишим, Россия менен Белоруссиянын ортосундагы Союздук бир мамлекет түзүү жөнүндө келишим жана башкалар.

Бул келишимдердин негизинде *жаңы* укуктук мамилелер пайда болот жана иштей баштайт.

Укуктук – нормативдик актылардан айырмаланып, нормативдик келишимдер эки же андан көп тең укуктуу субъектилердин ортосундагы, биргелешкен кызыкчылыктарды көздөгөн келишим болуп эсептелинет.

## 2. Нормативдик актылар

*Нормативдик актылар* – бул норма түзүү, кабыл алуу укугуна ээ компетенттик органдар аркылуу кабыл алынган официалдуу документтер. Бул нормативдик актылар атайын бекитилген формада

кабыл алынат жана анда маанилүү. сөзсүз түрдө аткарылуучу юридикалык талап, маалымат камтылат.

Юридикалык нормативдик актыларды ар кандай негиздерге ылайык ар кандай топторго бөлсө болот. Мисалы, укуктук тармактарга ылайык, конституциялык, граждтилерге жараша алар мамлекеттик актыларга, өзүн-өзү башкаруу органдарынын актыларына, бүткүл эл кабыл алган актыларга (референдум) бөлүнүшү мүмкүн.

Бул маселеде бизди өзгөчө кызыктырган бөлүнүш бул нормативдик актылардын юридикалык күчүнө ылайык бөлүнүшү. Бул негиз боюнча бардык нормативдик актылар 2 чоң группага бөлүнөт.

1) Мыйзамдар (закондор).

2) Мыйзам алдындагы (мыйзам ченемдүү) актылар.

Мыйзамдын түрлөрү:

1. **Конституция же Негизги Закон**. Бул закондо мамлекеттин конституциялык негиздери, адамдын жана мамлекеттин граждандарынын негизги укуктары жана эркиндиктери, мамлекеттин түзүлүшү жана башка эң негизги, эң орчундуу маселелер камтылат. Мамлекеттеги кабыл алган закондор жана мыйзам алдындагы нормативдик актылар Конституциянын негизинде, Конституцияга карама-каршылык келбей турган негизде кабыл алынышы керек. Конституциянын эң чоң юридикалык күчкө жана мааниге ээ болгонунун бир мисалы катары Конституциянын жоболорун коргоо үчүн атайын Конституциялык Сот түзүлөөрүн айта кетсек болот.

2. **Конституциялык Мыйзамдар**. Бул мыйзамдар түздөн-түз Конституцияга тийиштүү болот жана адатта өзгөчө жол менен кабыл алынат. Мисалы, Кыргыз Республикасында мыйзамдардын көпчүлүгү Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу палатасы аркылуу кабыл алынат. Бирок, конституциялык деп таанылган мыйзамдар, сөзсүз түрдө Эл өкүлдөр жыйынын кабыл алуусун дагы талап кылат. Башкача айтканда, конституциялык закондор *эки палата* гөн аркылуу кабыл алынат.

3. **Мыйзамдар** коомдогу ар кандай карым-катнаштарды жөнгө салуучу нормативдик актылар. Канчалык көп карым-катнаштар мыйзам менен жөнгө салынса, ошончолук жакшы деп эсептелет.

Бирок, турмуш көргөзгөндөй, бүт бардык карым-катнаштарды мыйзам аркылуу жөнгө салуу мүмкүн эмес. Ошол үчүн нормативдик актылардын экинчи группасы болгон – мыйзам алдындагы (подзаконный) актыларга жол берилет.

Мыйзам алдындагы актылардын түрлөрү:

- Президенттин Указдары жана буйруктары.
- Өкмөттүн токтомдору.
- Министрликтердин буйруктары жана токтомдору.
- Жергиликтүү аткаруу бийликтеринин чечимдери.
- Мекеме-уюмдарда кабыл алынган актылар.

Юридикалык күчү боюнча, албетте, закон (мыйзам) өйдөрөөк турат.

Мыйзам – бул эң жогорку юридикалык күчкө ээ, өзгөчө жол менен кабыл алынуучу, мамлекеттик эркти чагылдырган укуктук нормативдик акт. Мыйзамдардын юридикалык күчү эмнеде?

Биринчиден, калган укуктук актылардын баары, анын ичинде мыйзам алдындагы актылар, мыйзамга дал келиши керек жана ага карама-каршы болбош керек. Эгер, мисалы, Өкмөттүн чечими же токтому кайсы бир мыйзамдын жобосуна каршы келип калса, анда маселе юридикалык күчү боюнча жогору турган мыйзамга ылайык чечилиш керек.

*Экинчиден*, кабыл алынган мыйзам, кайсы бир башка мамлекеттик органдын *бекитүүсүн* талап кылбайт.

*Үчүнчүдөн*, кабыл алынган мыйзамды, аны кабыл алган органдан башка бир дагы орган жокко чыгара же өзгөртө албайт.

Мыйзам алдындагы актылар болсо юридикалык күчү боюнча мыйзам *алдында* болот. Алар, *биринчиден, мыйзамга ылайык, экинчиден, мыйзамдын негизинде, үчүнчүдөн* мыйзамды аткаруу максатында кабыл алынат.

### 3. Нормативдик актылардын чөйрөгө, убакытка жана камтылган субъектилерине жараша болгон таасири

Нормативдик актылардын таасири чөйрөгө, убакытка жана кайсы субъектилердин карым-катнашын жөндөп жатканына байланыштуу чектелген. Башкача айтканда, нормативдик актылардын күчү жана таасири төмөнкү 4 суроого байланыштуу болот:

1) бул нормативдик акт кайсы коомдук катнашты жөндөйт? (предметтик таасир);
2) нормативдик актынын юридикалык күчү кайсы убакыттан башталат жана качан бүтөт? (убакыт таасири);
3) нормативдик актынын таасири кайсы чөйрөгө же аймакка таркалат? (чөйрөлүк таасири).
4) бул нормативдик актынын таасири кимге, кайсы адреске тийиштүү? (субъектилик таасири).

**Предметтик таасир** боюнча, бир укуктук тармактын актылары (мисалы, кылмыш-жаза актылары) башка тармактын актылары жөндөгөн карым-катнаштарга (мисалы, граждандык) тиешеси болбойт. Экинчиден, нормативдик актылар *кыймыл-аракетти* гана жөнгө салат. Башкача айтканда, ой жүгүртүү, ойлоо, ниеттенүү, кыялдануу деген нерселер нормативдик актылар аркылуу жөнгө салуусу мүмкүн эмес жана буга демократиялуу мамлекетте жол берилбеш керек. Бул жерде «кыймыл-аракетим жок болсо, мен закон үчүн жокко эсемин, анын дагы мага тиешеси жок» деген принцип ишке ашыш керек.

**Убакыттык таасир.** Нормативдик актылар кайсы бир так аныкталган убакыттан баштап күчүнө кирет жана ошондой эле так убакыттан баштап күчүн жоготууга тийиш. Бул өтө маанилүү нерсе. Себеби, мыйзамдын ишке кирүү же жокко чыгуу убактысы так аныкталбаса, бул мүчүлүштөргө, кыянаттык менен пайдаланууга, коомдогу туруксуздукка алып келиши мүмкүн.

Ар бир мамлекетте нормативдик актылардын күчүнө кирүү процессин аныктаган атайын мыйзамдар кабыл алынат. Мисалы, Россияда 1994-жылы алынган «Конституциялык, федералдык мыйзамдардын жана Федералдык собраниенин чечимдерин жарыялоо жана алардын күчүнө кирүү жөнүндө» деген атайын мыйзам кабыл алынган. Кыргызстанда дагы 1998-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасындагы укуктук-нормативдик актылар жөнүндө» деп аталган мыйзам бар. Анда Кыргыз Республикасындагы укуктук-нормативдик актыларды күчүнө кирүү мөөнөтү так көрсөтүлгөн. Анда, мыйзамдар официалдуу түрдө жарыялангандан кийин гана күчүнө кирет деп жазылган. Официалдуу түрдө жарыялоо үчүн 2 республикалык гезит «Эркин Тоо» жана «Свободные горы» аныкталган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 67-статьясына ылайык, эгерде, башка мөөнөт көрсөтүлбөсө, анда бардык мыйзамдар официалдуу түрдө жарык коргондон баштап 10 күндөн кийин күчүнө кирет.

Кээде, укуктук нормативдик актыны кабыл алган мамлекеттик орган, ал укуктук актынын күчүнө кирээр күнүн өзүнчө токтом менен аныктайт.

Практикада, кайсы бир нормативдик актынын мөөнөтүн токтотуу үчүн 3 ыкма колдонулат:

1) ушул акт кайсы убакытка чейин күчүнө ээ экени так көрсөтүлөт. Ал убакыт өткөндөн кийин, ал акт өзүнөн-өзү күчүн жоготту деп эсептелинет;
2) иштеп жаткан нормативдик актыны жокко чыгаруу;
3) иштеп жаткан нормативдик актыны, башка, окшош, ушул сыяктуу коомдук катнашты жөнгө салган нормативдик акт менен алмаштыруу. Бул учурда сөзсүз түрдө мурунку акт жокко чыгарылыш керек.

Нормативдик актылар өткөн чакка өз күчүн жайылта албайт деген түшүнүк бар. Башкача айтканда, мисалы, 2001-жылдын 10-февралында кабыл алынган мыйзам ушул күнгө чейинки болуп өткөн катнаштарды жөнгө салууга укугу жок. Себеби, ал окуя, бул мыйзам кабыл алына электе болгон, ал убакта, бул мыйзам жок болучу. Натыйжада, мыйзам жок болгондон кийин кылмыш дагы, жоопкерчилик дагы болушу мүмкүн эмес. Бирок, практикада кээ бир мыйзамдар өткөн чакка дагы жайылтылышы мүмкүн, аны ошол мыйзамды кабыл алган мамлекеттик орган киргизиши мүмкүн. Бул процессти
мыйзамдын тескери күчү

деп атайбыз. Адатта, тескери күчкө жазаны жокко чыгарган же жеңилдеткен гана мыйзам ээ болуш керек.

**Чөйрөлүк таасир.** Бул түшүнүк нормативдик актынын күчү кайсы чөйрөгө, кайсы территорияга жайылат дегенди билдирет.

Негизинен, мамлекеттик мыйзам ошол мамлекеттин бардык территориясында күчүнө ээ болот. Территория деп, биз, ошол мамлекеттин жердин үстүндөгү аймагын, ал аймактын астындагы чөйрөсүн, ички жана территориялык суу мейкиндигин, жер жана суу чөйрөсүнүн үстүндөгү аба мейкиндигин айтабыз. Ошол мамлекеттин территориясы деп төмөнкүлөр дагы эсептелинет:

- элчиликтин территориясы. Мисалы, Кыргыз Республикасынын АКШдагы элчиликтин имараты, ал имаратты курчап турган территориясы Кыргыз Республикасынын территориясы деп эсептелинет. Ошол үчүн, кимдир бирөө ошол элчиликке уруксаты жок кирсе, анда ал Кыргыз Республикасынын чек арасын бузду деп эсептелинет.

Ошондуктан, көп учурда, саясий баш калкалоону сурагандар чет өлкөлүк элчиликтердин имаратына бекинип алышып, өзүнүн талаптарын айтышат.

- аталган мамлекеттерге тийиштүү аскер жана башка кемелердин территориялары.
- учкуч аппараттардын, самолеттордун ички территориялары.

**Субъектилик таасир** адатта, кайсы бир мамлекеттин нормативдик актылары ошол мамлекеттин территориясында жашаган ар бир субъектиге тийиштүү дегенди билдирет. Бирок, бул жалпы эрежеден, 3 нерсени чыгарып таштоо керек.

*Биринчиден,* мамлекет жана өкмөт башчылары, дипломатиялык кызматкерлер *экстерриториалдык укукка ээ болушат.* Башкача айтканда, аларга кылмыш-жаза жоопкерчилигине ылайык, мамлекеттик мажбурлоону жасай албайбыз. Мисалы, америкалык дипломат Кыргызстанда кылмыш жазаса, ал адамды, биз өзүбүздүн мыйзамдарга ылайык жазага тарта албайбыз, себеби, алардын дипломаттык кол тийбестиги бар.

*Экинчиден,* кайсы бир мамлекеттин территориясында жашап жаткан чет өлкөлүк граждандар, граждандуулугу жок адамдар кээ бир укуктарга ээ боло албайт. Мисалы, алар шайлоолорго катыша албайт, мамлекеттик кызматта иштей албайт.

*Үчүнчүдөн,* кээ бир нормативдик актылар, өзгөчө Кылмыш-Жаза Кодексинин жоболору, гражданин кайсы мамлекетте жүрөт, жана башка мамлекеттин мыйзамына ылайык жоопкерчиликке тартылдыбы, жогун карабай, жоопкерчиликке тартууну талап кылат. Мисалы, кайсы бир Кыргызстандын гражданини оор кылмышты жасап, качып кетсин дейли. Ал гражданин кайда жүрбөсүн, кайсы мамлекетте баш калкалабасын, ал Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык жоопко тартылыш керек.

Мындан тышкары, ар бир мамлекетте граждандарынын өзгөчө бир гана тобуна тийиштүү мыйзамдар кабыл алынат. Мисалы, аскер кызматкерлери, милиция кызматкерлери, пенсиядагы адамдар жөнүндөгү мыйзамдар. Ал мыйзамдардын таасири ошол гана топтун мүчөлөрүнө тийиштүү болот.

**Суроолор;**

1. Укук формаларынын кандай түрлөрүн билесиз? Аларды анализдеп бериңиз.
2. Мыйзамдар менен мыйзамга негизделген нормативдик актылардын айырмасы эмнеде?
3. Мыйзамдардын юридикалык күчү эмнеге негизделген?
4. Нормативдик актылардын предметтик, убакыттык, чөйрөлүк жана субъектилик таасирлерин кандай түшүнөсүз?
5. Экстерриториалдык укук деген эмне, бул укукка кимдер ээ болушу мүмкүн?
6. Кыргыз Республикасында мыйзамдардын күчүнө кирүүсүнүн кандай өзгөчөлүктөрү бар?

## 10 БАП. УКУК ЧЫГАРУУ (ПАЙДА КЫЛУУ)

Мамлекет пайда болгондон бери негизги укук нормалары мамлекеттин, мамлекеттик органдардын иш-аракетинин натыйжасы болуп калды. Башкача айтканда, укукту ким жаратат? деген суроого «мамлекет жаратат» десек туура болот. Себеби, мамлекет (мамлекеттик органдар) укукту *жаратат*, укукту *өзгөртөт*, укукту *жокко чыгарат*.

Укук чыгаруунун негизги *субъектиси* катары *мамлекет* аныкталат. Мындан тышкары, кээ бир укуктук нормалар мамлекеттик эмес органдар аркылуу (мисалы, профсоюз аркылуу, өзүн-өзү башкаруу системасы аркылуу) кабыл алынышы мүмкүн. Референдум аркылуу кабыл алынган укуктук нормаларынын субъектиси катары *бүткүл эл* аныкталат.

Укук чыгаруу процессинин негизги белгилери:

1. бул негизинен мамлекеттин активдүү, чыгармачыл ишмердүүлүгү;
2. укук чыгаруу процессинин негизги жыйынтыгы – бул юридикалык нормалардын пайда болушу;
3. укук чыгаруу – бул коомдук башкаруунун негизги ыкмасы, принциби;
4. укук чыгаруу процессинин деңгээли, маданияты ошол коомдун, ошол мамлекеттин демократиялуулугун, өнүгүү деңгээлин аныктайт.

Ошентип, укук чыгаруу – бул өтө маанилүү, мамлекеттик процесс. Коомдун өнүгүүсү бир жерде турбайт, бул процессти тынымсыз

өзгөрүүлөр коштойт. Ошого жараша, мамлекет өзүнүн укуктук системасын дагы тынымсыз өзгөртүп, тактап, оңдоп, сапатын жогорулатып турушу өтө зарыл.

Мамлекеттин өнүгүүсүндө эң жаман нерсе бул укуктук жөнгө салууга дуушар болгон коомдук көрүнүштөр мамлекет аркылуу укуктук жөнгө салынбай калганы. Башкача айтканда, коомдук көрүнүш бар, аны жөнгө салган укуктук-нормативдик акт жок же сапаты начар. Ушундай абалда сөзсүз түрдө башаламандык, өзүм билемдик өмүр сүрө баштайт.

Ушуга байланыштуу, мамлекет коомдун өнүгүүсүн, пайда болуп жаткан укуктук проблемаларды өз учурунда байкап, өз учурунда тиешелүү укуктук норманы жаратып, ал көрүнүштү жөнгө салып турушу маанилүү. Мисалы, Кыргыз Республикасында базар экономикасы өнүгө баштаганда, кээ бир мамлекеттик ишканалардын жетекчилери ал ишкананы атайын финансылык жөндөмсүздүккө алып барып, кыянаттык менен өз кызыкчылыгын көздөгөн фактылар 1990-жылдарда көп кездешкен. Бирок, биздин мамлекеттик органдар бул процессти өз убагында байкап, нормативдик жөнгө салууну уюштурган эмес. Натыйжада, бул процесс кенен орун алып, мамлекетке, экономикага өтө чоң зыян алып келе баштайт. Акырында «Атайылап жасалган банкротчулук» деген статья Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексине 1998-жылда гана киргизилип, мындай иш-аракеттерге укуктук бөгөт коюлуп отурат. Бирок, аталган 7-8 жылдын ичинде атайылап банкротчулук кылгандан канча зыян болду! Ушул жылдарда, тилекке каршы, укуктук жоопкерчилик эмес, атайылап банкротко жеткирүү деген терминдин өзү жокко эсе болучу, бул коомдук көрүнүштү мамлекет жөнгө салган эмес, бул боюнча укуктук норма жок болгон. Укуктук норма болбогондон кийин, мындай иш-аракеттерди «мыйзамсыз» деп аташ дагы, жоопкерчиликке тартыш дагы мүмкүн эмес болучу. Ушундай эле жагдай 1998-жылы араң Кылмыш-Жаза Кодексине киргизилген «Жалган банкротчулук» деген иш-аракетке дагы тийиштүү.

Бул мисалдарды айтып жатканыбыздын себеби, бул: укук жаратуу процесси турмуштан артта калбаш керек, керек болсо алдын-ала изилдөө иштери жүрүп, турмуштан алдыда жүрүш керек. Башкача айтканда, укук чыгаруу процесси коомдо түзүлгөн жагдайга жараша, *биринчиден*, өз убагында укуктук норманы жаратыш керек, экинчиден, ал укуктук норма түзүлгөн жагдайды так жана айкын чечиш керек. Мындай абалда, сөзсүз түрдө көп убакытты талап кылган *мыйзам кабыл алуу* чечиминин кереги деле жок. Турмуш көрсөткөндөй, кайсы бир коомдук көрүнүш мыйзам аркылуу эмес, Президенттин указы, же Өкмөттүн токтому аркылуу тезирээк жөнгө салынат. Анан, убакыт өтүп, тажрыйба топтолгондо, ал Указ же Токтом атайын Мыйзам менен алмаштырылышы мүмкүн. Мындай ыкма практикада көп эле кездешет.

Укук чыгаруу процесси кандай принциптерге баш ийиш керек?

- илимдик негиз. Кайсы бир укуктук норманы жаратаарда, сөзсүз түрдө социалдык-экономикалык абалды, саясий жагдайды, коомдун

муктаждыктарын изилдеп, аныкташ керек. Ансыз, кабыл алынган укуктук норма өз натыйжасына жетпей, кээде болсо, тескерисинче, пайда эмес зыян алып келиши мүмкүн.

- профессионалдуулук. Укук чыгаруу ишин бардык эле адам жасай албайт. Бул иш өзгөчө билимди, тажрыйбаны, көз карашты талап кылат.
- мыйзамдуулук. Укук чыгаруу иши башаламандыкка чалдыкпай, кайсы бир так аныкталган, кабыл алынган, бекитилген мыйзамдын негизинде, алкагында жүрүшү абзел.
- демократиялуулук. Укук чыгаруу иши коомдук пикирди, калың элдин талаптарын эске алыш керек.
- айкындуулук. Укук чыгаруу процесси ачык процесс болуш керек, эл кандай маселе боюнча, кандай мыйзам алынаарын, аны ким даярдаганын, аны кабыл алууда ким кандай позицияны ээлегенин билүүгө толук укугу бар.
- ыкчамдуулук. Укуктук маселе ырбап кетип, коом, экономика чоң зыянга учурай электе ушул маселенин укуктук чечилиши жарык көрүп, иштей башташы зарыл.

## 2. Укук чыгаруунун түрлөрү

Ушул процесстин *субъектисине* же болбосо ким, кайсы орган аталган укуктук норманы жаратканына жараша укук чыгаруунун төмөнкү түрлөрүн белгилесек болот:

1) бүткүл элдик референдум аркылуу укук жаратуусу;
2) мамлекеттик органдардын укук чыгаруусу (мисалы, Жогорку Кеңеш, Өкмөттүн чечимдери);
3) кээ бир мамлекеттик бийлик ээлеринин укук жаратуусу (мисалы, Президенттин Указы, министрдин, губернатордун буйругу);
4) өзүн-өзү башкаруу органдарынын чечимдери;
5) мекеме, ишканалардагы укук жаратуу (директордун буйругу);
6) коомдук уюмдар аркылуу жаралуучу укуктук нормалар (мисалы, профсоюздун чечими).

Өзүнүн юридикалык мааниси боюнча укук жаратуу (чыгаруу) процессин төмөндөгүдөй бөлсө болот:

1. **мыйзам чыгаруу.** Бул процесс парламент аркылуу, өзүнчө регламент менен жүргүзүлөт;
2. **делегацияланган укук чыгаруу**, башкача айтканда, мыйзам чыгаруу органдарынын тапшырмасы боюнча аткаруу бийлигинин укук чыгаруу иш-аракети. Мисалы, кайсы бир мыйзам кабыл алынгандан кийин, Жогорку Кеңеш Өкмөткө, «өзүнүн чечимдерин аталган мыйзамга түздөп, өзгөртсүн» деген тапшырма берет. Өкмөт ал тапшырманы аткару максатында, өзүнүн мурунку, ушул маселелерге тийиштүү чечимдерине өзгөртүү киргизет;

3. **мыйзам алдындагы укук жаратуу,** башкача айтканда. Президенттин. Өкмөттүн аткаруу бийлигинин чечимдери. Коомдогу көп көрүнүштөр сөзсүз түрдө мыйзамды талап кылбайт. Мындан тышкары. мыйзам аркылуу аталган проблеманы майдачүйдөсүнө чейин чечиш мүмкүн эмес. Ошого жараша. мыйзам кабыл алынгыча. кабыл алынгандан кийин деле мыйзам алдындагы чечимдердин мааниси өтө чоң.

Мындан тышкары, мыйзам алдындагы актылар кыска мөөнөттө, ырчыры жок. так жана жөнөкөй формада кабыл алынышы мүмкүн. Ушуга байланыштуу. көп мамлекеттерде. өзгөчө Кыргызстан сыяктуу жаны эгемендүүлүккө ээ болгон мамлекеттерде. мыйзам алдындагы укуктук актылардын мааниси зор жана алар укук чыгаруу системасында кенен орун алган. Кээ бир эксперттердин эсеби боюнча. Парламент кабыл алган ар бир 10-мыйзамга. өкмөт аркылуу кабыл алынган 120-140 чечим туш келет экен.

### 3. Мыйзам чыгаруу жөнүндө түшүнүк. Кыргыз Республикасындагы мыйзам чыгаруу процессинин өзгөчөлүктөрү жана негиздери.

Жогоруда белгилеп кеткендей укук чыгаруу процессинин эң негизги бөлүмүн мыйзам чыгаруу түзөт.

Мыйзам чыгаруу процесси  бул өтө татаал көрүнүш жана төмөнкү баскычтардан турат.

1. **мыйзам чыгаруу демилгеси**. Башкача айтканда, мыйзам чыгаруу демилгеси Кыргызстандын ар бир эле гражданине таандык эмес. Кыргыз республикасынын Конституциясынын _64 - статьясына ылайык. мыйзам чыгаруу демилгесине 30 миң шайлоочудан кем эмес элдин колун топтогон демилге (элдик демилге деп аталат), Президент. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Мыйзам чыгаруу жана Эл өкүлдөр палаталарынын депутаттары, Арбитраждык жана Жогорку Сот (өзүлөрүнө тийиштүү маселелер боюнча) гана ээ болуп саналат. Мындан башка, бир дагы гражданин. же мекеме. ишкана. коомдук уюм, саясий партия мыйзам чегинде мыйзам чыгаруу демилгесине ээ эмес. Башкача айтканда. Кыргыз Республикасындагы кабыл алынып жаткан мыйзамдардын баары аталган органдардын биреөнүн демилгеси менен гана кабыл алынышы мүмкүн ;

2. **мыйзам долбоорун талкуулоо** бул өтө маанилүү баскыч Жогорку Кеңеште өткөрүлөт. Биринчи ирээтте бул жерде мыйзам чыгаруу демилгечисинин доклады угулат. Бул докладда. кабыл алууга коюлган мыйзамдын негизги маңызы. аны кабыл алуунун себептери кеңири талкууга алынат. Бул этапта мыйзамдын долбоорунун сапатын жогорулатуу. ал долбоордогу карама-каршылыктарды жоюу. кээ бир түшүнүктөрдү тактоо сыяктуу маселелер каралат. Адатта, Жогорку Кеңеш коюлган мыйзамдын долбоорунун ар бир статьясын өзүнчө

карайт жана кабыл алат. Кээ бир, өтө маанилүү мыйзамдардын долбоорлору жалпы элдик талкууга коюлушу мумкүн.

**3. мыйзамды кабыл алуу**. Бул процесстин механизми добуш берүүнүн 2 түрүнөн турушу мүмкүн: жөнөкөй көпчүлүк жана басымдуу (аныкталган, квалифицияланган) көпчүлүк добуш берүү. Басымдуу көпчүлүк деп, адатта, добуш берген депутаттардын үчтөн экисинен көп добуш аныкталган.

Мыйзамды кабыл алуу баскычы бул мыйзам чыгаруу процессинин эң негизги этабы. Бул процесс өзү 3 бөлүктөн турат:

1) мыйзамды Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу палатасы аркылуу кабыл алуу (көпчүлүк мыйзамдар ушул палата аркылуу кабыл алынат);
2) мыйзамды Жогорку Кеңештин экинчи палатасы жактыруу. Бул процедура конституциялык гана мыйзамдарды кабыл алууда колдонулат. Кээ бир мыйзамдарды, тескерисинче Эл өкүлдөр жыйыны кабыл алып, Мыйзам чыгаруу палата аркылуу жактырылат. Мисалы, жылда кабыл алынуучу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети жөнүндө мыйзам.
3) кабыл алынган мыйзамга Президент тарабынан кол коюу.

**4. *<u>мыйзамды жарыялоо.</u>***

Аталган баскычтардын ар биринин өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, Жогорку Кеңеш аркылуу кабыл алынган мыйзамга, же анын кээ бир статьяларына Президент каршы болушу мүмкүн. Анда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын _66_ статьясына ылайык, Президент ал мыйзамга «вето» (макул болбостук) коет. Мындай жагдайда, Жогорку Кеңештин 2 жолу бар:

♦ Президенттин ветосун кабыл алып, Президент тарабынан коюлган дооматтарды талкуулап, мыйзамдын тиешелүү бөлүктөрүнө өзгөртүү киргизип, Президенттин талабын аткаруу.

♦ Жогорку Кеңеш (тийиштүү палата) Президенттин дооматтарын четке кагып, мыйзамдын мурунку редакциясын кайра өзүнүн курамынын төрттөн үчү ашкан добуш менен бекитет. Мындай жагдайда, Президент ал мыйзамды сөзсүз түрдө кабыл алып, кол коюп, күчүнө киргизүүгө милдеттүү. Эгер, Президент андай мыйзамга экинчи жолу (биринчиси – ветого чейин) Жогорку Кеңеш кабыл алгандан кийин, 2 жуманын ичинде кол койбосо, андай мыйзам Президенттин колу жоктугуна карабастан, күчүнө кирди деп эсептелинет.

Кабыл алынган мыйзамдарды жарыялоо процессинде дагы өзгөчө талаптар болушу мүмкүн. Ал өзгөчөлүктөр кабыл алынган мыйзамдарды жарыялоонун мөөнөттөрү, кайсы газетада жарыяланыш керек сыяктуу маселелерге байланыштуу.

## 4. Нормативдик актыларды системалаштыруунун түрлөрү

Мамлекет коомдун өнүгүүсүнүн натыйжасында укук чыгаруу функциясын активдүү ишке ашырат. Ушуга байланыштуу, ар кандай коомдук маселелерди жөнгө салган жүздөгөн-миңдеген укуктук актылар жарык көрөт. Алар ар кандай убакта, ар кайсы органдар аркылуу мамлекеттин ар кайсы тарабында үзгүлтүксүз кабыл алынып турат. Ушуга байланыштуу, кээ бир актылар бири-бирине каршы келип калышы мүмкүн. Ошого жараша, коомдук карым-катнаштар бир тартипке келтирилгиче, алардын маңызын чагылдырган, аныктаган укуктук нормалардын жалпысы бир системага, бир тартипке алып келиниши өтө зарыл.

Укуктук нормаларды системалаштыруу ошол актыларды табууну жеңилдетет, кеңири колдонууга шарт түзөт, кайсы актылар эскирип, өзүнүн функциясын аткарбай калганын аныктайт, ар кандай юридикалык чыр-чатактарды чечүүдө өбөлгө түзөт.

Адатта, юридикалык илимде жана практикада, укуктук актыларды системалаштыруунун төмөнкү түрлөрү белгиленет:

❖ **Инкорпорация** бул ар кандай негиздерди жетекчиликке алып, ар кандай укуктук актылардын мазмунун, маанисин өзгөртпөй туруп, бир же бир нече жалпыланган китепчеге (сборник) чогултуу процесси. Инкорпорация тематикалык же хронологиялык негизде жазылышы мүмкүн.

*Тематикалык негиз* бул бир темадагы нормативдик актыларды чогултуп, бир китепче кылып чыгаруу.

*Хронологиялык негиз* – бул бир аныкталган мөөнөттү алып, ошондо кабыл алынган нормативдик актылардын баарын чогултуп, китепче кылып чыгаруу. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2000-жылдын ичинде кабыл алган токтомдорунун жыйнагы.

*Инкорпорациянын негизги белгилери:*

- бул нормативдик актыларды бир системага алып келүүнүн эң жөнөкөй формасы;
- мында ар бир нормативдик актынын юридикалык күчү сакталат, алардын мазмуну өзгөрүүгө жатпайт.

❖ **Кодификация** – бул көптөгөн нормативдик актыларды логикалык, мазмундук жактан өзгөртүп, жаңы бир нормативдик актыга жалпылаштыруу. Кодификациянын негизинде эскирген нормалар жокко чыгарылат, эки-үч мааниге ээ болуп калган жоболор өзгөртүлөт, алардын логикалык кынтыксыздыгы, турмуштук практикага жакындалышы жогорулатылат. Кодификациянын негизинде жаңы нормативдик акт – Кодекс, пайда болот. *Кодификациянын негизги белгилери:*

- Бул процессти атайын белгиленген мамлекеттик органдар кабыл алууга укугу бар. Көпчүлүк учурда, бул Жогорку Кеңештин ыйгарым укугу.

- Кодификациянын жыйынтыгында жаңы нормативдик акт пайда болот. Ал актыны Кодекс деп атайбыз.
- Пайда болгон Кодекс, бул тармакты жөнгө салган көптөгөн нормативдик актыларга юридикалык үстөмдүк кылып, бул тармактагы негизги укуктук акт катары колдонулат.
- Көпчүлүк учурда кайсы бир Кодекс кабыл алынгандан кийин, бул тармакты буга чейин жөнгө салып келген нормативдик актылар жокко чыгарылып, юридикалык күчүн жоготот.

Кыргызстандагы юридикалык практикасында кодификациянын жакшы мисалы катары 1999-жылдын 29-майында кабыл алынган «Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодексин» алсак болот. Бул мыйзам – чыныгы кодификациянын жыйынтыгы. Себеби, буга чейин Кыргыз Республикасындагы шайлоо процесси 1991-жылдан бери колдонулуп келген 3 мыйзам, 3 Жогорку Кеңешинин токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Борбордук шайлоо комиссиясынын бир нече нормативдик актылары менен аныкталып, жүргүзүлүп келген.

Бул Кодекс кабыл алынгандан тартып, бир топ көмүскөдө калган, шайлоо учурунда көп кездешкен маселелер чечилип отурат. Бул Кодекс Кыргыз Республикасындагы шайлоолор процессин өнүккөн мамлекеттердин укук денгээлине жеткирген, бул демократиялык процессин бир белгилүү тартипке, тактыкка алып келгенге өбөлгө түздү. Кодекс кабыл алынганынын негизинде 1991-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө», 1994-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо» жөнүндө сыяктуу мыйзамдар, бул мыйзамдарды ишке киргизүү боюнча Жогорку Кеңештин токтомдору жокко чыгарылды. Ошол эле маалда, бул Кодексте аталган мыйзамдардын эң позитивдүү, эң маңыздуу, убакыттын жана практиканын сыноосунан ийгиликтүү өткөн жоболору толугу менен киргизилди.

Натыйжада, бир нече укуктук актылар аркылуу тейленип келе жаткан шайлоо процесси жаңы Кодекске ээ болуп, бул маселени укуктук жөнгө салуусу кыйла жакшырды жана коомчулуктун, эксперттердин жылуу пикирин туудурду.

### 5. Юридикалык техника

Коомдогу мыйзамдардын жана башка нормативдик актылардын эффективдүүлүгү көп жагдайларга байланыштуу болот. Булардын ичинен, мыйзамдарга колдонулган сөздөрдүн, терминдердин тактыгын, грамматикалык эрежелердин так колдонушун, мыйзамдын бөлүктөрүнүн бири-бирине болгон логикалык байланышын, ар бир сөздүн, терминдин бирдей мааниге, бирдей түшүнүккө ээ болушун өзгөчө белгилеп кетишибиз зарыл. Аталган маселелерди чечүүдө биз *юридикалык техниканын* ар кандай ыкмаларын колдонушубуз керек. Юридикалык техника деген эмне? Бул нормативдик актыларды жазууда тактыкка,

ачыктыкка, бир маанилүүлүккө умтулуу, текстин ичиндеги карама-каршылыктарды жоюп, мыйзам колдонуучу адам ал мыйзамды толугу менен түшүнүп, аны аткарууга даяр болушуна жетишүү. Башкача айтканда, ар бир нормативдик акт төмөнкү талаптарга жооп бериш керек:

- акта мамлекеттик талап же жүрүм-турумдун эрежеси мүмкүн болушунча так, кыска жана жөнөкөй тил менен жазылыш керек;
- актын ички мазмунунда карама-каршылык, кош маанилүүлүк, логикалык жана структуралык мүчүлүштөр болбош керек;
- текстте чанда кездешкен, мааниси так, кеңири аныкталбаган сөздөр колдонулбаш керек;
- обу жок узун сүйлөмдөр, ар кандай «жаргондор» колдонулбай, укуктук акты синтаксистик, грамматикалык жактан кынтыксыз болушу зарыл;
- кыскартылган сөздөр, бири-бирин кайталаган сүйлөмдөр азыраак кездешиши зарыл.

Бул талаптар, эрежелер Кыргыз Республикасынын коомдук-маданий шарттарында °зг°ч° маанил е ээ болуп жатканын белгилеп кетишибиз керек.

*Биринчиден*, Кыргызстанда толугу менен кабыл алынган адабий тил али да аныктала элек, бул процесс азыр калыптануу жолунда. Түштүк регионунда колдонулган терминдерди түндүк региондордо түшүнбөшү мүмкүн же болбосо, ал сөз башка же тескери мааниде колдонулуп жүрүшү мүмкүн.

*Экинчиден*, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык мамлекеттик тил болуп кыргыз тили эсептелинет. Ушундан улам кыргыз тилинде кабыл алынган нормативдик актылардын мааниси башка тилдерге караганда үстөмдүк кылыш керек. Орус тилинин официалдуу тил катары кабыл алынганы дагы бул маселени татаалдаштырып жибериши мүмкүн.

*Үчүнчүдөн*, Жогорку Кеңеш кабыл алып жаткан мыйзамдардын тексти орус тилинде даярдалып, ошол тилдеги варианты талкууланып, кабыл алынып, анан гана мамлекеттик тилге которулуп жатканы эч кимге жашыруун эмес, күндөлүк практика болуп калды.

Ушундан улам, кыргыз тилиндеги юридикалык терминологиянын сапаттык деңгээлин жогорулатуу, кабыл алынып жаткан укуктук актылардын орус жана кыргыз тилиндеги варианттарынын бир маанилүүлүгүнө жетишүү сыяктуу маселелерди чечүү өтө зарыл экенин белгилеп кетишибиз керек.

Мындан тышкары, юридикалык техниканын талаптарына кабыл алынган актынын статьяларынын жайланышы, кол коюлган күнү, күчүнө кирген күнү сыяктуу маселелерди кошсок болот. Булар дагы так жана айкын болушу зарыл.

**Суроолор**

1. Укук чыгаруунун негизги белгилери кайсылар?
2. Укук чыгаруунун негизги принциптери кайсылар?
3. Укук чыгаруу процессинин кандай түрлөрүн билесиз?
4. Кыргыз Республикасында укук чыгаруу процесси кандай өзгөчөлүктөргө ээ?
5. Нормативдик актыларды системалаштыруунун кандай түрлөрү бар?
6. Юридикалык техника деген эмне?

## 11 БАП. УКУК СИСТЕМАСЫ

### 1. Укук системасы жөнүндө түшүнүк. Укук системасынын элементтери

Укук тышкы көрүнүштөн сырткары ички, өзүнө гана тийиштүү формага ээ болот. Ички формасы деп, биз укуктун ички *түзүлүшүн* айтабыз.

Укук системасы бул укуктук нормалардын бири-бирине төп келишкен, өзүнүн түзүлүшүндө укуктук *нормаларды, институттарды,* укуктук тармактарды жана *тармакчаларды* камтыган система.

Укукка *системдүүлүк* аябай керек, себеби, жаңы мыйзам кабыл алынганда, мыйзамчы аны укуктун кайсы бир тармагына так алып барыш керек, ал мыйзам ошол тармактагы башка мыйзамдар менен төп келиши зарыл. Укуктун системдүүлүгү укук колдонуучу жөнөкөй адамдарга дагы абдан керек.

Укук системасынын негизги белгилери:

- бул системанын пайдубалын жана өзөгүн *укуктук норма* түзөт. Укуктук норманын негизинде анан укуктук институт, укуктук тармактар түзүлөт,
- бул системанын элементтери бири-бирине төп келишип, жалпы системанын биримдигин айгинелейт,
- бул системанын аныкталышы социалдык, экономикалык, саясий, улуттук, диний, маданий, тарыхый факторлорго байланыштуу;
- бул система объективдүү мүнөзгө ээ, себеби адам каалагандай эмес, объективдүү, коомдо калыптанып жаткан карым-катнаштарга жараша болот. Башкача айтканда, адам өз каалоосу менен эле укук системасын түзө бербейт. Бул системанын өзөгүн, себебин коомдогу карым-катнаштар аныктайт.

Укуктук тармактарды түзүүдө 2 критерий (себеп) эске алынышы керек:

1. Укуктук жөнгө салуунун предмети.
2. Укуктук жөнгө салуунун методу.

Мисалы, үй-бүлөдөгү карым-катнаштар, ата-эне менен баланын катнаштары, бири-бирине болгон укуктар жана милдеттер – бул *үй-бүлөлүк укуктун* предмети.

Бирок, адатта, жалгыз гана укуктук жөнгө салуунун предметин негиз кылып алып, укуктук системаны аныкташ кыйынга турат. Себеби, коомдук карым-катнаштар өтө бай, өтө татаал, кээде бир эле укуктук карым-катнашты укуктун ар кандай тармактары, ар кандай ыкма менен жөнгө салуусу мүмкүн.

Ошол үчүн, укуктук жөнгө салуунун *предметине* кошуп, укуктук жөнгө салуунун методун дагы негиз кылып алсак, анда укук системасынын ар кандай тармактарына бөлүнүшүнө так жана туура негиз түзүлөт деген ойдобуз.

Укуктук жөнгө салуунун төмөнкү *методдорун* белгилеп кетсек болот:

- императивдик метод (тыюу, милдеттендирүү, жоопко тартуу);
- диспозитивдик метод (уруксат берүү, мүмкүнчүлүк берүү);
- кызыктыруучу метод (талап кылынган жүрүм-турум аткарылса ар кандай жеңилдиктерге ээ болот);
- кеңеш берүү методу (мамлекетке жагымдуу жүрүм-турумда болушуна кеңеш берилет).

## 2. Укуктун тармактары

Укуктун тармагы деп биз коомдук карым-катнаштардын кайсы бир чөйрөсүн жөнгө салган укуктук нормалардын биримдигин айтабыз. Коомдогу карым-катнаштардын түрлөрү өтө көп. Бирок, аларды бир системага, бир негизге алып келүү мүмкүнчүлүгү бар. Мисалы, эмгектин тегерегиндеги, жумушка алуу, жумушчу менен жумуш берүүчүлөрдүн ортосундагы мамилелерди жөнгө салган тармак бул эмгек укугу.

Укук системасы жалпысынан ушундай укуктук тармактардан турат.

Укуктун негизги тармактары төмөнкүлөр:

1. конституциялык укук
2. граждандык укук
3. административдик укук
4. кылмыш-жаза укугу
5. эмгек укугу
6. айыл-чарба укугу
7. үй-бүлөлүк укук
8. финансы укугу
9. экологиялык укук
10. кылмыш-процессуалдык укук
11. граждандык-процессуалдык укук

Кыргыз Республикасында жаңыдан түптөлүп, өнүгүп келе жаткан укуктук тармактарга бажы, налог, банк, ишкердүүлүк, өзүн-өзү башкаруу сыяктуу укук тармактарын кошсок болот.

Ар бир укуктук тармактын өзүнө гана тиешелүү предмети жана методдору бар, ар бир тармак коомдогу көптөгөн карым-катнаштардын бир бөлүгүн тескейт жана көзөмөлдөйт.

**Конституциялык укук** бул негизги укуктук тармак, мында мамлекеттик түзүлүштүн эң негизги багыттары, мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктары, адамдын (инсандын) укуктук абалы жөнгө салынат.

**Граждандык укук** болсо негизинен мүлктүк жана ага байланыштуу жеке мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салат.

**Административдик укук** – мамлекеттик органдардын аткаруу-жайгаштыруу ишмердүүлүгүндөгү башкаруу карым-катнаштарын аныктайт жана жөнгө салат.

**Эмгек укугу** эмгек мамилелеринин тегерегиндеги мамлекеттик саясаттын негиздерин аныктайт, граждандардын эмгектик укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин белгилейт, жумушчулардын, жалдоочулардын жана мамлекеттин таламдарын сактоону камсыз кылат.

**Кылмыш-жаза укугу** кылмыштардын алдын-алуу, граждандардын укуктарын жана эркиндиктерин, юридикалык жактарды, менчикти, жаратылыш чөйрөсүн, коомдук тартипти жана коопсуздукту, мамлекеттин конституциялык түзүлүшүн, адамдардын тынчтыгын жана коопсуздугун кылмыштуу кол салуулардан коргойт жана аталган коомдук карым-катнаштарды жөнгө салат.

**Процессуалдык укуктар** болсо (кылмыш-процессуалдык, граждандык-процессуалдык, административдик-процессуалдык) ошол тийиштүү укук тармактарынын ишке ашуудагы, практикада колдонуудагы *процессуалдык* ыкмаларын, нормаларын аныктайт. Мисалы, граждандык-процессуалдык укукта соттогу өкүлдүк, далилдер, соттук расходдор (чыгымдар), кайсы сотто карала тургандыгы, доо коюу, доону камсыз кылуу, соттун чечими, соттун аныктамалары, арызды карабай калтыруу сыяктуу маселелердин тартиби, эрежеси каралат жана аныкталат, жөнгө салынат.

Процессуалдык нормалардын мааниси өтө зор. Себеби, кайсы гана укуктун тармагы болбосун, анда процессуалдык кыймыл-аракеттердин тактыгы, ал нормалардын процессуалдык аныктыгы талап кылынат. Процессуалдык бузуулар менен келген сот иштери сот аркылуу каралбайт жана прокурордук көзөмөл аркылуу кайра кароого жиберилиши мүмкүн.

Укуктук *тармактардан* укуктук институттарды айырмалап билиш зарыл. Бир эле укук тармагында көптөгөн укуктук институттар болушу мүмкүн. Мисалы, эмгек укугунда тартипти сактоо институту, материалдык жоопкерчилик институту, эмгекти коргоо институту, эс алууну (отпусканы) камсыз кылуу институту бар.

**Укук институттарынын түрлөрү:**

1. мазмунуна, характерине жараша *материалдык* жана *процессуалдык* институттарга бөлүнөт. Мисалдар: *материалдык* жалданып иштөө институту,

   *процессуалдык* – кылмыш ишин козгоо процессин аныктаган институт.
2. таралуу чөйрөсүнө жараша институттар *тармактык* жана *тармак аралык* болуп бөлүнөт. Мисалдар: *тармактык* мураска калтыруу;

   *тармак аралык* жеке менчик институту.
3. өзүнүн функционалдык ролу боюнча *жөнгө салуу* (регулятивдик) жана *коргоо* институттары. Мисалы: *жөнгө салуу* алмашуу институту;

   *коргоо* кылмыш жоопкерчилигине тартуу

Жалпысынан айтканда, ар бир укуктук институт коомдогу такай кездешкен, окшош карым-катнаштарды жөнгө салуу принциптерине, эрежелерине жараша бөлүнөт жана аныкталат.

### 3. Жеке менчик жана коомдук (публичное) укук

Институт, тармактардан тышкары юридикалык нормаларды дагы бир 2 чоң топко бөлсөк болот

**Биринчиси** жеке менчик укугу (частное право).

**Экинчиси** – коомдук укук (публичное право).

*Жеке менчик укугу* бул жеке адамдардын карым-катнаштарын жөнгө салган юридикалык нормалардын бирлиги.

*Коомдук укук* мамлекеттик бийликтин жана башкаруу органдарынын иш-аракеттеринин тартибин жана эрежелерин аныктаган юридикалык нормалардын (институттардын, тармактардын) бирлиги.

Жеке менчик укугунда негизинен жеке демилге жана жеке эркиндик үстөмдүк кылса, коомдук укукта болсо, бийлик жана баш ийүү маселелери үстөмдүк кылат.

Кайсы критерийдин негизинде биз юридикалык укуктук тармактарды коомдук же жеке менчик укук деп аныктайбыз?

1) **Кызыкчылык**. Эгер жеке кызыкчылыктар жөнгө салынса анда жеке менчик укук, коомдук кызыкчылык болсо, анда коомдук укук.
2) **Укуктук жөнгө салуунун предмети**. Жеке менчик укук негизинен *мүлктүк* катнаштарды көзөмөлдөйт. Коомдук укук болсо мүлктүк эмес катнаштарды жөнгө салат.
3) **Укуктук жөнгө салуунун методу**. Жеке менчик укукта координация методу, коомдук укукта *субординация* методу үстөмдүк кылат.
4) **Укуктук субъектилердин составы**. Эгер жеке менчик укук *жеке адамдардын ортосундагы катнаштарды* аныктаса, коомдук укук жеке адамдар менен мамлекеттин, же мамлекеттик органдарынын өз ара мамилелерин жөнгө салат.

Ушул негиздерге таянып, укуктук тармактарды төмөнкүдөй бөлсө болот:

1. Коомдук укукка тийиштүү тармактар: конституциялык укук, административдик, финансылык ж. б.
2. Жеке менчик укугуна тийиштүү тармактар: граждандык, ишкердүүлүк, үй-бүлөлүк, эмгек ж. б. укуктары.

## 4. Юридикалык процесс

Юридикалык процесс бул юридикалык субъектилердин кызыкчылыктарын ишке ашырганга багытталган, юридикалык иш-аракеттерди тартипке келтирүү боюнча нормативдик формаларга таянган процесс.

Башкача айтканда, юридикалык процесс аркылуу укуктук иш-аракеттердеги башаламандык, тартипсиздик жоюлат жана жөнгө салынат.

Бул процесс тийиштүү укуктук нормалар аркылуу жөнгө салынат жана анын жыйынтыктары укуктук актылары катары белгиленген официалдуу документтерде аныкталат.

*Юридикалык процесс* бул атайлап көрүлгөн укуктук иш-аракеттердин жана кабыл алынган актылардын бирдиктүү системасы.

Укуктук тармакка ылайык, юридикалык процессти төмөнкү түрлөргө бөлсө болот:

1) граждандык
2) кылмыш-жаза
3) административдик
4) конституциялык

Граждандык процесс граждандык иштери боюнча сот алпаруу процессин аныктаса, кылмыш-жаза процесси болсо кылмыш иштери боюнча алдын-ала терг°°н¿ жана сот алып баруунун механизмин аныктайт.

Арбитраждык процесс болсо граждандык процесстин бир түрү болуп эсептелинет жана жаңы аныкталып келе жаткан процесс катары белгиленет.

Кыргыз Республикасындагы конституциялык процесс 1993-жылы башталып, бүгүнкү күнгө чейин өзгөрүүгө, эффективдүү турмуштун талабына жооп бере алган жолдорду издеген процесс катары белгиленип келди. Буга далил катары, 1993-жылдын май айында Жогорку Кеңеш аркылуу кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Конституциясы эки жолу жалпы элдик референдумда жүйөөлүү өзгөртүүлөргө дуушар болуп келгенин айтсак болот.

Жалпы юридикалык процессти кабыл алынган чечимдерге ылайык, төмөнкү түрлөргө бөлсө болот:

- *Укук жаратуу (чыгаруу) процесси.* Мисалы, Жогорку Кеңештин ар бир палатасы өзүнүн регламентине жараша иш алып барат жана ошол регламентке ылайык башка нормативдик актыларды кабыл алат.

- *Укук колдонуу процесси.* Мисалы, Кыргыз Республикасынын Президенти өзүнүн конституциялык укугун жетекчиликке алып, өкмөттүн курамын түзүп, министрлерди дайындайт.
- *Укук түшүндүрүү процесси.* Мисалы, Жогорку Кеңеш «Кыргыз Республикасынын Конституциялык Соту жөнүндө» деген мыйзамды кабыл алуу менен конституциялык процесстин жүрүшүн түшүндүрөт жана жөнгө салат.

Укук системасы менен закондор системасынын (законодательство) дагы өз-ара карым-катнашы чоң мааниге ээ. Закондор системасы деп, биз, мыйзамдын ички түзүлүшүн түшүнөбүз. Укук системасы жана закондор системасы бири-биринен айырмаланат.

1. укук системасынын негизги пайдубалын *укуктук норма* түзсө, закондор системасынын пайдубалы болуп *укуктук нормативдик акт* эсептелинет;
2. укук системасы *маңыз, мазмун* катары аныкталса, закондор системасы *форма* түрүндө аныкталат;
3. укук системасынын түзүлүшү адамдын аң-сезимине эмес, коомдогу *объективдүү* карым-катнаштарга жараша болсо, закондор системасы закон чыгаруу субъективдүү, башкача айтканда, мыйзам чыгаруучунун аң-сезимине, эркине байланыштуу болот;
4. укук системасы биринчи иретте түптөлүп, закондор системасынын пайда болушуна жана өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт;
5. көлөмү боюнча закондор системасы укук системасы менен салыштармалуу көлөмдүүрөөк болот.

## 5. Кыргыз Республикасындагы укук жана закондор системаларынын өнүгүү тенденциялары

Ар бир мамлекеттеги укуктук жана закондор системаларынын өнүгүүсү экономикалык, социалдык жана саясий көрүнүштөргө ылайык жүрөт. Кыргыз Республикасына таандык тенденцияларды дагы белгилеп кетсек болот:

1. Адам жана укук деген катнаштын позитивдүү өзгөрүшү байкалат. Башкача айтканда, адамдын укугун коргоо, камсыз кылуу сыктуу маселелер Кыргызстандын укук жана закон системасында негизги орунду ээлеп бараткандыгы талашсыз. Мында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Граждандык Кодекстин, Жер Кодексинин жана башка нормативдик актылардын кабыл алынышы, бул актылардын негизги өзөгүн түзгөн адам укуктары жана эркиндиктери далил боло алат. Мындан тышкары, биздин мыйзамдарда тыюу салуу методдорго караганда уруксат берүү, тандап алуу, мүмкүнчүлүк берүү методдору көбүрөөк колдонулуп жатканын белгилеш керек. Мындан тышкары, бардык эле майда-чүйдө нерселерди укуктук жөнгө салуудан баш тартканы көрүнүп турат. Мисалы, мурун, дачалардын жалпы көлөмү, ар

бир үй-бүлө канча мал кармоого укуктуу сыяктуу маселелер дагы укук, мыйзам тарабынан жөнгө салынып, элдин чыныгы кыжырын келтирип келгени жашыруун эмес. Азыр болсо, өзгөчө экономикадагы рынок мамилелери киргизилгендигине байланыштуу, мындай маселелерди мыйзамдар аркылуу жөнгө салуудан мамлекет туура баш тартып отурат.

Адам укуктарына өзгөчө көңүл бурула баштагандыгынын дагы бир белгиси катары бул Кыргыз Республикасында киргизилип жаткан адам укуктары боюнча атайын ыйгарымдуу өкүл Омбудсмен институту кабыл алуунун алдында турушу, Президент А. Акаевдин адам укуктарын коргоодо прокуратуранын ишмердүүлүгүнүн деңгээлин көтөрүү боюнча 2001-жылдын 6-февралында №48 жана жарандардын арыз, даттанууларын мамлекеттик органдар аркылуу убагында жана калыс кароо жөнүндөгү чараларды камтыган 2001-жылдын 17-январында кабыл алынган Указын айтсак болот.

2. Ишкердүүлүктү, чакан жана орто бизнести өнүктүрүүдөгү мыйзамдарды, башка укуктук нормаларды кабыл алууга өзгөчө көңүл бурулууда. Бул маселеде бөтөнчө ар кандай бюрократиялык бут тосууларды жоюуга, укуктук актылардын көпчүлүгү тыюу салуу эмес, укук берүү, мүмкүнчүлүк берүү принциптерине жана методдоруна негизделип жатканы кубандырат

3. Кыргыз Республикасы дүйнөлүк укук чөйрөсүнө кирүүгө аракет жазап жатканын белгилеп кетиш керек. Буга мисал катары, көптөгөн, өзгөчө адам укуктары боюнча кабыл алынган, эл аралык декларациялардын биздин республикада таанылышы, ратификацияланышы. Кыргыз Республикасы дүйнөлүк соода уюмуна, бажы союзуна киришин айта кетсек болот.

4. Граждандык коомду, өзүн-өзү башкаруу системасын укуктук жөнгө салуусуна өзгөчө көңүл бурулууда. Мисалы, Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу палатасынын курамынын бир бөлүгүн партиялык тизме аркылуу аныктоо. Кыргыз Республикасында аксакалдар соттору институтун киргизүү, кондоминимум жөнүндө мыйзамды кабыл алуу, айыл-өкмөттөрүнүн башчыларынын жалпы элдик шайлоо аркылуу аныкталышы сыяктуу маселелердин чечилиши бул тенденцияны айгинелейт.

5. Мүлктүк укукка, анын ичинде жеке менчик укугуна өзгөчө көңүл бурулуп, Кыргыз Республикасы мурдагы СССР мамлекеттеринин ичинен биринчилерден болуп, жерге жеке менчик киргизип, бул укуктук институтту өнүктүрүүдө чечкиндүү кадам жасалганын белгилеп кетүү абзел.

6. Закон системасында чоң өзгөрүүлөр болуп, бул системанын негизги өзөгүн түзгөн, көлөмдүү жана эң маанилүү болгон Граждандык, Кылмыш-Жаза, Налог, Бажы, Жер Кодекстери кабыл алынып, укуктук мамлекетти курууда чечкиндүү кадам шилтенди.

7. Закондордун, башка укуктук актылардын Конституцияга төп келиши катуу көзөмөлгө алынып, ал закондорго тийиштүү өзгөртүүлөр маалы

менен киргизилип туруу процесси адатка айланып, жалпы мыйзам системасы позитивдүү өзгөрүүлөргө ээ болушун айта кетиш керек.

**Суроолор**

1. Укук системасы кандай элементтерден турат?
2. Укук системасынын негизги белгилери кайсылар?
3. Укук системасын аныктоодо кандай критерийлер колдонулат?
4. Укуктун кандай тармактарын билесиз, алар эмненин негизинде бөлүнөт?
5. Юридикалык процесстин кандай түрлөрүн билесиз? Аларды анализдеп бериңиз.
6. Укук институту дегенди кандай түшүнөсүз? Мисалдар менен далилдеп бериңиз.
7. Жеке менчик укук жана коомдук укук деп эмненин негизинде бөлөбүз?
8. Кыргыз Республикасында укук жана закондор системаларынын өнүгүүсүнүн кандай өзгөчөлүктөрүн белгилей аласыз?

# 12 БАП. УКУКТУК КАТНАШТАР

## 1. Укуктук катнаштар жөнүндө түшүнүк

Укук коомдук катнаштарды жөнгө салат. Жыйынтыгында ал коомдук катнаштар *укуктук формага* айланат жана *укуктук катнаштар* деп аталат.

Башкача айтканда, *укуктук катнаш* – бул укуктук нормалар аркылуу жөнгө салынган коомдук катнаштар. Укуктук катнаштын тараптары өзүлөрүнө тийиштүү *субъективдик укуктарга* жана *юридикалык милдеттерге* ээ болот.

Укуктук норма статикалык (кыймылсыз) абалда өмүр сүрөт, ал эми *укуктук катнаш* – бул активдүү, динамикалык көрүнүш.

Укуктук катнаштардын кандай белгилери бар?

**1.** Бул *коомдук* катнаш; алар сөзсүз түрдө социалдык субъектердин эки тараптуу, конкреттүү катнашын аныктайт.

**2.** Бул катнаш сөзсүз түрдө укуктук нормалардын негизинде пайда болот жана өнүгөт.

**3.** Бул катнаштын өзөгүн субъективдик укуктар жана юридикалык милдеттер түзөт.

**4.** Бул катнаш эрктүү катнаш болуп эсептелет, себеби, укуктук катнаш пайда болуш үчүн, албетте, жок дегенде бир тараптын эрки болуш керек.

**5.** Бул катнаш *чыныгы, реалдуу* баалуулуктардын тегеретесинде пайда болот. Ошол баалуулуктарга тиешелүү гана субъективдик укуктар жана юридикалык милдеттер пайда болот.

6. Бул катнаш, сөзсүз түрдө, мамлекеттин көзөмөлүндө жана коргоосунда болот.

Укуктук катнаштар төмөнкү элементтерди камтыйт:

- субъект
- объект
- субъективдик укуктар жана юридикалык милдеттер (юридикалык мазмун)

## 2. Укуктук катнаштын мазмуну

Укук теориясы укуктук катнаштын мазмунунун 2 түрүн аныктайт. *Биринчиси*, юридикалык мазмун, экинчиси, чыныгы (фактическое) мазмун.

**Юридикалык мазмун** деп, биз, укугу бар субъектинин болочок юридикалык *мүмкүнчүлүкторун* айтабыз. **Чыныгы мазмун** деп, биз, ошол субъектинин өз укугун ишке ашыруу боюнча *чыныгы* кыймылын, иш-аракетин айтабыз.

Юридикалык жана чыныгы мазмундар көлөмү боюнча төп келбейт, адатта юридикалык мазмун, мүмкүнчүлүк чыныгы мазмундан кененирээк келет. Мисалы, бир адамдын жеке менчигинде үй болсо, мыйзам чегинде ал үйдү ар кандай пайдаланса болот. Ал үйдү сатса болот, башка буюмга алмашса болот, белек катары бирөөгө берсе болот, банкага күрөө катары коюп кредит алса болот. Мунун баары, ошол реалдуу баалуулукту түзгөн үйдүн терегетесинде болгон, аны менен байланыштуу укуктук катнаштын *юридикалык* мазмуну, же болбосо *мүмкүнчүлүгү*. Ал эми бул юридикалык катнаштын *чыныгы, реалдуу* мазмуну бирөө гана болушу мүмкүн. Ал үйдү сатып жибергенден кийин, башка, юридикалык мазмунда камтылган мүмкүнчүлүктөрдөн, албетте, ал гражданин айрылат.

Укуктук катнаштардын ички мазмуну – бул татаал көрүнүш, ал *субъективдик укуктан жана юридикалык милдеттен* турат. Бул эки аныктама укуктук катнаштын эки тарабын түзөт. Бир тараптын *укугу* экинчи тараптын *милдетин* жаратат. *Мисалы,* сатып алуу келишимин алалы. Биринчи тарап сатып алган товарын алууга укуктуу, экинчи тарап алган акчанын ордуна товарды өткөрүп берүүгө милдеттүү.

Укуктук байланыштардын 2 түрүн белгилеп кетсек болот. *Биринчиси*, чектелген (относительный), же катнашта катышкан кээ бир субъектердин же жеке адамдардын ортосундагы катнаш. *Экинчиси*, абсолюттук, чектелбеген же укуктун субъектиси жана коомдун ортосундагы катнаш.

**Субъективдик укук** – бул укуктук катнаштын экинчи тарабынын милдети аркылуу аныкталган укугу бар адамдын кызыкчылыгын көздөгөн *мүмкүн болгон* кыймыл-аракеттин ченеми (өлчөмү).

Бул укуктун кандай белгилери бар?

1) субъективдик укук – бул кыймыл-аракеттин болочок мүмкүнчүлүгүнүн ченеми. Башкача айтканда, укуктун

субъектисинде ошол укук менен пайдаланууга же пайдаланбай коюуга тандоо мүмкүнчүлүгү бар. Мисалы, гражданин өзүнүн менчигиндеги үйдү сатууга дагы, сатпай коюуга дагы мүмкүнчүлүгү бар;

2) субъективдик укуктун мазмунун укук нормалар жана юридикалык фактылар түзөт;
3) субъективдик укуктун ишке ашырылышы экинчи тараптын милдетине байланыштуу болот;
4) укугу бар адамга субъективдик укук ал адамдын кызыкчылыгын артууга берилет. Эгер кызыкчылык жок болсо, анда ал укуктун маани-маңызы да жокко эсе болот.

Субъективдик укук өзүнүн курамына бир нече укук мүмкүнчүлүктөрүн (правомочие) камтыйт:

- чыныгы өздүк кыймыл-аракет жасоо укугу (мисалы, менчик үйдү эч нерсе кылбай эле, ал үйдө жашай берүүгө укуктуу);
- юридикалык кыймыл-аракет жасоо укугу (м: үйдү сатса, белеке берсе, алмашса болот);
- экинчи тараптан анын милдетин аткарууну талап кылуу укугу (м: үйдү саткандан кийин, ал үйдүн баасын экинчи тараптан талап кылуу укугу);
- мажбурлоо укугу (м: үйдү сатып алган адам үй үчүн акчаны толугу менен бербей атса, анда сатарман мамлекеттин мажбурлоо күчүн колдонуу укугуна ээ);

**Юридикалык милдет** – мамлекеттин көзөмөлүндө турган, укугу бар адамдын кызыкчылыгын ишке ашырууну көздөгөн жана ошол укуктан пайда болгон милдеттүү адамдын тийиштүү, милдеттүү кыймыл-аракети.

Юридикалык милдеттин белгилери:

1) бул *милдеттүү*, сөзсүз аткарууну талап кылган кыймыл-аракет. Эгер, бул милдет аткарылбаса, анда экинчи тараптын *укугу* бузулат. Бул милдетти аткаруунун кепили катары мамлекеттик мажбурлоо аппараты аныкталган.;

2) юридикалык милдет *юридикалык факты* жана укуктук нормалардын негизинде аныкталат;

3) милдет *укугу бар* субъектинин кызыкчылыгы үчүн аткарылыш керек;

4) юридикалык милдет, бул жөн эле кагаз жүзүндөгү милдет эмес, милдеттүү адамдын чыныгы, реалдуу кыймыл-аракетинде ишке ашыш керек;

5) милдеттүү адамда ал милдетти аткаруунун же аткарбоонун ортосунда тандап алуу мүмкүнчүлүгү болушу мүмкүн эмес. Милдетти аткарбоо же чала аткаруу – бул *укук бузуу* деп эсептелинет жана мамлекеттик мажбурлоону талап кылат.

Юридикалык милдеттин 3 түрү болушу мүмкүн:

- тыюу салынган иш-аракеттерге барбоо (пассивдик кыймыл-аракет);

- конкреттүү иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу (активдүү кыймыл-аракет);
- жеке, мүлктүк же башка запкыларды тартуу же юридикалык жоопкерчиликке тартылуу.

Жыйынтыктап айтканда, субъективдик укук менен юридикалык милдет бири-бири менен ажырагыс байланышта болот. Юридикалык милдети жок укук болбойт, укуксуз милдет болбойт.

## 3. Укуктук катнаштын субъектилери

Укуктук катнаштын субъектиси деп биз укуктук катнашка катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ, субъективдик укуктарды жана юридикалык милдеттерди алып баруу мүмкүнчүлүгү бар жеке адамдарды жана юридикалык жактарды айтабыз.

Башкача айтканда, укуктук катнаштын субъектиси болуш үчүн адам **2** жөндөмгө ээ болуш керек.

1. Укукка жөндөмдүүлүк (правоспособность).
2. Аракетке, жоопкерчиликти сезе билүү жөндөмдүүлүгү (дееспособность).

**Укукка жөндөмдүүлүк** – бул жеке адамдын субъективдик укукту жана юридикалык милдетти алып баруу мүмкүнчүлүгү. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 52-статьясында граждандык укукка жөндөмдүүлүк төмөнкүдөй аныкталат:

1) Граждандык укукка жана милдеттерге ээ болуу жөндөмдүүлүгү бардык граждандар үчүн бирдей даражада таанылат.
2) Граждандын укукка жөндөмдүүлүгү ал төрөлгөн учурдан башталат жана каза болушу менен токтотулат.

**Аракетке жөндөмдүүлүк** бул укук нормалары аркылуу аныкталган жеке адамдын өзүнүн кыймыл-аракети аркылуу укукту жана милдетти аткаруу жөндөмдүүлүгү жана юридикалык мүмкүнчүлүгү.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 56-статьясында граждандык аракетке жөндөмдүүлүгү төмөнкүдөй аныкталат: «Граждандын өз аракеттери менен граждандык укукка ээ болуу жана аны жүзөгө ашыруу, өзүнө граждандык милдеттерди алуу жана аларды аткаруу жөндөмдүүлүгү (граждандык аракетке жөндөмдүүлүк) жашы жеткенде, башкача айтканда, *он сегиз жашка* толгондо пайда болот».

Бул *граждандык* аракетке жөндөмдүүлүк. Ал эми кылмыш-жаза аракетке жөндөмдүүлүк Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 18-статьясында камтылган. Анда белгиленгендей, кылмыш жасаганга чейин *он алты* жашка толгон адам кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат. Ушул эле статьянын 2-бөлүгүндө белгиленгендей, оор кылмыштарды жасаган учурда (киши өлтүрүү, ден-соолукка атайылап оор залал келтирүү, адамды уурдоо, зордуктоо ж. б. у. с.) жоопкерчилик 14 жаштан тартып башталат.

Башкача айтканда, *укукка жөндөмдүүлүк (правоспособность)* бул адамдын укукка жана милдетке *акылуу* болуу жөндөмү. Ал эми, *аракетке жөндөмдүүлүк (дееспособность)* бул адамдын өзүнүн кыймыл-аракети менен аталган укукту жана милдетти ишке ашыруу жөндөмү. Аракет жөндөмдүүлүгү адамдын жашына жана психикалык касиеттерине жараша болот.

Бул эки, мазмуну боюнча өтө жакын терминдерди, албетте бөлө, ажырата билүү зарыл. Мисалы, граждандык укук боюнча, төрөлгөн убакыттан баштап ар бир адам *билим* алганга укуктуу. Бул ал адамдын *укук жөндөмдүүлүгү*. Бирок, Жогорку билим алыш үчүн, ал адамга өзгөчө шарттар коюлат. Мисалы, ал орто мектепти бүтүрүшү зарыл. Башкача айтканда, укук жөндөмдүүлүгү бул адамдын *мүмкүнчүлүгү*. Аракет жөндөмдүүлүгү бул ошол аталган мүмкүнчүлүктү өзүнүн аракети менен *ишке ашыруу* жөндөмдүүлүгү.

Аракет жөндөмдүүлүгүнүн **2** түрүн белгилей кетсек болот.

1) толук аракет жөндөмдүүлүгү - ал 18 жаштан пайда болот.

2) толук эмес аракет жөндөмдүүлүгү - бул 14 жаштан 18 жашка чейин. Адамдын укукка жана аракетке жөндөмдүүлүгү мамлекеттин коргоосунда болот. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 57 статьясы аныктагандай, «эч кимдин укукка жөндөмдүүлүгү жана аракетке жөндөмдүүлүгү мыйзамда белгиленген учурда жана тартипте белгиленгенден башка учурларда чектелиши *мүмкүн эмес»*. Эгер мамлекеттик же башка орган мыйзамсыз кайсы бир адамдын укукка жөндөмдүүлүгүн же аракетке жөндөмдүүлүгүн чектесе, анда ал чечим сот аркылуу жараксыз деп табылышы керек.

Кандай учурларда адамдын аракет жөндөмдүүлүгү чектелиши мүмкүн?

**1.** Граждандык Кодекстин 64-статьясына ылайык, өзүнүн психикалык оорусунан улам өзү жасаган аракеттердин маанисин түшүнбөсө же өзүн-өзү башкара албаса, анда соттун чечими менен ал адам аракетке толук жөндөмсүз деп табылышы мүмкүн. Мындай шартта анын укуктарын анын атынан камкордукка (опека) алган адам жүргүзөт.

**2.** Ушул эле Кодекстин 65-статьясына ылайык, спирт ичимдиктерин же баңгилик заттарды кыянаттык менен пайдалануунун кесепетинен өзүнүн үй-бүлөсүн материалдык оор абалга алып келген граждандардын аракетке жөндөмдүүлүгү сот тарабынан чектелиши мүмкүн. Мисалы, спирт ичимдиктерине берилип, балдарын оор акыбалга алып келген эне, энелик укугунан ажыратылышы мүмкүн. Бул деген ал адам бала багуу аракет жөндөмдүүлүгүнөн ажыратылды дегенди билдирет.

Толук эмес аракет жөндөмдүүлүгүнө (14 жаштан 18 жашка чейинкилер) төмөнкү аракеттер кирет:

1) өзүнүн тапкан акысын, стипендиясын жана башка кирешелерин тескөө;

2) илимий, адабий же көркөм өнөр, сүрөт же өзүнүн интеллектуалдык ишмердигинин мыйзам менен корголуучу натыйжаларына автордук укугун ашыруу;

3) мыйзамга ылайык кредиттик мекемелерге салым кошуп жана аны тескөө;

4) майда турмуш-тиричилик келишимдерди жана башка бүтүмдөрдү жүргүзүү.

Бул аталган аракеттерге 14 жаштан 18 жашка чейинки өспүрүмдөр, ата-энелеринин, асырап алган же камкордукка алган адамдардын макулдугу жок эле, өз алдынча укуктуу.

Укуктук катнаштын субъектилерин **2** түргө бөлсөк болот:

- жеке субъектилер
- коллективдик субъектилер

*Жеке субъектилерге* төмөнкүлөр карайт:

- граждандар
- эки граждандуулугу бар жеке адамдар
- граждандуулугу жок адамдар
- чет өлкөлүк граждандар

*Коллективдик субъектилер* деп төмөнкүлөрдү атасак болот:

- мамлекет өзү
- мамлекеттик мекемелер
- мамлекеттик эмес уюмдар (жеке фирмалар, коммерциялык банктар, коомдук уюмдар).

## 4. Укуктук катнаштын объектилери

Укуктук катнаштын объектилери – бул турмушта кездешкен реалдуу баалуулуктар. Ушул баалуулуктарды керектөө жана коргоо маселелердин тегеретесинде гана субъективдик укуктар жана юридикалык милдеттер пайда болот.

Турмушта кездешкен реалдуу баалуулуктар же болбосо укуктук катнаштын объектилери деп эмнелерди белгилесек болот?

1. Адамдын өмүрү, ден-соолугу.
2. Адамдын үй-мүлкү, менчиги.
3. Адамдын эркиндиги, ар-намысы, кадыр-баркы.
4. Адамдын жана граждандын конституциялык укуктары.
5. Адамдын үй-бүлөсү.
6. Мамлекеттик жана коомдук коопсуздук.
7. Табият, айлана-чөйрө.
8. Мамлекеттик бийлик.
9. Сот адилеттиги.
10. Юридикалык жактардын укуктары.

Ушул жана башка коомдогу баалуулуктар укуктук катнаштардын объектилери болуп саналат. Булардын ар бирөө мамлекеттин көзөмөлүндө жана коргоосунда болот, ушул объектилердин

тегеретесинде гана укуктук катнаш пайда болот. тараптардын субъективдик укуктары жана юридикалык милдеттери пайда болот жана өнүгөт. Башкача айтканда, укуктук катнаштын объектилеринин негизинде жалпы юридикалык байланыш пайда болот. Бул объектилерди төмөнкү түрлөргө бөлсөк болот:

1) материалдык баалуулуктар (буюмдар, үй-мүлк ж. б.);

2) материалдык эмес баалуулуктар (адамдын өмүрү, ден-соолугу, кадыр-баркы ж б.);

3) руханий чыгармачылыктардын бүтүмү, натыйжасы (адабий, илимий чыгармалар, ойлоп табуулар ж. б.);

4) баалуу кагаздар жана документтер (акча, акция, диплом, аттестат ж. б.);

5) саясий-экономикалык баалуулуктар (коомдогу тынчтык, стабилдүүлүк, эл аралык ынтымак, менчиктин түрлөрү ж. б.);

6) курчап турган чөйрөнүн баалуулуктары (суунун тазалыгы, токой, көл, жапайы айбанаттар ж. б.);

7) ата-эне менен баланын ортосундагы мамиле, үй-бүлөлүк дөөлөттөр.

## 5. Юридикалык фактылар

Укуктук катнаштардын башатын жана өзөгүн *юридикалык фактылар* түзөт. Юридикалык факт бул юридикалык натыйжа пайда болушуна негиз түзгөн турмуштагы ар кандай жагдайлар.

Юридикалык факт укук нормасынын структурасында *гипотеза* аркылуу аныкталат.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 164-статьясында аныкталган «Уурдоо» деген кылмышка кайрылалы. Анда *уурдоо* деп «*бирөөнүн мүлкүн билгизбей алып кетүүнү*» айтабыз. Бул ошол кылмыштын гипотезасы же болбосо, бул юридикалык факт. Ушул факты чыныгы болгондон кийин гана, укуктук катнаш пайда болот. Аталган фактыларды биз жөн эле факты дебей, *юридикалык факты* деп атканыбыздын себеби бир: бул фактылар сөзсүз түрдө кайсы бир укуктук нормада, көбүнчө ал норманын *гипотезасында* аныкталган.

Юридикалык фактылар коомдук турмуштун ар кандай жагдайына жараша пайда болот, ушуга байланыштуу аларды ар кандай негиздер боюнча ар кандай түрлөргө бөлсөк болот:

**Биринчи** чоң топ, бул юридикалык фактылардын *жыйынтыгы, натыйжасы* боюнча төмөнкүдөй бөлүнөт:

1. *укук пайда кылуучу фактылар* М: эмгек келишими, никенин негизинде үй-бүлө түзүү, укуктук-граждандык бүтүмдөр.
2. *укукту өзгөртүүчү фактылар*. М: башка жумушка которуу;
3. *укукту токтотуучу фактылар*. М: адамдын каза болушу, адамдын соттолушу ж. б.

**Экинчи негиз** бул юридикалык фактылардын *эрктик* негизи боюнча төмөнкүдөй бөлүнөт:

1. *окуялар (события).* Булар адамдын эркине байланыштуу болбойт. Мисалы, чагылган тийип адам каза болсо, келишимдин мөөнөтү бүтсө ж. б.,
2. *кыймыл-аракеттер* (действия). Булар адамдын эркине байланыштуу болот. Ал адамдын аң-сезиминин тышкы көрүнүшү катары бааланат.

Кыймыл-аракеттерди дагы 2 топко бөлсөк болот·

1) мыйзам ченемдүү
2) мыйзамсыз

Мыйзам ченемдүү кыймыл-аракеттер коомдо кабыл алынган юридикалык нормалардын алкагында болот. Булар дагы 2 топко бөлүнөт:

1. жекече юридикалык актылар (келишимдер, укуктук бүтүмдөр, граждандардын арыз-даттануулары ж. б.,
2. юридикалык кылык-жоруктар (поступки) бул адамдардын чыныгы жүрүм-туруму (эмгек келишими боюнча эмгектик милдетин аткаруу, сатып алуу келишими боюнча акчаны берип, буюмду алуу ж. б.). Кандай гана жыйынтык болбосун, юридикалык кылык-жоруктар сөзсүз түрдө юридикалык кандайдыр бир жыйынтыкка негиз түзөт.

Адатта, *аракетсиздик* (бездействие) дагы юридикалык фактылардын өзгөчө түрүн түзөт Аракетсиздик дагы мыйзам ченемдүү (кылмышка барбоо) жана *мыйзамсыз* (бекитилген ишти аткарбоо) болушу мүмкүн.

### Суроолор

1. Укуктук катнаш дегенди кандай түшүнөсүз, анын кандай белгилери бар?
2. Укуктук катнаш кандай элементтерден турат?
3. Укуктук катнаштын мазмунун эмне түзөт? Аларды анализдеп бериңиз.
4. Субъективдик укук менен юридикалык милдеттин негизги белгилерин, өз ара карым-катнашын анализдеп бериңиз?
5. Укуктук катнаштын субъектиси болуш үчүн, ал субъект кандай талаптарга жооп бериш керек?
6. Укукка жөндөмдүүлүк жана аракетке жөндөмдүүлүк дегенди кандай түшүнөсүз?
7. Аракет жөндөмдүүлүгү мамлекет аркылуу чектелиши мүмкүнбү? Эгер мүмкүн болсо, кандай учурларда.
8. Толук эмес аракет жөндөмдүүлүгү деген түшүнүктү анализдеп бериңиз?
9. Укуктук катнаштын объектилери деп кайсы объектилер айтылат? Алар кандай талаптарга жооп бериш керек?
10. Юридикалык фактылардын негизги белгилери кандай?

11. Юридикалык фактыларды кандай түрлөргө бөлсөк болот?
12. Аракетсиздик (бездействие) юридикалык факт катары белгилениши мүмкүнбү? Мисал келтиргиле.

## 13 БАП. УКУКТУ ИШКЕ АШЫРУУ (РЕАЛИЗАЦИЯ ПРАВА)

### 1. Укукту ишке ашыруу жөнүндө түшүнүк, анын формалары

Укуктун жекелик, коомдук маңызы, мааниси, чыныгы наркы, ал укук, ишке ашырылганда гана билинет. Ишке ашпаган, практика жүзүндө колдонулбаган укук бул укук эмес. Башкача айтканда, укуктун өмүр сүрүү, жашоо, өнүгүү пайдубалы, формасы бул, ал укуктун ишке ашуусунда. Ансыз укук коомдук баркын жана маңызын кетирип алышы мүмкүн.

**Укукту ишке ашыруу** деп, биз, юридикалык жактан бекилген, мамлекет тарабынан гарантияланган мүмкүнчүлүктөрдүн жүзөгө ашуусун, алар адамдардын жана юридикалык жактардын турмушунда өзүнүн ордун ээлөөсүн айтабыз. Укукту ишке ашырууга биринчи ирээтте ким кызыкдар? Албетте, ошол укукка ээ адам же юридикалык жак, башкача айтканда, *укуктун субъектиси*. Тигил же бул укуктук норманын ишке ашырылышы, же ашырылбашы ошол субъектинин эркине, каалоосуна, мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу болот. Ансыз, ал укуктук норма ишке ашпайт.

Аталган субъектилердин иш-аракеттеринин мазмунуна жараша, *укукту ишке ашыруу* процесси төмөнкү формаларда болушу мүмкүн:

1. *Тыюу салынган нерселерге баш ийүү (соблюдение запретов)*. Бул форма аркылуу негизинен тыюу салган жана коргоп-сактоочу укуктук нормалар ишке ашырылат. Бул форманын маңызын *пассивдүү жүрүм-турум* түзөт, башкача айтканда, тыюу салынган иш-аракет жасабаш керек. Эгер, андай аракет жасалса, анда юридикалык жоопкерчиликке ал адам же юридикалык жак тартылып калышы мүмкүн.

2. *Милдеттерди аткаруу*. Бул форма аркылуу милдеттендирүүчү нормалар ишке ашырылат, бул форма укук субъектисинен милдеттүү түрдө активдүү иш-аракетти, кыймылды талап кылат. Мисалы, налог төлөө, келишимде көрсөтүлгөн ишти аткаруу, сатылган товарды алarманга өткөзүп берүү ж. б.

3. *Субъективдик укугун пайдалануу (использование субъективного права)*. Бул форма аркылуу *укук берүүчү* укуктук нормалар ишке ашырылат. Мисалы, пенсияга чыгууга жашы жеткен адам документтерин топтоп, тийиштүү мамлекеттик органга өткөзүп, мыйзам чегинде пенсия чектеп берүүсүн талап кылышка укуктуу. Мында, ал адам субъективдик укугун колдонуп, өзүнүн укугун ишке ашырат.

4. *Укук колдонуу (применение права)*. Эгер, биринчи аталган үч форма, адатта, мамлекеттик кийлигишүүсүз, адамдардын жана

юридикалык жактардын өз эрки жана ыктыяры менен ишке ашырылса, *укук колдонуу* формасы сөзсүз түрдө, мамлекеттин, анын кайсы бир органынын кийлигишүүсүн талап кылат. Бул укукту ишке ашыруунун *өзгөчө формасы* болгондуктан, ага кенен токтолууга тийишпиз.

## 2. Укук колдонуу

Укук колдонуунун өзгөчөлүгү эмнеде?

**Биринчиден,** көпчүлүк укуктук нормалардын турмушка, ишке ашуусу мамлекетсиз болушу мүмкүн эмес. Мисалы, жеке адамга жер участогун бөлүп берүү, никелештирүү, мажбурлоонун ар кандай укуктук түрлөрү сөзсүз түрдө кайсы бир мамлекеттик органдын чечими аркылуу гана болушу мүмкүн.

**Экинчиден,** мамлекеттик аппараттын ичиндеги карым-катнаштардан толугу менен бийлик кылуу–баш ийүү принцибине негизделген. Башкача айтканда, бул укуктук катнаштар бийлик кылуу чечимдерге негизделген. Мисалы, райондун акимин жумуштан бошотуу боюнча Президенттин указы. Бул укук колдонуунун айкын мисалы.

**Үчүнчүдөн,** укук колдонуу процесси тараптар өз ыктыяры менен бир келишимге келе албаган учурда да пайда болушу мүмкүн. Мисалы, эки юридикалык жак өз ара келише албай калса, алар арбитраждык сотко кайрылып, өзүлөрүнүн чарбалык чыр-чатагын чечип алышат. Соттун ошол чечими укук колдонуу болуп эсептелет.

**Төртүнчүдөн,** жасалган укук бузууларга юридикалык жоопкерчиликтин чараларын аныкташ үчүн, сөзсүз түрдө, укук колдонуу процесси жүргүзүлүшү керек.

Жалпылап айтканда, *укук колдонуу* деп биз конкреттүү юридикалык фактылардын жана укуктук нормалардын негизинде жасалган мамлекеттик бийлик ээлеринин иш-аракетин айтабыз.

Укук колдонуунун негизги белгилери:

- укук колдонууга мыйзам чегинде так аныкталган мамлекеттик органдар жана алардын компетенттүү өкүлдөрү гана акылуу;
- укук колдонуу бийлик колдонууга тете процесс;
- укук колдонуу мыйзамда так аныкталган тепкичтерден (стадия) турат жана так аныкталган процессуалдык формада ишке ашырылат.
- укук колдонуу, бул жекече мүнөзгө ээ, укук колдонуу юридикалык акт аркылуу гана ишке ашырылат;
- укук колдонуунун максаты – такталган субъективдик укуктарды жана юридикалык милдеттерди аныктоо.

Субъектер ар кандай талаш иштерди мамлекеттик кийлигишүүсүз чече албай же болбосо мамлекеттин мажбурлоо күчүнө муктаж болуп, өзүлөрүнүн субъективдик укуктарын жана юридикалык жоопкерчиликтерин аныктай албай калганда укук колдонуу процессинин маалы келип жетет.

Укук колдонуу төмонкү негизги принциптерге баш ийүү менен ишке ашырылыш керек:

- коомдук калыстык
- максаттуулук
- негиздүүлүк

Укук колдонуу бул өтө жоопкуу, маанилүү жана татаал процесс. Укукту колдонуш үчүн, тийиштүү иштин толук жагдайын изилдеп чыгыш керек. Ошол үчүн, укук колдонуу процесси төмонкү тепкичтерден турат:

1) Юридикалык иштин чыныгы, фактыларга таянган, толук жагдайын аныктоо. Бул тепкичте өтө кенен фактылар аныкталыш керек. Мисалы, кайсы бир кылмыш иши боюнча, кылмышты жасаган адам, убактысы, орду, кылмыштын жасоо ыкмасы, жапанын же чыгымдын өлчөмү жана б. у. с.. фактылар так аныкталышы зарыл. Мындай фактылар өткөн убакытта калгандыгына (жасалгандыгына) байланыштуу укук колдонуучу орган, ал фактыларды жөн эле белгилеп койбой, аларды далилдеш керек. Далилдөөнүн ыкмалары болуп эксперттердин бүтүмдөрү, күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү, кылмыш болгон жерди осмотр кылуунун протоколу жана башка нерселер эсептелинет.

Укук колдонууга багытталган далилдерге өзгөчө процессуалдык талаптар коюлот.

- *далилдердин тийиштүүлүгү* Башкача айтканда, далил катары аталган юридикалык ишке *тийиштүү* гана далилдер кабыл алынат.

- *далилдердин мыйзамдуулугу жана жетиштүүлүгү*. Далилдер мыйзамдуу гана жолдор менен алыныш керек. Мындан тышкары, күмөн санаган, булагы аныкталбаган далилдер кабыл алынбаш керек. Мисалы, Кыргыз Республикасынын кылмыш-процессуалдык Кодексинин 83-статьясына ылайык, булагы аныкталбаган далилдер далил катары колдонулбайт. Башкача айтканда, «кимдир бирөө айтты» сыяктуу фактылар далил катары кабыл алынышы мүмкүн эмес. Бул маселе Кыргыз Республикасынын укук системасында өтө бийик деңгээлде коюлган. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 89 статьясына ылайык, далилдер мыйзам ченемдүү жолдор менен гана алынышы керек. Мыйзамсыз жолдор менен табылган далилдер эч бир сотто далил катары кабыл алынбайт, андай далилдер жок деп табылат.

- *далилдердин толуктугу* Бул талап укук колдонуу үчүн *болгон бардык далилдерди* чогултууну талап кылат. Эгер далилдер чала, толук эмес болсо, анда укук колдонуу процесси жүрбөйт, токтотулат.

2) Бул тепкичте, каралган иштин чыныгы фактыларына жана далилдерине таянып, ал иштин *юридикалык жагдайы аныкталат.* Башкача айтканда, укук колдонуучу орган, аталган иш *кайсы юридикалык норма менен жонго салынышын* аныкташ керек, же болбосо, ал фактыларга жана далилдерге *юридикалык* баа бериш керек, кайсы бир юридикалык норманын мазмунуна жана маңызына жараша жоопкерчиликке тартыш керек.

Жалпылап айтканда, укук колдонуучу орган иштин чыныгы жагдайына жараша укуктун тармагын, аны аныктаган укуктук институтту, укуктук норманы табыш керек. Анан, ал, укуктук норманын текстин так тап, текшерип, аталган ишке мөөнөтү, чөйрөсү жана субъектиси дал келсе, ал норма ошол убакытта жокко чыгарылбаса гана укукту колдонууга өтүш керек.

3) Бул тепкичте чыныгы жана юридикалык жагдайлар эске алынып, конкреттүү, ушул обьектке, ушул жагдайларга жараша, юридикалык, укуктук чечим кабыл алынат. Ал чечим *укуктук акт* формасында болот, же аны *укуктук колдонуу акты* деп атайбыз.

## 3. Укук колдонуу актылары (акты применения права)

**Укук колдонуу актылары** бул конкреттүү адамдардын же юридикалык жактардын укуктарын, милдеттерин же юридикалык жоопкерчилигин аныктаган, юридикалык фактыларга жана укуктук нормаларга негизделген, мамлекеттик орган же мамлекеттик кызматчы тарабынан кабыл алынган укуктук акт.

Бул акт укук колдонуу процессинин жыйынтыгы болуп эсептелет жана төмөндөгү өзгөчөлүктөргө ээ:

1. Бул актылар компетенттүү (ыйгарым укуктары бар) органдар тарабынан же ал органдарда иштеген кызматкерлер тарабынан гана кабыл алынышы мүмкүн. Адатта, бул мамлекеттик органдар жана алардын ыйгарым укуктуу кызматкерлери. Ушундан улам, бул актылар сөзсүз түрдө мамлекеттик бийлик күчүнө ээ болот.

2. Бул актылар так аныкталган жеке адамдарга же юридикалык жактарга багытталат. Ушул жагдай боюнча укук колдонуу актылары жалпы мүнөздө болгон укуктук актылардан айырмаланат. Мисалы, кылмыш-жаза кодексинин 165-статьясында көрсөтүлгөн «Мал уурдоо» деген укуктук норма бардык мал уурдоочуларга бөгөт коёт.

Ошол эле маалда, райондук соттун чечими менен конкреттүү мал уурдаган адам (м: Акматов, Ташматов ж. б.) ушул статьяда көрсөтүлгөн жоопкерчиликке тартылат. Бул мисалда, аталган кодекстин статьясы *укуктук норма*, ал эми райондук соттун чечими – *укук колдонуу акты* катары аныкталат.

3. Бул актылар тийиштүү укуктук нормаларды конкреттештирип, өзгөчө жагдайды эске алып, ишке ашырат, башкача айтканда, укук колдонгон объектинин укугун, милдетин же юридикалык жоопкерчилигин аныктайт.

4. Укук колдонуу актыларын ишке ашырууда мамлекеттик мажбурлоо колдонулат. Башкача айтканда, укук колдонуу актынын пайда болушунун өзү эле, мамлекеттик мажбурлоо процессинин башталганын айгинелейт.

5. Укук колдонуу актылары аныкталган бир форма түрүндө кабыл алынат жана жарык көрөт.

Укук колдонуу актыларын төмөнкү топторго бөлсөк болот.

❖ кабыл алган субъектини негиз кылсак:
- мамлекеттик органдардын актылары
- мамлекеттик башкаруу органдарынын актылары
- өзүн-өзү башкаруу органдарынын актылары
- көзөмөл-тескөө органдарынын актылары
- сот органдарынын актылары

❖ кабыл алуу ыкмасына жараша:
- коллегиалдуу кабыл алынган акт (Өкмөттүн токтому)
- жеке мамлекеттик кызматкер тарабынан кабыл алынган акт (губернатордун буйругу)

❖ укук колдонуу процессиндеги мааниси боюнча:
- негизги актылар (эркинен ажыратуу боюнча соттун чечими)
- жардамчы актылар (ошол эле соттун, конумча экспертиза керектиги жөнүндө кабыл алган чечими)

❖ формасы боюнча:
- өзүнчө документ (соттун чечими)
- негизги документке коюлган резолюция (прокурордун ишти сотко өткөрүү боюнча корутундусу)

Укук колдонуу актылары төмөнкү талаптарга сөзсүз түрдө жооп бериши абзел:

1. Негиздүүлүк талабы. Колдонулган акт *негиздүү* болуш керек, анда бардык юридикалык фактылар, логикалык жыйынтыктар, далилдер камтылып, эң негизгиси күнөөсү жок адам жоопкерчиликке тартылбашы зарыл.

2. Мыйзамдуулук талабы. Бул талапта төмөнкү 4 нерсеге көңүл буруулуш керек:
- аталган иш укук колдонгон органга тийиштүүбү же жокпу;
- колдонгон акты кабыл алууда юридикалык процессуалдык нормалар сакталдыбы же жокпу;
- колдонгон актын маңызы, мазмуну аталган ишке, объектке дал келеби же жокпу;
- колдонулган актыда ошол норманын диспозициясы жана санкция туура аныкталдыбы же жокпу.

3. Максаттуулук талабы. Көпчүлүк укук нормалардын санкциясында укук колдонуучу органга белгилүү өлчөмдө эркиндик берилген. Мисалы, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза Кодексинин 164-статьясына ылайык, *урдоонун* санкциясы төмөнкүдөй аныкталган: «үч эселенген айын салыштат *же* эң аз айлык акынын элүү өлчөмүнө чейин айып төлөм салышат, *же* үч айга чейинки камакка алынат, *болбосо* эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат».

Бул санкцияга жараша, сотто ар кандай жаза белгилөө мүмкүнчүлүгү бар. Кайсынысына токтойт бул, ошол соттун калыстыгына,

профессионалдык деңгээлине, кылмышкердин субъективдүү касиеттерине, кылмышка баруунун себептерине ж. б. нерселерге байланыштуу болот. Ушулардын баарын эске алып туруп, сот максаттуу жана калыс чечим кабыл алышы керек.

Укук колдонуу актылар так аныкталган структурага ээ болот жана, адатта, төмөнкү 4 бөлүктөн турат:

1) Киришүү бөлүгү (актын аталышы, кабыл алынган жери, күнү, кабыл алган органдын аты ж. б.).
2) Сүрөттөө бөлүгү (описательная часть). Мында, каралып жаткан иштин чыныгы жагдайы, ким, качан, кандай ыкмалар менен, кандай иш-аракет жасаганы аныкталат.
3) Далилдөө бөлүгү (мотивировочная часть). Мында, чыныгы далилдер белгиленет, аталган иш-аракетке юридикалык баа берилет, кайсы укуктук норма колдонулаары көрсөтүлөт.
4) Корутунду бөлүмү (резолютивная часть). Мында, укук колдонуу жөнүндөгү чечим аныкталат, тараптардын укуктары жана милдеттери, юридикалык жоопкерчилиги жана башкалар белгиленет.

### 4. Укуктук кемчиликтер (пробелы в праве)

Укук колдонуу процесси бул өтө татаал процесс, ал сөзсүз түрдө коомдун өнүгүүсүнөн артта калбай, убагында коомдук катнаштын ар кандай түрлөрүн жөнгө салып туруусу өтө зарыл.

Бирок, турмуштук практика укуктук процесстен адатта татаал келип, укук ошол практикадан артта калышы мүмкүн. Башкача айтканда, кээ бир турмуштук көрүнүштөр укуктук жөнгө салуу аркылуу аныкталбай калат же болбосо *иш-аракет бар, турмушта кездешет, бирок аны жөнгө салган укуктук норма жок* деген жагдай түзүлөт. Ушундай жагдайды укук теориясы *укуктук кемчилиги* деп атайт. Мындай жагдай өтө ыңгайсыз жана тез арада чечүүнү талап кылат. Бул жагдайды кандай жолдор менен чечүүгө болот?

**Биринчиси**, жетишпеген укуктук норманы кабыл алуу. Бул укуктук практикада көп кездешүүчү жана эң эффективдүү жол.

**Экинчиси**, *мыйзамдын аналогиясын* колдонуу, башкача айтканда, бул ишке төп келген мыйзам жок болсо, анда, башка, ушуга окшош иштерди жөнгө салган мыйзам же укуктук норма колдонулат.

**Үчүнчүсү**, *укуктун аналогиясын* колдонуу, башкача айтканда, укуктун негизин жана маңызын түзгөн жалпы принциптерди, идеяларды колдонуп, конкреттүү ишти чечүү. Аталган негизги принциптерге калыстык, ар бир адам соттун алдында тең укугу бар, ар бир кылмыш жазаланбай калбаш керек, адамдын укуктары кандай болгондо дагы тебелендиде калбаш керек жана б .у. с. принциптер жана укуктук идеялар кирет. Укук аналогиясын өтө кылдаттык менен колдонуш керек, аны колдонуш үчүн аталган ишти чечүүгө өбөлгө түзгөн мыйзам же укуктук норма *таптакыр жок болуш керек*. Айта кетчү нерсе, *кылмыш-жаза* жана

*административдик* укугунда укуктук аналогияны колдонууга катуу тыюу салынат.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 5-статьясы граждандык мыйзамдарды окшоштугу (аналогия) боюнча колдонууга уруксат берет. Бул статьянын 2-бөлүгүнө ылайык, «көрсөтүлгөн учурларда мыйзамдын окшоштугун пайдалануу мүмкүн болбогондо тараптардын укуктары жана милдеттери мыйзамдардын (укуктардын окшоштугу) жалпы башталыштарына жана маанисине, жана ак-ниеттүүлүктүн, ан-сезимдүүлүктүн жана акыйкаттуулуктун талаптарына негизделип аныкталат».

Ушул эле статьянын 3-бөлүгүндө белгиленгендей, «окшоштугу боюнча граждандык укуктарды чектеген жана жоопкерчиликти белгилеген нормаларды колдонууга жол берилбейт».

**Суроолор**

1. Укукту ишке ашыруу дегенди кандай түшүнөсүз?
2. Укукту ишке ашыруу процессинин кандай формалары бар? Аларды анализдеп бериңиз.
3. Укук колдонуу формасынын кандай өзгөчөлүктөрү бар?
4. Укук колдонуунун негизги белгилери кайсылар?
5. Укук колдонуунун кандай тепкичтерин (стадия) билесиз? Аларды анализдеп бериңиз.
6. Укук колдонуу актылары деп кандай актыларды айтабыз?
7. Укук колдонуу актыларынын негизги белгилерин жана өзгөчөлүктөрүн аныктап бериңиз?
8. Укук колдонуу актылары кандай талаптарга жооп бериши керек?
9. Укуктук кемчиликтер (пробелы), жана аларды жоюу ыкмалары?
10. Укуктук жана мыйзамдык окшоштуктар (аналогия) дегенди кандай түшүнөсүз?

## 14 БАП. УКУКТУ ТҮШҮНДҮРҮҮ (ТОЛКОВАНИЕ ПРАВА)

### 1. Укукту түшүндүрүү жөнүндө түшүнүк

Укукту турмушка ашыруу процесси сөзсүз түрдө юридикалык нормалардын маанисин, маңызын түшүнүү, укук чыгарган органдын чыныгы эркин, максатын, ал орган аталган укуктук норманы чыгаруу менен эмнени айтайын деген, алдына кандай максат койгон, анын, бул маселе боюнча позициясы, көз карашы кандай эле деген сыяктуу маселелерди чечүүнү талап кылат. Себеби, кээде укук чыгарган органдын чыныгы ой-максаты норманы жазууда, кабыл алууда жакшы, толук чагылдырылбай, көмүскөдө калып, кийин ал норма талаш-тартышты, кош пикирчиликти туудурушу мүмкүн. Ушул жагдайды укуктук, юридикалык жол менен чечиш үчүн, укук теориясында эң

маанилүү ыкмалардын, институттардын бири болуп келген *укуктү түшүндүрүү* деп аталган процесске токтоло кетишибиз зарыл.

**Укукту түшүндүрүү (тактоо)** бул укуктук актылардын чыныгы мазмун-маңызын аныктоо, алардын деңгээлин өркүндөтүүгө багытталган интеллектуалдык иш-аракет деп аныктасак болот.

Негизинен, ар бир жазуу түрүндө кабыл алынган текст, сөзсүз түрдө, *түшүндүрүү* процессине муктаж болоору шексиз. Мисалы, адабий роман, ырдын нотасы, чет тилинен котормо деген тексттер деле кандайдыр бир деңгээлде окурмандан эмне жөнүндө сөз болуп жатат, автор эмнени айткысы келген сыяктуу суроолорго жооп же болбосо *түшүнүүнү* талап кылат.

Бирок, *укуктү түшүндүрүү* процесси – бул өзгөчө, спецификалык процесс.

***Биринчиден,*** бул жерде жөн эле текст эмес, *укуктук норманын текстин түшүндүрүлүп отурат.* Укуктук норманын тексти болсо өзүнчө, башка тексттерге окшобогон мааниге, маңызга, касиеттерге ээ экени талашсыз.

***Экинчиден,*** укукту түшүндүрүүнүн негизги максаты катары ошол укуктук норманы *ишке ашыруу* болуп эсептелинет. Башкача айтканда, укуктук норма кандай *түшүндүрүлсө,* ошондой *пайдаланат, ишке ашырылат,* ушунун арты менен укуктук катнаштын субъектилеринин тагдыры чечилет.

***Үчүнчүдөн,*** официалдуу, кийин укуктук практикада чыныгы колдонулуучу түшүндүрүүнү аныкталган мамлекеттик органдар гана жасоого укугу бар.

***Төртүнчүдөн,*** түшүндүрүүнүн жыйынтыктары жөн эле талкуулоо деңгээлинде калбай, керектүү учурда, атайын кабыл алынган укуктук актылар аркылуу бекитилет. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруу Палатасы аркылуу 1998-жылдын 30-сентябрында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 60-статьясын түшүндүрүү» деп аталган атайын *мыйзам* кабыл алынган. Башкача айтканда, башка бир мыйзамдын *бир эле* статьясын түшүндүрүү үчүн өзүнчө бир *мыйзам кабыл алынып,* ал мыйзамды Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев 1998-жылдын 20-октябрына кол коюп отурат. Бул мисал менен, биз, укукту түшүндүрүү процессинин маанисине көңүл бургубуз келип жатат. Мындай мисалдар укуктук практикада көп эле кездешет. Жалпылап айтканда, укукту түшүндүрүү муктаждыгы укуктук норманын өзүнө тийиштүү өзгөчөлүктөрдөн келип чыгат. Мыйзам, укуктук норма бул *жалпы* талап, бирок *укук колдонуу* процесси конкреттүү объектке конкреттүү учурга, жагдайга багытталат. Укук колдонуучу орган ошол жалпы талапты конкреттүү объектке колдонуш керекпи же жокпу деген татаал юридикалык маселени чечүүдөн мурун, ошол мыйзамдын өзүн, анын чыныгы мазмунун, маңызын так жана айкын түшүнүш керек.

## 2. Укукту түшүндүрүүнүн ыкмалары

Укукту түшүндүрүү процесси атайын техникалык ыкмаларды, методдорду талап кылат.

**Укукту түшүндүрүүнүн ыкмасы** бул укуктук мазмун-маңызын аныктоого багытталган ыкмалардын жана методдордун биримдиги.

Укуктук теорияда төмөнкү ыкмалар пайдаланылат:

1. *Грамматикалык түшүндүрүү*. Бул ыкмада укуктук актыда жазылган сөздөрдүн грамматикалык мааниси жана маңызы аныкталат, сөздөрдүн бири-бири менен байланыштарынын тууралыгы анализделет, сөздөрдүн аталган текстте жана аталган маанide туура пайдаланылышына, чекит, точка жана башка белгилеринин тил эрежелерине жараша пайдаланылышына өзгөчө көңүл бурулат.

2. *Логикалык түшүндүрүү*. Бул методдо укук чыгарган мамлекеттик органдын логикалык ой жүгүртүүсү, ал укуктук норманын формалдык көрүнүшү эмес ички логикасы, ички маңызы аныкталат. Кээде укук чыгаруучу орган кайсы бир сөздү же терминди тексттин ичинде туура эмес колдонуп алышы мүмкүн. Жыйынтыгында, ал укуктук норманын ички логикасы бузулуп, ал норманы пайдалануу дагы, колдонуу дагы кыйынга туруп калышы мүмкүн. Логикалык түшүндүрүүдө аталган сөздүн же терминдин чыныгы маңызы жана мааниси аныкталат.

3. *Системалык түшүндүрүү* Бул методдун мааниси укуктун системдүүлүгүнө негизделет. Укук нормалары, адатта, бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, бир системаны түзөт. Ушундан улам, кээ бир нормалардын мааниси так аныкталбай калса, жардамга башка норманын мааниси жана маңызы келиши мүмкүн.

4. *Тарыхый-саясий түшүндүрүү* Ар бир укуктук норма кабыл алынып жатканда саясий, тарыхий, экономикалык бир муктаждыкка, коомдук талапка жараша кабыл алынат. Ошол үчүн кээ бир укуктук нормаларды түшүндүрүү процессинде ал норманы кабыл алып жатканда кандай саясий-экономикалык абал болгон, ал норманы сөзсүз түрдө кабыл алуусуна тарыхый кандай окуялар түрткү болду эле, аталган маселе боюнча мамлекеттин саясаты ошол кезде кандай эле, эмнеге негизделген, алдына кандай максаттарды койгон эле сыяктуу суроолорго туура жооп берүү өтө маанилүү жана натыйжалуу болушу мүмкүн.

5. *Атайын юридикалык түшүндүрүү*. Укук чыгаруу органынын эрки жана талабы укук нормасында сөзсүз түрдө ар кандай, жалпыга маалым, мааниси так аныкталган сөздөр менен бирге эле, атайын юридикалык мааниси бар терминдердин жардамы менен аныкталаары талашсыз. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексине эле кайрылсак, анда көптөгөн атайын, өзгөчө мааниси бар терминдер көп кездешет. Алардын катарына коносамент, акция, вексель, санация, командиттик шериктештик, сервитут, реквизиция, конфискация, субсидиардык жоопкерчилик жана б. у. с. көптөгөн терминдер кеңири кездешет.

Ушундай терминдердин укуктук маанисин түшүндүрүү, ал терминдин тиги же бул текстеги чыныгы маңызын аныктоо өтө татаал иш жана бул иш атайын юридикалык билимди жана тажрыйбаны талап кылат.

6. *Максаттуу (телеологическое) түшүндүрүү.* Бул методдо кайсы бир укуктук норманы туура түшүнүш жана түшүндүрүш үчүн, ал норманы кабыл алуунун негизги максатына кайрылат. Максаты бир, жазылган формасы башка болуп калышы мүмкүн. Ушундай учурда норманы кабыл алган органдын чыныгы максатын аныктаса, норманы туура түшүндүрүүгө жол ачылат.

7. *Функционалдык түшүндүрүү* Кээ бир учурларда, укуктук норманы туура түшүнүп, колдонуу үчүн ал норманы жалпы жагдайга жараша анализдөө аздык кылат. Укук колдонуучу орган аталган норманы конкреттүү мисалда *кандай маанide* колдонулушун аныкташ керек. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинде «анча оор эмес кылмыш», «кокустук», «ден-соолукка жеңил залал келтирүү», «ыплас аракеттер» деген терминдер көп кездешет. Ушундан улам төмөнкү суроолор пайда болот

- «анча оор эмес» деген сөз эмнени билдирет, кандай учурда «анча оор эмес» нерсе «оор» деген категорияга өтөт?
- «кокустук» дегенди кандай түшүнсө болот?
- «жеңил залал» дегенди кандай түшүнсө болот?
- «ыплас аракет» болсо, анда «ыплас эмес» аракет дагы болобу?

Мындай суроолор укуктук нормалардын текстинен улам, көп эле пайда боло бериши мүмкүн. Укук колдонууда жасалган мыйзам бузуунун качан, кайсы жерде, ким аркылуу, кандай шартта болгонуна жараша аталган терминдер ар кандай мааниде бааланышы жана колдонулушу мүмкүн. Андай учурда ал норма функционалдык же болбосо толук, бардык жагдайларды эске алган түшүндүрүүгө дуушар болот.

## 3. Түшүндүрүүнүн жыйынтыгы

Жогоруда анализделген ыкмалар аркылуу укук чыгаруу органдын чыныгы эркин, чыныгы максатын аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бирок, юридикалык практика үчүн *текстеги маани чыныгы маани* менен төп келеби же келбейби деген суроо өтө зарыл.

Ушундан улам укуктук норманын текстеги *көлөмү*, анын маңыз-маанисинин *көлөмүнө* төп келиш проблемасы чыгат.

Ушуга байланыштуу, түшүндүрүү процессинин жыйынтыгы катары төмөнкүлөр аныкталат:

- *Төп келүү.* Мында текстеги маани менен чыныгы маанинин ортосунда эч айырма жок. Укук нормасы кандай жазылса, ошондой түшүнүш керек, алымча-кошумчасы болбойт.
- *Кеңейтилген маани,* башкача айтканда, укуктук норманын мааниси тексте жазылган мааниден *кенен*, ал норманын маңызын кененирээк түшүнүш керек жана колдонуш керек.

- *Ичкертилген маани*, же болбосо укуктук норманын чыныгы мааниси текстеги мааниге азайтылып, ичкертилип көрсөтүлүшү абзел, жана укуктук практикада ошол ичкертилген мааниде түшүндүрүлөт жана колдонулат.

Негизи эле, тексттин мааниси менен чыныгы, укук чыгаруу органдын каалаган мааниси, укуктук нормада тоң келбей калышынын себеби, бул: укуктук максатты, идеяны, талапты жазуу формасына өткөзгөнгө сөзсүз түрдө кыйынчылыктар туулат. Мисалы, көп эле адамдар өзү жакшы түшүнүп, билип турган нерсени башка бирөөнө түшүндүрө албай кыйналганын көп эле көрүп жүрөбүз. Мында дагы ошондой эле мүчүлүштөр болушу мүмкүн.*Эң негизгиси, ойлогон ойду так, ачык-айкын, кайчы пикир жана маани жаратпаган формада укуктук норманын текстине түшүрүү болуп эсептелет. Канчалык ушул процесс жакшы уюштурулса, ошончолук деңгээлде укуктук түшүндүрүүнүн кажети жана мааниси азайарына шек жок.

## 4. Укукту түшүндүрүүнүн субъектилери

Укуктук норманы ар кайсы адам өзүнүн билимине, турмуштук тажрыйбасына, алдына койгон максатына жана башка себептерге жараша түшүнүп жана түшүндүрүп берүүгө толук укугу бар. Бирок, андай түшүндүрүүлөр эч кандай юридикалык мааниге ээ болбойт. Ошол үчүн түшүндүрүү процессин 2 топко бөлсөк болот.

*Биринчиси*, официалдуу эмес түшүндүрүү.

*Экинчиси*, официалдуу эмес түшүндүрүү

*Официалдуу* түшүндүрүү деп, биз, ыйгарым укугу бар мамлекеттик органдын түшүндүрүүсүн айтабыз.

Официалдуу түшүндүрүүнүн дагы 2 түрүн аныктасак болот.

1) *Аутентик түшүндүрүү*, башкача айтканда, ким, кайсы орган аталган укуктук норманы кабыл алса, ошол орган ал норманы түшүндүрүүгө укуктуу. Мисалы, кайсы бир мыйзамды Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу палатасы кабыл алса, ошол палата ал норманы түшүндүрүүгө укуктуу, жана ал түшүндүрүү официалдуу деп саналып, юридикалык практикада ошол мааниде колдонулат.
2) *Легалдык түшүндүрүү*. Мында официалдуу түшүндүрүүнү атайын мыйзамда так аныкталган мамлекеттик орган жүргүзөт. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 50-статьясына ылайык, Конституциясынын жоболорун официалдуу түрдө түшүндүрүү укугу Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу Палатасынын жана Эл өкүлдөр жыйынынын депутаттарынын үчтөн экиден ашкан добушу менен гана жүргүзүлүшү белгиленген. Башкача айтканда, бул маселе боюнча башка бир дагы мамлекеттик орган чечим кабыл алып, официалдуу түшүндүрүү процессин жүргүзүүгө укугу жок.

Аталган түшүндүрүүлөрдүн түрлөрүнөн тышкары, укук теориясында түшүндүрүүнүн субъектисине жараша *күнүмдүк* (обыденное) түшүндүрүү, *профессионалдык* түшүндүрүү, *доктриналдык* түшүндүрүү деген түрлөрү аныкталат

Эгер, күнүмдүк түшүндүрүүнүн субъектиси катары ар бир адам эсептелсе, профессионалдык түшүндүрүүнү адистешкен юристер, ал эми доктриналдык түшүндүрүүнү окумуштуу юристер, юрист-теоретиктер жүргүзүшү мүмкүн.

**Суроолор**

1. Укукту түшүндүрүү деген процесстин маанисин кандай түшүнөсүз, анын себептери эмнеде?

Укукту түшүндүрүүнүн кандай ыкмаларын билесиз, алардын ар бирине анализ бериңиз?

3. Укукту түшүндүрүүнүн натыйжасы кандай аныкталат?
4. Укукту түшүндүрүүнүн кандай субъектилери болот?
5. Кыргыз Республикасында мыйзамдарды түшүндүрүү кайсы органдын функциясына кирет?

## 15 БАП. УКУК ЧЕНЕМДҮҮ ЖҮРҮМ-ТУРУМ, УКУК БУЗУУ, ЮРИДИКАЛЫК ЖООПКЕРЧИЛИК

### 1. Укук ченемдүү жүрүм-турум

Коомдогу жашап жаткан адамдардын басымдуу көпчүлүгүнө укук ченемдүү жүрүм-турум таандык.

*Укук ченемдүү жүрүм-турум* – бул укуктук нормаларга төп келген, мамлекет камкордукка жана кепилдикке алган, адамдардын жана уюмдардын коомдук пайдасы бар жана аң-сезими менен жасалган жүрүм-турум.

Укук ченемдүү жүрүм-турумдар төмөнкү белгилерге ээ:

1) ал жүрүм-турум укуктук нормалардын талабына төп келет;
2) адатта, андай жүрүм-турум коомго пайдалуу мааниге ээ;
3) андай жүрүм-турумду мамлекет колдойт, кепилдикке алат жана коргойт.

Укук ченемдүү жүрүм-турумдун коомдук мааниси өтө зор, ошого карабастан андай жүрүм-турумдун ар кандай түрлөрү өзгөчө мааниге ээ экени шексиз.

**1.** кээ бир укук ченемдүү жүрүм-турумдар коомдун позитивдүү өнүгүүсүнө объективдүү *зарыл* болот. Мисалы: Ата-Мекенди коргоо, эмгектик милдеттерин аткаруу, жол кыймылынын эрежелерин сактоо жана башкалар. Мындай жүрүм-турумдар укук системасында *укуктук милдет* катары бекитилет.

**2.** башка укук ченемдүү жүрүм-турумдар коомго, мамлекетке абдан зарыл болбосо да, алардын болушу коомго *жагымдуу* десек болот. Мисалы, шайлоого катышуу, официалдуу түрдө никеге туруу, мамлекеттик кызматкерлердин туура эмес иштерине каршы арыздануу жана башкалар. Мындай жүрүм-турумдар укуктук *милдет* катары эмес, укуктук *мүмкүнчүлүк* катары белгиленет. Алардын ишке ашышы ошол укук ээлеринин эркине жана кызыкчылыгына байланыштуу болот.

**3.** мамлекетте *укук ченемдүү, коом туура түшүнгөн* жүрүм-турум болушу мүмкүн. Мисалы, жубайлардын ажырашуусу, жумушту тез-тез алмаштыруу, иш таштоо. Мамлекет мындай жүрүм-турумдардын кеңири жайылышын жактырбайт, бирок укуктук жол менен болуусуна түшүнөт жана мүмкүнчүлүк берет.

**4.** *коомго терс, коомчулук каалабаган жана жактырбаган* жүрүм-турумдар укуктук тыюу салуу нормалар менен бекитилет. Укуктук жүрүм-турумду көздөгөн субъектилер андай тыюу салынган нерселерден баш тартышы талап кылынат.

Укуктук жүрүм-турумдардын субъектисине жараша алардын төмөнкү түрлөрүн белгилеп кетсек болот:

- *Коомдук активдүү жүрүм-турум.* Мында субъектинин өтө жогорку коомдук жоопкерчилиги аныкталат, ал өзүнүн укугун абдан активдүү ишке ашырат жана калгандардан дагы ошону талап кылат.
- *Мыйзам ченемдүү жүрүм-турум.* Мында инсан өз эрки жана аң-сезими менен мыйзамдарды бузбай, алардын чегинде иш-аракет кылат.
- *Конформистик жүрүм-турум.* Мында социалдык активдүүлүк төмөн деңгээлде, адамдар «эл катары», «көпчүлүк кандай кылса, мен дагы ошондой кылам» деген принцип ишке ашат.
- *Маргиналдык жүрүм-турум.* Адам өтө төмөнкү укуктук деңгээлде болуп, *укуктук* жүрүм-турумга айла жок, мыйзамдан корккону үчүн эле барат, башкача айтканда, укук менен укук бузуунун чегинде жүрүп, түпкүрүндө мыйзамды сыйлабайт, аны бузууга дайым даяр болот. Мисалы, налогду налог органынын кызматкери артынан түшүп, тажатканда гана төлөйт. Андай мажбурлоо болбосо, албетте, төлөбөй эле коёт

## 2. Укук бузуу (правонарушение)

Укук ченемдүү жүрүм-турумга карама-каршы жүрүм-турум бул *укук бузуу*. Мындай жүрүм-турумдар коомго жат болуп, коомдогу граждандарга, мамлекетке зыян келтирет, коомдук катнаштарга башаламандык алып келип, коомдук бейпилчиликке, адамдардын жана мамлекеттин укуктарына коркунуч алып келет.

**Укук бузуу** бул аракетке жөндөмдүү субъектинин укуктук нормалардын талаптарына каршы келген, коомго зыян алып келген күнөөлүү жүрүм-туруму.

Укук бузуунун негизги белгилери:

1) Укук бузуу сөзсүз түрдө кыймыл, иш-аракет аркылуу жасалат. Албетте, кээ бир учурларда, кыймыл, иш-аракет жасабай койсон дагы укук бузушун мүмкүн. Мисалы, сенин жардамына өтө муктаж, жарадар болгон адамга жардам бербей, билип туруп таштап кетсен Кыргыз Республикасынын Кылмыш Жаза Кодексинин 121-статьясына ылайык юридикалык жоопкерчиликке тартыласын. Бирок, негизинен, укук бузуу бул *кыймыл-аракет*. Ушундан улам, иш-аракетке айланбаган ойлор, сезимдер, саясий жана диний көз караштар укук бузуу деп эсептелбеш керек.

2) Укук бузуу деп *эрктүү, адамдын эркине, ац-сезимине баш ийген гана* кыймыл-аракеттерди айтабыз. Ушуга байланыштуу, өзүн-өзү көзөмөлдөй албаган, же катуу мажбурлоого туш келген адамдардын укук бузуу иш-аракеттери мыйзам тарабынан кабыл алынбашы керек. Ушундан улам, укук бузуунун субъектиси катары *аракетке жөндөмдүү* (дееспособный) гана субъект эсептелет. Жашы жетпегендер, психикалык ооруга чалдыккандар укук бузуу субъектиси деп эсептелбейт.

3) Укукту бузган адам, ошол укукту бузуп жатканын сезип, өзүн *күнөөлүү* (виновный) деп сезиш керек.

4) Укук бузуу бул укукка, укуктук нормаларга *карины* келген иш-аракет. Башкача айтканда, укук бузуу болуш үчүн ошол *укуктун өзү*, так аныкталган укуктук норманын өзү болууга тийиш.

5) Укук бузуу бул сөзсүз түрдө *коомго зыян келтире* турган иш-аракет.

Жогоруда айтылган белгилердин жалгыз *бирөө* эле жок болуп калса, анда андай жүрүм-турум *укук бузуу* деп саналбай калышы мүмкүн. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин 8-статьясына ылайык, кылмыш деп кылмыш-жаза мыйзамында каралган, коомго коркунучтуу, күнөөлүү жана жазалануучу жосун (аракет же аракетсиздик) деп аныкталат.

Укук бузуу сөзсүз түрдө юридикалык жоопкерчиликке алып келиш керек. Ал үчүн, биз, укук бузуунун *юридикалык курамын* аныкташыбыз керек. Юридикалык курам (состав) деп биз юридикалык жоопкерчиликке алып келүүчү укук бузуунун керектүү жана жетиштүү белгилеринин жыйнагын айтабыз.

Юридикалык курамга төмөнкүлөр кирет:

1) укук бузуунун *субъектиси* (укукка жана аракетке жөндөмдүү адам же коомдук мекеме). Укук бузуунун субъектиси укукту ким бузду? деген суроого жооп берет.

2) укук бузуунун *объектиси* (коомдо баалуу деп таанылган катнаштар жана башка баалуулуктар, мисалы, адамдын өмүрү, ден-соолугу, мүлкү, ар-намысы ж. б. Укук бузуунун *объектиси* эмне бузулду, кимдин укугу бузулду, коомдогу кандай баалуулукка шек келтирилди деген суроолорго жооп берет.

3) укук бузуунун *субъективдик тарабы*, башкача айтканда, укук бузуунун субъектисинин ал укук бузууга *болгон мамилеси, көз караши*. Бул маселеде эң негизги категория катары *күнөө* деген термин колдонулат. Күнөөнүн 2 түрү болот. *Биринчиси*, билип-сезип туруп, атайылап жасалган күнөө (умысел). *Экинчиси*, байкабастыктан жасаган күнөө (неосторожность).
4) укук бузуунун *объективдик тарабы*. Бул тарапка иш-аракеттин өзү, анын укукка каршылыгы, коомдук катнаштарга зыян алып келгендиги жана иш-аракет менен ошол зыяндын бири-бири менен болгон түздөн-түз байланышы.

Ар бир укук бузуу фактысы боюнча аталган 4 тарабын аныктап, анализдеп көрүп гана, ал укук бузууга тийиштүү юридикалык жоопкерчилик колдонсо болот. *Мисалы*, *А*. деген адам *Б*. деген адамды кармап, күч колдонуп, анын үстүндөгү кийимин, чөнтогүндөгү акчасын, саатын, алтын шакегин алып кетти дейли. Бул укук бузууну талдап, анализдеп көрөлү.

**Биринчи**, бул укук бузуунун *субъектиси* катары *А*. деген адам аныкталат. Юридикалык жоопкерчиликке тартыш үчүн, ал адам жашы жеткен, аң-сезими дурус, психикалык ооруга чалдыкпаган, өзүнүн иш-аракетине жооп бере алган адам болуш керек.

**Экинчи**, бул укук бузуунун *объектиси* катары *Б*. деген адамдын ден-соолугу, жеке менчик мүлкү (кийими, сааты, акчасы) аныкталат.

**Үчүнчү**, бул укук бузуунун *субъективдик* тарабы катары *А*. деген субъектинин ошол укук бузууга болгон көз карашы жана мамилеси. Албетте, бирөөнүн кийим-кечесин, акчасын ачык эле алып коюусун *байкабастык* деп айтыш кыйын. Бул мисалда, сөзсүз түрдө күнөөнүн атайылап, билип-сезип туруп жасалганы көрүнүп турат.

**Төртүнчү**, бул укук бузуунун *объективдик* тарабы катары төмөнкүлөрдү белгилесек болот:

- иш-аракеттин өзү
- бул иш-аракет Кылмыш Жаза Кодексинин 167-статьясы (тоноо) болуп эсептелинет, башкача айтканда, ушул статьяда тыюу салынган иш-аракеттерди сактабоо дегенди билдирет.
- бул иш-аракет *Б*. деген адамга түздөн-түз зыян алып келип жатат, себеби, ал адам өзүнө тийиштүү жеке менчик болгон кийиминен, акчасынан, саатынан айрылып жатат. Мындан тышкары, бул жерде моралдык зыян дагы аныкталышы мүмкүн.
- бул укук бузуу мамлекет тарабынан коргоого алынган баалуулуктардын бири болгон *жеке менчик мүлкко* каршы жасалган иш-аракет. Ушундан улам, мындай укук бузуу жеке эле *Б*. деген адамга зыян келтирбей, анын үй-бүлөсүнө, жакындарына, жалпы эле коомдук катнаштарга зыян келтирип жатканы шексиз.

♦ *А* деген адамдын иш-аракети *Б.* деген адамдын тарткан зыяны менен түздөн-түз байланышы бар. Себеби, *А.* андай иш-аракетке барбаса, *Б.* андай зыян тартмак эмес.

Ушундай талдоодон кийин, *А.* деген адамдын иш-аракетин биз күнөөлүү, зыян алып келген, коомго коркунучтуу таасирин тийгизген, Кылмыш-Жаза Кодексинин 167-статьясында аныкталган «Тоноо» деген кылмыш деп жыйынтык чыгарып, ал адамды юридикалык жоопкерчиликке тартышыбыз керек.

### 3. Юридикалык жоопкерчилик

Юридикалык жоопкерчилик деген түшүнүктүн мазмун-маңызын аныктап, так белгилеш үчүн, биз төмөнкү нерселерди эстен чыгарбашыбыз керек:

1. Юридикалык жоопкерчилик бардык укуктук көрүнүштөрдүн формасын жана алардын ишке ашуусунун процессуалдык тартибин аныктайт.

2. Юридикалык жоопкерчилик сөзсүз түрдө *укук бузуудан* келип чыгат жана аны менен тыгыз байланышта болот.

3. Юридикалык жоопкерчилик укуктук норманын *санкциясына* байланыштуу болот.

4. Юридикалык жоопкерчилик мамлекеттин мажбурлоосу аркылуу ишке ашырылат.

Ушундан улам, *юридикалык жоопкерчиликти* өздүк, уюштуруу же мүлктүк запкы тартуу мазмунунда болгон, укук бузган субъектке колдонуучу мамлекеттик-укуктук мажбурлоо деп аныктасак болот.

Бул аныктамада запкынын түрлөрү боюнча мажбурлоо төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- өздүк (эркинен ажыратуу)
- уюштуруу (жумуштан бошотуу)
- мүлктүк (штраф, конфискация)

Юридикалык жоопкерчиликтин белгилери:

1) юридикалык жоопкерчилик сөзсүз түрдө мамлекеттик мажбурлоону талап кылат;
2) бул мажбурлоо жалпы мүнөзгө ээ эмес, андай мажбурлоо так аныкталган формада жана өлчөмдө жүргүзүлөт;
3) юридикалык жоопкерчилик укук бузуудан гана келип чыгат жана ал укук бузууну жазалоого багытталат;
4) юридикалык жоопкерчилик укук бузган субъектке запкынын кайсы бир түрүн (өздүк, уюштуруучулук, мүлктүк) тартышына алып келет;
5) ал запкынын мазмуну жана өлчөмү укуктук норманын санкциясында белгиленет;
6) мамлекеттик мажбурлоо, запкы тартуу процесстери мамлекеттик органдарынын укук колдонуу иш-аракети аркылуу гана аныкталат

жана юридикалык жактан так жана ачык белгиленген процессуалдык формаларда ишке ашырылат.

Юридикалык жоопкерчиликтин функциялары:

1. *Штраф тарттыруу, жазалоо функциясы.* Укук бузуу, кылмыш сөзсүз түрдө жазаланыш керек. Жазаланбай калынган кылмыш бул коом, мамлекет үчүн өтө коркунучтуу нерсе. Кылмышкерди, укук бузуучуну жазалоо сөзсүз түрдө анын кандайдыр бир запкы тартышына алып келет.
2. *Алдын алуу функциясы.* Бир кылмышкерди кайсы бир кылмыш үчүн юридикалык жоокерчиликке тартып жатып, мамлекет ушундай кылмыштардын алдын алат. Бул акт аркылуу мамлекет мындай кылмыштар сөзсүз түрдө жазаланышын жарыялайт жана ушундай кылмышка дагы баруучу субъектилерге ал иш-аракеттен мажбурлоо коркунучунун алдында баш тартууну сунуш кылат.
3. *Тарбиялоо функциясы.* Юридикалык жоопкерчиликке тартылган адам кандай запкыларды тартышы мүмкүн деген нерсени көрсөтүү менен, мамлекет ал жоопкерчиликтин тарбия функциясын аныктайт, коомдун башка мүчөлөрүнөн укук бузуудан баш тартууну талап кылат.
4. *Укукту кайра тургузуу (аныктоо) функциясы.* Юридикалык жоопкерчиликтин бул функциясы өзгөчө граждандык укуктарда ачык белгиленген. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 359-статьясына ылайык, эгерде милдеттенменин аткарылбагандыгы же тийиштүү аткарылбагандыгы үчүн айып төлөм белгиленсе, анда келтирилген зыяндын айып төлөм менен тындырылбаган бөлүгүнүн орду толтурулуп берилет деп белгиленген.

Башкача айтканда, келишимдин аткарылбагандыгынын кесепетинен, бирөөнүн укугу бузулса, анда экинчи тарап ал укукту кайра тургузуп, ордуна келтирип, келтирилген зыянды төлөп берүүгө милдеттүү.

5. *Жөнгө салуу функциясы.* Юридикалык жоопкерчиликтин өзүнүн эле бар болгону, коомдо бир тартипти орнотууга шарт түзөт, адамдардын катнаштарын жөнгө салат жана аныктайт.

Юридикалык жоопкерчиликтин принциптери:

1. **Калыстык,** башкача айтканда, жазалоо кылмыштын оордугуна байланыштуу болушу керек; майда-чүйдө жосундарга өтө чоң оор юридикалык жоопкерчилик жүктөлбөш керек; мыйзам күчүнө кирген убакыттан баштап келечекке гана таасирин тийгизип, андан мурунку болуп өткөн окуяларга тиешеси болбош керек; бир укук бузууга бир эле жаза туура келиш керек; укук бузуунун негизинде кимдир бирөө күнөөсүз зыян тартса, ал зыян күнөөлүү тараптан толтурулуп, төлөнүп берилиши керек жана б. у. с.

2. **Гумандуулук.** Мисалы, адамдын ар-намысына шек келтирген жазаларды колдонууга тыюу салынат.

**3. Закондуулук.** Юридикалык жоопкерчиликке тартуу укугу мыйзамда белгиленген гана компетенттик мамлекеттик органдарга берилген. Алар дагы кимдир бирөөнү юридикалык жоопкерчиликке *мыйзамда гана көрсөтүлгөн тартипте жана негизде тарта алат.*

Адамды юридикалык жоопкерчиликке тартыш үчүн, укук бузуунун составындагы (курамындагы) бардык элементтер болуш керек. Алардын бирөө эле жок болсо, андай адам жоопкерчиликке тартылбайт. Мындан тышкары, юридикалык жоопкерчиликке тартуу так аныкталган процессуалдык тартипке болот. Ал тартипти каалагандай бузууга, өзгөртүүгө алмаштырууга катуу тыюу салынат.

**4. Юридикалык жоопкерчиликтин сөзсүз түрдө ишке ашуу принциби** (неотвратимость). Кайсы бир кылмыш үчүн мамлекет тарабынан мажбурлоо чаралары мыйзамда аныкталса, анда аныкталган чаралар сөзсүз түрдө колдонулуш керек. аларды колдонбой коюуга жүйөөлүү. аныкталган. мыйзамда так көрсөтүлгөн гана себептер болушу мүмкүн. Ошол үчүн, укук бузуу сөзсүз түрдө жазага, юридикалык жоопкерчиликке алып келиш керек.

**5. Максаттуулук.** Юридикалык жоопкерчиликтин түрлөрү туура пайдаланылышы керек, ал кылмыштын жагдайына, кылмышкердин өзгөчөлүктөрүнө жараша болбосо, андай жоопкерчилик өз максатына жетпей калышы мүмкүн. Эгерде жоопкерчилик жазалабаса деле ишке ашканы туураары белгилүү болсо же аныкталса, анда мамлекет жазалоодон дагы баш тартышы мүмкүн.

Юридикалык жоопкерчиликтин түрлөрү:

1. *Кылмыш-жаза жоопкерчилиги.* Бул жоопкерчилик *жасаганда* гана болот жана *мыйзам* аркылуу гана аныкталат. Башкача айтканда, *мыйзамдан* башка бир дагы укуктук нормативдик акт тигил же бул кыймыл-аракетти, укук бузууну *кылмыш* деп баалоого укугу жок.

Кыргыз Республикасында кылмыштардын *бардык* түрлөрү Кылмыш-Жаза Кодексинде аныкталган. Кылмыш-Жаза жоопкерчилигинин тартиби Кылмыш-процессуалдык Кодексинде аныкталат.

Кылмыш-Жаза жоопкерчилигине тартуу укугу жалгыз гана *сотко* ыйгарылган. Башка бир дагы мамлекеттик орган, же анын кызматкери бул жоопкерчиликке тартууга укугу жок. Бул маселе Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-статьясында бекитилген.

2. *Административдик жоопкерчилик.* Бул жоопкерчиликтин булагы болуп Административдик укук бузуулар жөнүндөгү Кодекс эсептелинет. Мындан тышкары, бул жоопкерчилик Президенттин указдарынан, өкмөттүн токтомдорунан келип чыгышы мүмкүн. Административдик укук бузуулар мыйзамда каралган атайын мамлекеттик органдар аркылуу каралат. Алардын тизмесине соттор, ички иштер органдары, бажы органдары, санэпидемстанциялар, өрткө каршы түзүлгөн органдар, архитектура-курулушту көзөмөлгө алуучу органдар, жаратылышты коргоо органдары жана башка органдар кирет. Кыргыз

Республикасында бул органдардын арасында өзгөчө орунду ээлеген Аксакалдар Сотторун кошсок болот.

Административдик органдар эскертүү, штраф, атайын ыйгарылган укукту кайтарып алуу, административдик арест сыяктуу жазаларды колдонушу мүмкүн.

3. *Граждандык-укуктук жоопкерчилик* бул, негизинен мүлктүк келишимдерден келип чыгат жана Граждандык Кодекс аркылуу аныкталат. Бул жоопкерчиликтин маңызы келтирилген зыянды толугу менен калыбына келтирүү же төлөө болуп эсептелинет. Кээде, келтирилген зыянды төлөп берүү менен бирге штраф, пеня сыяктуу кошумча жоопкерчиликти жүктөө болушу мүмкүн.

Бул жоопкерчиликти Сот органдары (анын ичинде арбитраждык соттор дагы) жана административдик органдары тарабынан ишке ашырылат. Өзүнүн укугу бузулган адам дагы жабырлануучу катары мындай ишке катышуу укугу бар.

4. *Дисциплинардык (тартип) жоопкерчилиги.* Бул жоопкерчиликтин 3 түрү болот.

- мекеменин, уюмдун ички тартибин аныктаган эрежелерге ылайык;
- кызматтык абалы боюнча баш ийүү-башкаруу эрежелерине, тартибине ылайык. Мисалы, жумушчулар бригадирге баш ийиши керек;
- дисциплинардык уставдарга жана жоболорго ылайык. Мисалы, армияда, ички иштер органдарында.

Бул жоопкерчиликтердин өзгөчөлүгү кабыл алынган, бекитилген тартипти жана эрежелерди бузуу болуп саналат. Негизинен мындай жоопкерчиликти ошол мекеменин жетекчиси, коллегиалдык органы, наамы же кызматтык абалы боюнча жогорку тепкичте турган кызматкерлер тарабынан жүргүзүлөт.

Колдонулуучу жазалар: сөгүш, катуу сөгүш, жумуштан бошотуу ж.б.

5. *Материалдык жоопкерчилик.* Бул жоопкерчиликти атайын буйрук менен бекитилген материалдык жоопкерчилиги бар адамдар жана башка кызматкерлер, аталган мекеме, уюмга материалдык зыян келтирген учурда тартышат. Адатта, мындай жоопкерчиликке эсеп-кысап кызматкерлери (бухгалтер, кассир), күзөт кызматкерлери, коменданттар, башкача айтканда, финансылык жана материалдык баалуулуктар менен түздөн-түз иштешкен адамдар, кызматкерлер тартылышы мүмкүн.

Юридикалык жоопкерчиликке тартылбай турган жагдайлар.

Турмушта жана укук чөйрөсүндө укук бузуу чынында болуп, бирок, кандайдыр бир, так аныкталган шарттарга, себептерге, жагдайларга жараша андай субъектер юридикалык жоопкерчиликке тартылбашы мүмкүн.

Андай жагдайларга төмөнкү жагдайларды кошсок болот:

1) *Акыл-эси соо эместик* (невменяемость) психикалык оорунун кесепетинен өзүнүн аракеттерине жооп бере албаган же аларды башкара албаган абал.
2) *Коргонуу зарылдыгы* - өзүнүн же башка адамдардын инсандыгын жана укуктарын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын коомдук коркунучтуу кол салуудан коргоодо кол салган адамга залал келтирүү. Мындай жагдай сотто далилденсе, анда адам юридикалык жоопкерчиликтен бошотулат
3) *Кылмыш жасаган адамды кармоодо зыян келтирүү*
4) *Аргасыз зарылдык* башка жол менен өзүнө келтирилип жаткан коркунучту четке кагуу мүмкүн эмес болсо, анда мындай зыян келтирүү жоопкерчиликтен бошотулат. Мисалы, бирөө экинчи адамды бычак менен сайып, өлтүрүүгө аракет кылды дейли. Экинчи адам аргасыздан кылмышкерди башка таяк менен чаап, оор жаракат келтирди. Мындай жагдай сотто далилденсе, анда коргонгон адам жоопкерчиликтен бошотулат
5) Күч колдонуу же психологиялык ыкмаларды колдонуп, *мажбурлоо*. Мисалы, кароолчуну тепкилеп, сабап туруп, складын ачтырып, андагы баалуулуктарды уурулар алып кетти дейли. Мындай шартта кароолчу баалуулуктарды уурдатканы үчүн жооп бербеши керек.
6) *Буйрукту башка тескөөнү аткаруу*, башкача айтканда, өзүнүн жетекчисинин негиздүү буйругун туура аткаруунун негизинде кимдир бирөөгө залал келтирсе, анда буйрукту аткарган адам жоопкерчиликке тартылбаш керек.

## Суроолор

1. Укук ченемдүү деп кандай жүрүм-турумду айтабыз?
2. Укуктук жүрүм-турумдардын кандай түрлөрүн билесиз?
3. Укук бузуу деп кандай белгилерге ээ жүрүм-турумду айтабыз?
4. Укук бузуунун юридикалык курамы дегенди кандай түшүнөсүз?
5. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза кодексинин 180-статьясында аныкталган «Мыйзамсыз ээлик кылуу» деген укук бузуунун юридикалык курамын аныктагыла?
6. Юридикалык жоопкерчиликтин белгилери кандай?
7. Юридикалык жоопкерчиликтин кайсы функциялары жана принциптери бар?
8. Юридикалык жоопкерчиликтин кандай түрлөрү бар?
9. Юридикалык жоопкерчиликтен кандай жагдайларга ылайык бошотулушу мүмкүн?

# 16 БАП. МЫЙЗАМДУУЛУК ЖАНА УКУКТУК ТАРТИП

## 1. Мыйзамдуулук – эң негизги укуктук категория

Мыйзамдуулук деген терминдин ар кандай түшүнүктөрү укуктун теориясында кеңири кездешет. Адатта, мыйзамдуулукту мыйзамдарды так жана убагында *аткаруу*, ишке ашыруу деп түшүнөбүз. Башкача айтканда, *укук* өзүнөн-өзү өмүр сүрө албайт, анын талаптары кандайдыр бир укуктук актыларда мыйзамдарда, укуктарда, токтомдордо сөзсүз түрдө орун алып, ошол актылар аркылуу гана жарыкка чыгат, жашайт, өзүнүн функцияларын аткарат. Ошол актыларды так аткаруу бул мыйзамдуулук болуп эсептелинет.

Жогоруда айтылган түшүнүк, негизи, советтик укуктук теориясына көбүнчө таандык болуп келген. Бирок, мындай көз караш мыйзамдуулуктун толук кандуу маңызын чагылдыра албайт жана коомдук көрүнүш катары мыйзамдуулуктун бир гана бөлүгүн камтыйт. Себеби, *мыйзамдуулук* деген түшүнүк *укукту ишке ашыруу, укукту колдонуу, укук ченемдүү жүрүм-турум* сыяктуу категориялар менен тыгыз байланышкан, бирок толугу менен төп келишпейт, аталган категориялардан өзүнүн көлөмү боюнча кеңейирээк келет.

Мыйзамдуулук мазмунун 3 аспекте караса болот.

1) коомдук турмуштун «укуктук» мазмуну тарабынан;
2) мыйзамды сыйлоо жана анын талаптарын бардык субъектер тарабынан так аткаруу тарабынан;
3) адамдардын укуктарын, кызыкчылыктарын сөзсүз түрдө коргоо жана укуктук тартипти камсыз кылуу тарабынан.

Ушундан улам, «мыйзамдуулук» деген категориянын маңызы жалгыз гана *мыйзамдарды так аткаруу* процесси менен чектелбестен, мамлекеттик органдарынын мыйзамдарды түзүү, ишке ашыруу жана коргоо процесстери менен дагы байланышканы шексиз.

Эгер, мыйзамдуулукту, биз, мыйзамдарды так аткаруу деп гана түшүнсөк, анда сөзсүз түрдө төмөнкү жүйөөлүү суроолор пайда болот:

- мындай шартта мыйзамдуулук жалаң гана адамдарга (уюмдарга) тийиштүү талап болобу?
- Мыйзамдуулукту камсыз кылган укук чыгаруучу жана укук колдонуучу органдарга мыйзамдуулуктун кереги жокпу?
- Мамлекет чыгарган мыйзамдардын баары эле «мыйзамдуубу»?
- *Укук* менен *мыйзам* деген категориялар бир эле түшүнүктү билдиреби?

Ушулардан улам, **мыйзамдуулук** деп, биз, укук менен бийликтин укук менен мамлекеттин бөлүнгүс байланышын, коомдук-саясий турмуштун укуктук мазмунун жана маңызын чагылдырган көп тармактуу саясий укуктук көрүнүштү айтабыз.

## 2. Мыйзамдуулуктун мазмуну

Мыйзамдуулуктун мазмунун ачкан бир топ укуктук, юридикалык жана мамлекеттик укуктук моменттерди белгилеп кетсек болот.

1. Мыйзамдуулук укуктун *жалпы милдеттуулугу* менен тыгыз байланышкан. Мыйзамдарды так жана убагында аткаруусуз мыйзамдуулук жонундо соз болушу мумкун эмес.

2. Мыйзамдуулук бул коомдук идея, коомдук талап. Башкача айтканда, коомдо чыныгы укуктук эркиндиктер ишке ашканда, өзүм билемдиктин кандай гана түрү болбосун, ага укуктук бөгөт түзүлгөндө гана мыйзамдуулук ишке ашты десек болот.

3. Мыйзамдуулук бул коомдогу *мамлекеттик жетекчиликтин методу*. Башкача айтканда, мамлекет өзүнүн коомду башкаруу боюнча функцияларын жалаң гана *укуктук методдор* менен ишке ашырыш керек. Өзүнүн граждандарынан укукту, мыйзамдарды сыйлоону катуу талап кылып жаткан мамлекет, өзү дагы мыйзамдарды, өзүнүн граждандарынын укуктарын, эркиндиктерин, кызыкчылыктарын, ошондой эле деңгээлде сыйлаш керек жана ушуну менен эле чектелбей, аларды ишке ашыруу үчүн шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүүгө милдеттүү.

4. Мыйзамдуулук бул мамлекеттик иш-аракеттин негизги *принциби*. Мамлекет, анын бардык органдары өзүлөрү *мыйзамдуу жол менен түзүлүп*, мыйзамдардын алкагында иш-аракет кылып, ошол эле маалда мыйзамдар ишке ашуусун камсыз кылыш керек. Башкача айтканда, мыйзамдуулук бул бардык эле мамлекеттин эмес *демократиялык гана* мамлекеттин негизги принциби боло алат.

Ошону менен эле бирге, мыйзамдуулук бул мамлекеттин *максаты гана* эмес, андай мамлекеттин нормалдуу өнүгүшүнүн негизги *шарты* катары дагы эсептелиши керек. Мыйзамдуулукту толук кандуу ишке ашыра албаган, өзүнүн граждандарынын укуктарын жана негизги эркиндиктерин камсыз кыла албаган, өзү чыгарган мыйзамдарын каалагандай өзгөрткөн жана бурмалаган мамлекеттин келечегинен күмөн санаса болот.

## 3. Мыйзамдуулуктун негизги талаптары жана принциптери

Коомдук-саясий турмушта *мыйзамдуулук* көп кырдуу көрүнүш катары белгиленет. Негизинен, мыйзамдуулукту *коомдук зарылчылык* деп түшүнгөнүбүз туура болот. Бул *зарылчылык* коомдук субъектилердин алдына коюлган *талаптардын* системасында аныкталат. Аталган талаптардын бир бөлүгү адамдарга жана уюмдарга багытталса, экинчи бөлүгү мамлекеттин өзүнө, анын органдарына коюлат.

**1. Укуктук үстөмдүк идеясынын чыныгы турмушка ашырылышы.** Мамлекетте укук үстөмдүк кылыш керек. Ансыз коомдук карым-катнаш ар кандай башаламандыкка дуушар болуп, өнүгүп өспөйт. Айтылган

талап коомдогу бардык, анын ичинде майда-чүйдө катнаштардын баары эле укуктук жөнгө салуунуу талап кылат деген бүтүм чыгарбайт. Укуктук жөнгө салууга *чыныгы муктаж* болгон гана катнаштар жөнгө салынышы керек. Мындан тышкары, аталган мыйзамдар техникалык жактан айкын болуп, жөнөкөй, так сөздөр менен жазылып, көп пикирчиликти жана ички карама-каршылыкты туудурбашы зарыл.

Мыйзамдардын мазмуну жана маңызы чыныгы коомдук калыстыкты, генчиликти, гумандуулукту чагылдырышы зарыл. Ушундай шартта гана мыйзамдуулук толук кандуу орноп жана ишке ашат.

**2. Мыйзамдуулуктун үстөмдүүлүгү (верховенство закона).** Мыйзам бул мамлекеттик бийликтин жогорку органы тарабынан кабыл алынган укуктук-нормативдик акт. Ушундан улам, мыйзамдуулук биринчи иретте мыйзамдын коомдогу үстөмдүүлүгү менен байланышкан. Мыйзамга каршы кабыл алынган укуктук актылар сөзсүз түрдө жокко чыгарылышы абзел.

Мамлекетте эң жогорку юридикалык күчкө ээ укуктук акт бул ал мамлекеттин Конституциясы. Калган *бардык* укуктук актылар ошол Конституцияга, анын жоболоруна жана талаптарына ылайык келиши керек.

**3. Мыйзам алдында бардыгы тең.** Бул өтө маанилүү талап. Мамлекетте жашаган адамдардын бардыгы мыйзам алдында бирдей милдетке жана бирдей укукка ээ болуш керек, ар биринин граждандык укуктары жана негизги эркиндиктери мамлекет тарабынан бирдей деңгээлде корголушу керек.

**4. Укук колдонуу органдарынын өз функцияларын аткарууга толук мүмкүнчүлүк түзүү.** Бул органдар экономикалык, уюштуруу жана башка мүмкүнчүлүктөргө жараша өз функцияларын аткарууга мүмкүнчүлүккө ээ болушу зарыл. Кандайдыр бир себептерди шылтоо кылып, алар өз ишин аткарбаса, анда анын кесепети, сөзсүз түрдө, жөнөкөй граждандарга тиет. Себеби, мамлекет граждандарга укукту гана бербестен, ал укуктарын ишке ашырууга шарт түзүп бериш керек. Көпчүлүк учурда мамлекеттик органдар жөнөкөй граждандардын укуктарын ишке ашыруу үчүн гана түзүлөт. Ушундан улам, ал органдар доомат кылбай , өз ишин бийлик үчүн эмес, эл үчүн аткарыш керек.

**5. Укук бузуулар менен чечкиндүү күрөшүү.** Мыйзамдуулукту чыныгы ишке ашыруу үчүн, бир дагы укук бузуу фактысы четке кагылбай, учурунда жазаланып, ал фактылар изилденип, себеби аныкталып мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алынышы зарыл.

**6. Мамлекеттик кызматкерлер тарабынан укук бузуу, өзүм билемдик фактыларын четтетүү.** Мамлекеттик бийлик, чындыгында, конкреттүү мамлекеттик кызматкерлер тарабынан жүргүзүлөт. Бул, негизи эле, мамлекетти түзүүнүн негизги принциптеринин бири. Ушуга байланыштуу, мамлекеттик кызматкер тарабынан, жөнөкөй ггражданды укугун тебелеп-тепсөө мүмкүнчүлүгү бар экени шексиз.

Алар. тигил же бул мамлекеттик чечимди кабыл алууда. өзүнүн гана пайдасын кызыкчылыгын ойлошу мүмкүн. Мыйзамдуулукту чыныгы туткан мамлекетте мындай фактыларга өзгөчө мамиле болуп. мамлекеттик кызматкерлерге өзгөчө талап коюлуш керек. Бул коррупцияга каршы күрөшүүнүн бир эффективдүү ыкмасы болуп эсептелинет. Мисалы. Кыргыз Республикасында мамлекеттик кызматчыларга өзгөчө талап коюлуп. ал талаптарды аныктаган атайын мыйзам жана Президенттин Указдары жарыяланган. Ал нормативдик актыларга ылайык. мамлекеттик кызматчылар ишкердүүлүк менен алек болууга укугу жок. жыл сайын өзүнүн кирешелери жөнүндө салык инспекциясына декларация тапшырып турууга милдеттүү. алардын коомдук жүрүм-турумуна. карым-катнашына өзгөчө этикалык талаптар коюулуп. катуу көзөмөлгө алынышкан. Бирок. тилеке каршы. мамлекеттик кызматкерлердин арасындагы коррупция. ар кандай кылмыштар. укук бузуулар мамлекеттин экономикасына. адеп-акыбалына. коомдук моралга көп өлчөмдөгү зыян келтирип, эң чоң проблемалардын бирине айланып баратканы дагы жашыруун эмес. Бул маселени чечүүдө ар кандай экономикалык. укуктук. уюштуруу чаралары дагы көрүлүүдө.

## 4. Мыйзамдуулуктун кепилдиктери (гарантии законности)

Өзүнүн коомдогу. мамлекеттеги чоң маанисине карабастан. практика көрсөткөндөй мыйзамдуулук өзүнөн-өзү эле коомдо орнобойт. ал үчүн өзгөчө шарттар жана ар кандай экономикалык. идеологиялык. саясий. укуктук. уюштуруучулук иш-чаралар керек экени талашсыз. Ушулардын баары биригип *мыйзамдуулуктун кепилдиктерин* аныктайт.

Мыйзамдуулуктун кепилдиктерин 2 топко бөлүп карасак болот.

1. Жалпы шарттар.
2. Мыйзамдуулукту камсыз кылган атайын ыкмалар.

Жалпы шарттар деп төмөнкүлөрдү айтабыз.

*Экономикалык шарттар.* Мыйзамдуулук коомдо чыныгы орнош үчүн. ал коомдун. мамлекеттин экономикалык чөйрөсү жакшы уюшкандыкта өнүгүп. акча-кредит системасы. экономикалык байланыштар. өндүрүш мекемелери стабилдүү болушу абзел. Өндүрүштүн төмөндөп кетиши. экономиканын кризиске учурашы. инфляциянын өсүшү. акчанын наркынын төмөндөшү. баалардын өсүшү - бул сөзсүз түрдө мыйзамдуулуктун басаңдашына ар кандай кылмыштардын өсүшүнө алып келет.

- *Саясий шарттар.* Туруктуу мыйзамдуулуктун эң негизги кепили - бул күчтүү мамлекеттик бийлик. Мамлекеттик бийликтин күчү армиянын же мажбурлоо аппаратынын саны менен аныкталбайт. Чыныгы күч ал бийликтин калың элдин ишенимине татыктуу болуусунда. ал бийликтин мыйзамдуулугунда. Ушундай бийлик гана аны шайлаган. ишенген элге таянып. кылмыштуулукка каршы ачык жана

натыйжалуу күрөшө алат. Мындай күрөш кыска мөөнөттүн ичинде эле жакшы жыйынтыкка алып келбешин түшүнүктүү. Бирок, мамлекеттик бийлик убакытты жөн эле сөздөргө, кылмыштуулукка каршы күрөшүмүн эттей, чыныгы күрөштү ишке ашырыш керек.

Бул маселеде эң чоң кыйынчылык мамлекеттик бийлик өзүнүн катарындагы кызматкерлердин арасындагы кылмыштуулукту токтотуушта. Мүнсүз, андай бийлик элдин ишенимінен айрылып, коомдо анархия жана башаламандык орношуна толук мүмкүнчүлүк түзүлөт.

- *Идеологиялык шарттар.* Мыйзамдуулуктун деңгээли, сөзсүз түрдө, элдин саясий, укуктук жана жалпы маданиятына байланыштуу болот. Мыйзамдуулукту, чындыгында, аң-сезимди, мыйзамга, укукка болгон талапты, мамилени оңдобой туруп, орнотуш өтө кыйын. Ал үчүн укуктук пропаганданын, укуктук тарбиянын жакшы уюшулган системасы керек. Өзгөчө, бул маселеде, мектептерде, окуу жайларда жакшы деңгээлде коюулушу зарыл. Идеологиялык чөйрөдө бош чөйрө же, башкача айтканда, вакуум болбойт. Укуктук жактан позитивдүү идеологияны түзө албасак, анда сөзсүз түрдө кылмыш, укук бузуу принциптери, идеологиясы адамдардын аң-сезиминде өзүнүн орчундуу ордун ээлейт.
- *Социалдык шарттар.* Адамдардын өтө оор социалдык шарттары, жумушсуздук, турмуштук деңгээлинин төмөндүгү, сөзсүз түрдө, кылмыштуулукка алып келет. Себеби, адам, мындай шартта, айласы жок, мыйзамсыз жолдорду жана ыкмаларды издей баштайт, күнөөнүн баарын башка социалдык же улуттук топко жүктөп, социалдык башаламандыкка жол бериши мүмкүн. Мыйзамдуулук социалдык жактан стабилдүү, улуттар аралык ынтымагы бар коомдо гана орношу мүмкүн.
- *Укуктук шарттар.* Саясий-укуктук көрүнүш катары мыйзамдуулук жалпы укуктук жана мыйзамдык системасынын деңгээлине жараша болушу дагы айдан ачык. Укуктук система толук, стабилдүү жана жоопкерчиликтүү болуусу зарыл, анда жогорку деңгээлдеги юридикалык-процессуалдык нормалар колдонулушу керек. Эң негизгиси укуктук системанын өнүгүүсү жалпы турмуштук тажрыйбалардан жана талаптардан артта калбай, калыстык, гумандуулук, мыйзамдуулук сыяктуу принциптердин негизинде жүргүзүлүш керек.

*Мыйзамдуулукту камсыз кылуудагы атайын ыкмалар* бул жалаң гана мыйзамдуулукту көздөгөн юридикалык жана уюштуруу ыкмалары.

Бул ыкмаларды дагы 2 топко бөлүп карасак болот:

1) юридикалык ыкмалар
2) уюштуруу ыкмалар

*Юридикалык ыкмаларга* төмөнкүлөрдү кошсок болот:

- укук бузууларды *аныктоо* ыкмалары. Буга прокуратуранын, ички иштер органдарынын, Конституциялык Соттун ж. б. органдардын ишмердүүлүгү кирет.
- укук бузууларды *алдын алуу* (профилактика) ыкмалары. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 121-статьясына ылайык, кесиптик бирлик же жумушчулардын тешелүү окулчулугу органы менен алдын-ала макулдашылбай туруп жалдоочунун демилгеси боюнча эмгек келишимин токтотууга жол берилбейт. Мындай макулдашуунун жалгыз бир максаты мыйзамсыз жумуштан бошотууну алдын алуу;
- укук бузууларга *жол бербөө* ыкмалары. Бул ыкмаларга камакка алуу, тинтүү, мыйзамсыз актыларды жокко чыгаруу сыяктуу ыкмаларды мисал кылсак болот,
- коргоо жана бузулган укуктарды кайра орнотуу чаралары. Буларга алимент мыйзамсыз бошотулгон адамды кайра жумушка коюу жана б. у. с. чараларды кошсок болот;
- юридикалык жоопкерчилик;
- процессуалдык гарантиялар, башкача айтканда, мыйзамдуулукту камсыз кылуу процесси, так, ачык, мыйзамда аныкталган гана процессуалдык формаларда болушу зарыл;
- эң негизги юридикалык гарантия бул *сот системасынын ишмердүүлүгү*.

*Уюштуруу гарантиялары* (ыкмалары) деп, биз, мыйзамдуулукту чыңдоодогу ар кандай чараларды айтабыз. Алардын арасына кадрлык, уюштуруу араларды кошсок болот. Алардын жогорку деңгээлде уюштурулушу укук коргоо органдарына жакшы шарт түзүп берип, алардын кылмыштуулукка каршы күрөшүүсүнө өбөлгө болушуна шек жок.

## 5. Укуктук тартип (правопорядок)

Мыйзамдуулук укуктук корүнүш катары укуктук тартип менен тыгыз байланышкан. Бул категориялар бири-бири менен аябай окшош, бирок ошол эле маалда өзгөчөлүктөргө дагы ээ.

**Укуктук тартип** – бул коомдун өнүгүүсүнүн аныкталган этабында орун алган, коомдук катнаштардын сапаттык абалын чагылдырган, *укук менен мыйзамдуулукка* негизделген коомдук турмуштун уюшкандыгы.

Башкача айтканда, укуктук тартип – бул:

- коомдук турмуштун тартиптүүлүгү жана уюшкандыгы;
- бул тартиптүүлүк укуктук нормалардын негизинде аныкталат;
- укуктук тартип укуктук жөнгө салуунун жыйынтыгы болуп эсептелет;
- бул тартипти мамлекет камсыз кылат.

*Укуктук тартиптин принциптери.*

- *ачык-айкындуулук.* Укуктук тартип божомолдорго эмес, так аныкталган укуктук нормаларга негизделет жана таянат. Бул жерде ар кандай субъективдик көз караштарга жол берилбейт
- *системдүүлүк.* Укуктук тартип жалгыздаган нормалардын жыйыны эмес, бул бири-бирине тыгыз байланышкан, бирине-бири таасир эткен укуктук системаны камсыз кылуу болуп эсептелинет
- *уюшкандык.* Укуктук тартип өзүнөн-өзү эмес, мамлекеттин уюштуруучулук ишмердиги аркылуу гана орнотулат
- *мамлекеттик кепилдик.* Укуктук тартип мамлекеттин карамагында жана жоопкерчилигинде болуп, ишке ашырылат
- *туруктуулук.* Укуктун, мыйзамдуулуктун негизинде түзүлгөн жана мамлекеттин күчү менен орнотулган укуктук тартип өзүнүн туруктуулугу менен айырмаланат. Ал туруктуулукту бузууга катуу мамлекеттик бөгөт коюлат.
- *биримдүүлүк.* Аталган укуктук тартип мамлекеттин ар кандай бурчунда бирдей маанисте ээ болот жана бирдей ыкмалар менен ишке ашырылат, бардыгына бирдей талап коюлат

**Ошентип, мамлекет укуктук тартиптин негизги элементи дагы, негизги шарты дагы, негизги уюштуруучусу дагы болуп саналат. Башкача айтканда, укуктук тартип – бул укук менен бийликтин биримдиги. Бул тартиптин алкагында коомдук, саясий жана мамлекеттик катнаштарынын субъектилеринин укуктук абалдары мыйзамдар аркылуу так аныкталат жана мамлекеттик бийликтин күчү аркылуу корголот.**

## Суроолор

1. Мыйзамдуулук дегенди кандай түшүнөсүз, бул терминди анализдеп бериңиз?
2. Мыйзамдуулуктун мазмунун кандай түшүнүктөр аркылуу аныктаса болот?
3. Мыйзамдуулуктун негизги талаптары жана принциптери кайсылар?
4. Мыйзамдуулуктун кепилдиктери кайсылар? Жалпы шарттардын жана атайын ыкмалардын мазмунун түшүндүрүп бериңиз.
5. Укуктук тартип дегенди кандай түшүнөсүз?
6. Укуктук тартиптин кандай принциптерин билесиз? Аларды анализдеп бериңиз.
7. Кыргыз Республикасындагы мыйзамдуулук жана укуктук тартип боюнча кандай ойлорунар, пикирлериңер, сунуштарыңар бар?
8. Кыргыз Республикасында адам укуктарын коргоо боюнча атайын ыйгарым укутуу мамлекеттик орган болуп эсептелген Омбудсмендин кандай зарылчылыгы бар, ал органдын негизги функциялары кандай болушу керек? Сиздин оюңуз.

# СЕМИНАРЛАРДЫН ТЕМАЛАРЫ ЖАНА ПЛАНДАРЫ

*Тема 1.* **Мамлекеттин жана укуктун теориясынын предмети жана методу.**

1. Мамлекеттин жана укуктун теориясы жөнүндө түшүнүк.
2. Мамлекеттин жана укуктун теориясынын предмети.
3. Мамлекеттин жана укуктун теориясынын гуманитардык жана коомдук илимдеринин арасындагы орду.
4. Мамлекеттин жана укуктун теориясынын методдору.

**Адабияттар**


Венгеров А.Б. Значение археологии и этнографии для юридической науки./ Советское государство и право. 1993. №3.

Гаврилов О.А. Математические методы и модели в социально-правовом исследовании. М.. 1976.

Гаврилов О.А. Стратегия правотворчества и социальное прогнозирование. М.. 1993.

Гревцов Ю.И. Очерки теории и социологии права. Спб. 1996.

Жалинский А.Э. Основы профессиональной деятельности юристов. Смоленск. 1995.

Козимирчук В.П. Право и методы его изучения. М.. 1965.

Карбонье Ж. Юридическая социология. М., 1986.

